## Замира Юлдашева

# Тагдыр



2018

*Замира Юлдашева*

# *Тагдыр*

КАРА-КӨЛ ШААРДЫК
КИТЕПКАНАСЫ
ОКУУ ЗАЛЫ
Инв. № 1434

*Жалал-Абад – 2013*

**Бул китептеги чыгармаларды берилип окуган адам андагы каармандардын ордуна өзүнүн жакын адамдарын же тааныштарын коюп, өзү да чыгармалардагы окуяларга аралашып жүргөндөй, каармандар менен жүзмө-жүз сүйлөшүп жаткандай сезип, баш каармандар кайгырса кошо кайгырып, кубанса кошо кубанып отураары шексиз. Бул нерсе автордун жазуучулук жөндөмүнөн кабар берип, окурмандын жүрөгүнүн төрүнө жол таба алгандыгын айгинелеп турат.**


*Юлдашева Замира Турсуновна*

**"ТАГДЫР"**

*адабий басылма*

*Редактору – Абдумуктар Исраилов*

*Компьютерде калыпка салган – Хуррам Газибаев*



*© Юлдашева З. Т.*



*Жалал-Абад – 2013*





# *Жетимишинчи жылдардын илеби*

Урматтуу окурман, ушул китеп колуңузга тийген экен, албетте анын барактарын бирме-бир ачып, ичиндеги чыгармаларын көңүл коюп окуп чыгууну сизге сунуш кылат элем. Анткени бул китептеги чыгармалардан өткөн кылымдын жетимишинчи жылдарынын илеби келип, ошол мезгилдеги айыл турмушу көз алдыңызга элестеп тургансыйт.

Айтайын дегеним өткөн кылымдын жетимишинчи, сексенинчи жылдарында өлкөбүз болуп көрбөгөндөй гүлдөп өнүккөн эле. Азыркыдай компьютердин, уюлдук телефондун заманы болбогону менен элдин көңүлү ток заман эле ал кезде. Ошол өнүккөн өлкөдөгү карапайым айыл калкынын бейпил жана эч нерседен бейкапар турмушу, айылда жашаган адамдардын таза дили, ачык көңүлү, жаштардын тунук сүйүүсү жөнүндө автор өзүнүн чыгармаларында баяндап отурат.

Чыгармалар татаал философиялык ой жүгүртүүлөрсүз, ар бир окурманга түшүнүктүү жөнөкөй, жатык тил менен жазылган. Ошондуктан бул китепти окуу үчүн жана анын маани-маңызына түшүнүү үчүн окурмандан эч кандай даярдык деле талап кылынбайт. Колуңузга тиери менен шыр эле окуп кете берсеңиз болот.

Анан дагы бир өзгөчөлүгү эч кандай уруш-мушташсыз, согушсуз, эротикалуу эпизотторсуз эле чыгармалар жетерлик деңгээлде кызыктуу жазылган. Андыктан бул китепти тааныштарыңызга, досторуңузга эле эмес, уул-кыздарыңызга да белек кылып берүүдөн тартынбайсыз. Буга китепти толук окуп чыккан соң өзүңүз жүз пайыз ынанасыз деп ойлойм.

Автордун чыгармачылык ишине ийгиликтерди каалоо менен мындан ары да ушундай китептерди жарата берүүсүнө тилек билдирип калам.

**Абдумуктар ИСРАИЛОВ,**
*Кыргызстан журналисттер союзунун мүчөсү.*

*****

“Тагдыр!”... айта келсең эки муундан турган бир сөз. А бирок тереңирээк ойлонуп талдап көрсөң ошол сөздүн ичинде канча азап, канча кубаныч... ошондой эле тагдырда турмуш чоң роль ойнойт эмеспи?! Турмуш айта келгенде бир сөз. Чечмелеп келсек тургандын башына тийчү муш. Ошол муштан бой жетип өзүңчө жашоо жолуна түшкөнүңчө ата-энең калкалап, коргоп келет. Жашоо жолуна түшкөнүңдө сен ошол турмуш менен чоң майданда күрөшөсүң.

Сен жыгыласың, кайра турасың. Төбөңө дагы муш келип тиет. Сен мүдүрүлбөскө аракет жасап, өзүңдү кармап, күчүңдү жыйнап каршылык көрсөтөсүң. Ата-энең четте карап турушат. Сага кайрат бере акылын айтып күчүңө күч кошушат. Ал эми шайтан сенин алсырап баратканыңды карап турат да, сени азгырып кетүүгө айла издейт. Ал сага “Жүр мени менен. Мен сага жыргал жашоону көргөзөм”, - деп чакырат. Шайтандын азгырыгына азгырылып нечен пенде түз жолдон адашып жүрүшпөйбү. Кээде мени да азгыргысы келет, “Мен сага оңой жашоону көргөзөйүн, жүр мени менен” – дейт. Кээде ээрчип кете жаздайм. Ошондо акылым мени кармап калат. – “Эсиңди жый, сен Аллаанын пендесиң, демек күрөштө жеңишиң керек”, - дейт. Мен кайра күрөшүүгө өтөм. Жэ жеңем, жэ жеңилем.

Эх, турмуш! Таш боордугуң койсоңчу. Бир азыраак боорукер да болсоңчу.

**Автор.**



# Ыр жыйнактары

## *Тагдыр*

Кээде олтуруп оюм онго бөлүнөт,
Тагдыр деген табышмактуу көрүнөт.
Азабы бар, асылы бар дүйнөнүн,
Карап турсаң жашоо ширин өңдөнөт.

Кыйынчылык түшө калса азырак,
Чыдабастан кайгыга бат алдырат.
Пенде деген жаралган го ушундай,
Бачым эле шайтаныңды азгырат.

Бакыт кушун тосуп алып алакан,
Суктандырып бүт бардыгын караткан.
Далай сырын ачып берип тагдырдын,
Таалай тартуу кылып келген жараткан.

Тирүүлүктө ойлор болот азгырган,
Бийик туруп карасаң көз талдырган.
Кайгысы да, күлкүсү да туш келет,
Туулдуң болду, качалбайсың тагдырдан.

## *Кыргыз көнгөн тоо-ташка*

Абасы таза бир башка,
Суусу тунук көк кашка.
Казы, карта казанда,
Кыргыз көнгөн тоо-ташка.

Аскадан кийик уулаткан,
Капталдан жылкы айдаткан.
Тартуулап бешик төрлөрүн,
Кыргызды тоого жараткан.

## *Ар бир жанга келет өлүм кезеги*

Өттү чиркин өмүрлөрдүн нечени,
Ойноп-күлгөн күндөр кайда кечеги.
Кайгырсаң да кайра келбес билип ал.
Таң аткан соң, күндүн батар кезеги.

Түндө учат жылдыздардын нечени,
Ким санаптыр, канча анын эсеби?
Жылдыз сымал учту жандар адамдан,
Ар бир жанга келет өлүм кезеги.

Бул жалганда кылымдан бар эзелки,
Бири келип, бири кайра кетери.
Жаратkандын жазганы бар ар кимге,
Бири эрте, бири кечтеп кетери!

## *Кимде күнөө*

Окуучубу, мугалимби же мейман,
Көзүм жетпейт, кимиси ким – таң калам.
Мектеп толо кыз-келиндер кийинген,
Шымчаны бар, узун юбка модадан.

Окуучуну таанибайсың бир көрүп,
Кетишиптир ушунчалык өзгөрүп.
Жасаныптыр тойго азыр барчудай,
Же болбосо сахнага чыкчу өңдөнүп.

Күнөө кимде, Замандабы, Адамда?
Суроолор көп, жообу жок санаамда.
Оо, жараткан ыйман бер деп суранам,
Келечектин мураскору жаштарга.

## *Оо турмуш, татаал белең*

Оо турмуш, ушунчалык татаал белең,
Кыйналып келем сенин жолуң менен.
Жеңээрмин же жеңилем, билбейм азыр,
Чарчабайм күрөшүүдө сени менен.

Оо турмуш, мейли салгын мени отко,
Мейли мени куйкала кызыл чокто.
Билгиниң, бирок турмуш бир нерсени,
Баш ийбейм мен сага дале болсо.

Сен турмуш билем жеңдиң далайларды,
Сен билесиң кыйноону адамдарды.
Арасында алардын өжөрү бар,
Билгиниң жеңе албайсың сен аларды.

Мен да турам зор майданда билек түрүп,
Оо турмуш, чыга албайсың мени сүрүп.
Канчалык чапсаң дагы белден алып,
Бой көтөрүп, эл ичинде жүрөм күлүп.

## *Сырларым*

Булак элем оргуштаган бир кезде,
Эми минтип суусуз соолуп турамын.
Табыйгаттын кереметтүү сырындай,
Бүчүр байлап ачыла элек убагым.

Келээр деймин унут калган ал күндөр,
Жок дегенде шам чырактай бүлбүлдөп.
Жарыгына ошол жанган чырактын,
Жетээр кезим келээр менин күн-түндөп.

## *Акыйкат*

Имамдан көз көрүнө ыйман кетти,
Жаштардан уят менен намыс кетти.
Көмүскөдөн сатып жеп эл бактысын,
Эл ишенген сотуңдан калыс кетти.

Ак жеринен бир байкуш кетип барат,
Арман-ай кантейин, деп атаганат.
Алсырап айласыздан жашын төгөт,
Күнөөсүз баратам – деп түрмө тарап.

Күнөөлүлөр эркиндикте доор сүрөт,
Сыртыңдан карап алып сага күлөт.
Сатып алып бир байкуштун эркиндигин,
Уялбастан жер үстүндө басып жүрөт.

Оо жараткан пенделериң бузулганбы,
«Акыйкат» деген сөздү унутканбы?
Зомбулук өкүм сүрүп жер үстүндө,
Шайтаның бийлик тагын чын курганбы?

Алсыздар бир өзүңдөн үмүт үзбөйт,
Ак-карасын таразалап берет ко дейт.
Арыз-муңун айта албай эч бир жанга,
Акыйкаттын жеңиш күнү келет ко дейт.

## *Абышкалар*

Эки абышка көл жээгинде олтуруп,
Ички сырын бир-бирине айтышат.
Эскерип алыс калган шок күндөрүн,
Санга чаап бирин-бири каткырышат.

Чыкса да күлкүлөрү чын дилинен,
Толуп турду жүрөгүндө «арман» деген.
- Эх чиркин, – дешти экөө улутунуп,
- Жашоонун эң жыргалы жаштык белем.

Абышкалар отурушту божурашып,
Кээде сүйлөп кээде үнсүз тунжурашып.
Көлдө сүзгөн жаштарга күлүп карап,
Отурушту абышкалар сугун артып.

Колдорунда алардын аса таяк,
Турушту бирин-бири жөлөп-таяп.
Бара жатты абышкалар жайбаракат,
Коюшуп арт жагына улам карап.

## *Күлбө, жигит*

Жигиттер сүйүү баркын билээр бекен,
Аял затын көздөрүнө илээр бекен.
Же арнап «тоок сүйүү» ар бирине,
Жүрөктөрүн жаралатып күлөөр бекен.

Күлбө жигит жүрөккө канжар сайып,
Өзүңө сай, ал канжарды сууруп алып.
Билээрсиң сүйүү күчүн сен ошондо,
Турганда жүрөгүңдөн тамчы агып.

## *Болсун*

Жолборс жылы ылайым жолдуу болсун,
Ийгиликке жеткире колдоп турсун.
Алдырсын, алдыртпасын. Ар адамга
Жыл ичи кубанычка чексиз болсун.

Сүйүү болсун сезимдер өчпөс болсун,
Ар бир үйдө ырыскы, кенен болсун.
Улуу-кичүү урматтап бирин-бири,
Биримдик – ынтымагы бекем болсун.

Жер үстүндө бейпилдик-тынчтык болсун,
Дасторкондор шириндик, нанга толсун.
Жакшылыкта жолугушуп адамдар,
Күнүгө тойлор болуп, шаңга толсун

## *Акчаң болсо*

Чыныгы дос каалар сага байлыкты,
Таң калба дос, заман башка азыркы.
Акчаң болсо сатылат ко дүйнөдө,
Намыс, абийир, жер үстүндө бардыгы.

Акчалууга азгырылат кыздарың,
Сатылат ко чындык менен жалганың.
Барбы деги бул жалганда ким билет,
Азгырбаган акча деген шайтаның.

## *Кара-Көлүм*

Далайларды суктандырып көркүң менен,
Кара-Көлүм жаштыктын сен шаары элең.
Күндө басып жүрсөм да көчөңдөн мен,
Көркүңө көзүм тойбой кубанчу элем.

Байкалбай жылдар өтүп аралыктан,
Кара-Көл шаар болдуң унутулган.
Көргөндө аянычтуу көчөлөрүң,
Окшоттум абышкага карып калган.

Дубанага окшоду куу талдарың,
Жол жээгинде тизилип тургандары.
Кол сунуп ары-бери өткөндөргө,
Жардам эле алардын суранганы.

Үмүт үзүп турганыңда «Буйрук» келди,
Жашылдансын айлана тегиз! – деди.
Кетмен, күрөк колго алып кайрат менен,
Жалпы элиң кызматка шаңдуу келди.

Сенин багың ачылып Кара-Көлүм,
Кайрадан сага келди жаштык көркүң.
Жаркырап түнкү шамдар жанып турса,
Жаштыгымды эске салат көчөлөрүң.

# *Мекеним*

Мекеним, кең Кыргызстан аска-тоолуу,
Койнунда асыл кен бар, жибек жолдуу.
Сырлары жатат кылым ачылбаган,
Берекеге толуп турат дасторкону.

Кучагын кенен жайган меймандарга,
Орун жок ниети бузук душмандарга.
Тынчтыкты сүйүп келген эзелтеден,
Ак батасын берип келген баатырларга.

Манастай эр-азамат бизден чыккан,
Бакай ата акылманын элим уккан.
Сайкалдай сулуу кыздар кем калышпай,
Күрөшкөнүн майданда далай жыккан.

Ала-Тоо кайрат берип кыргызыма,
Суктанган Ак-падыша акылына.
Курманжан Датка чыккан элибизден,
Сулуу да, баатыр болгон чындыгында.

Мекенимдин жомогу көп түгөнбөгөн,
Ата-бабам эзелтеден айтып келген.
Ырдалат дастан болуп, эпос болуп,
Уккандар түбөлүккө унутпаган.

Мекеним Кыргызстан коздугу,
Көргөндүн жүрөгүнөн орун алган.

## *Тагдыр, мени аябадың*

Тобуна жете албаган,
Куш болдум жараланган,
Көкүрөгүм муңга толо,
Соолуп турам ыйлай албайм.

Тагдыр мени неге албадың,
Кыйноодон сен тажабадың.
Кайрысаңда канатымды.
Көктү карай талпынамын.

Кол шилтээрде баарына мен,
Жөнөтөсүң үмүттү сен.
Тээ алыстан бүлбүлдөгөн,
Бактымды издеп келем.

Тең карабай сен пендеңди,
Шылдыңдайсың күндө мени.
Бала сымал ойнотосуң,
Кээде ыйлатып соороттосуң.

Өчүң барбы тагдыр, эмне?
Өгөйлөйсүң мени неге.
Кечирип кой суранамын,
Эгер күнөө болсо менде.

## *Аралап учуп барам аппак карды*

Көргөндө аппак карды эшиктеги,
Балалыгым көз алдыма элестеди.
Отургузуп чанасына кыялдардын,
Мезгил мени тээ алыска жетеледи.

Тигине биздин айыл ак кар баскан,
Угулат шаңдуу үндөр көчө жактан.
Тоготпой кыш чилдесин, кубанычтуу,
Көрүнөт улан-кыздар ойноп жаткан.

Балалык кыялдарга кээде батып,
Асманга тиктечүбүз жерге жатып.
Кубалашып айды көздөй сүзчү элек,
Күлкүбүз жааган карды, түндү жарып.

Ал аңгыча чакырган үндөр чыкчу,
Энелер издеп бизди барып калчу.
Жеткирбей асмандагы айга бизди,
Жолубузду тороп далай алып калчу.

Кээде укпай үндөрдү биз чакырган,
Чыбык алып энелер ачууланган.
Бир жумуш бүтпөй чала калгансып,
Күндөр болчу, оюнга биз тойбой калган.

Азыр да тиктеп турам жааган карды,
Айга учуп жетким келди асмандагы.
Унутуп улгайганым бир заматта,
Аралап учуп барам аппак карды.

## *Кош бол жаштыгым*

Сүрөтүмө тигилип жаш кездеги,
Ойго батам эскерип өткөндөрдү.
Кыялдын тулпар атын минип алып,
Кууп жетсем дедим ошол күндөрдү.

Ал кезде эркин учкан куш элем,
Арман эмне түшүмдө да көрбөгөн.
Жаңыртып талааларды күлкүм менин,
Жаштыгым ажырабас менден дегем.

Күлкүчү кыз элем жаштар арасында,
Иштечүбүз кең пахта талаасында.
Чарчоо эмне билбестен эртели-кеч,
Бөлөчүбүз талааны биз күлкү-шаңга.

Маңдайымда үнсүз сүрөт жалдырайт,
Тиктегенде жүрөк чиркин калтырайт.
Муңга толуп көкүрөгүм ан сайын,
Сагынычтын жашы көздөн тамчылайт.

Тиктей тойбой сүрөтүмө суктанып,
Жүрөгүмдө арман оту күч алып.
Аргасыздан дедим – «Кош бол жаштыгым»,
Жашын төгүп көздөрүмдөн кусалык.

## *Баш ийээрсиң тагдырга, Сужетта*

Тээ алыста балалыгың элес-булас,
Эстегенде жетүүгө кылдың далбас.
Өттү өмүр, чиркин эми кайрылбас,
Ким бар дейсиң бул дүйнөдө кайгырбас.

Курбум сен да армандуусуң билемин,
Кусалыкты жүрөгүңө түйгөнсүң.
Турасың эки айрылыш жол башында,
Биле албай кайсыл жолдон барышың.

Бир кезде сен секелек кыз элең,
Сукташышып далай жигит жетпеген.
Тагдыр буйруп насибиңди Кыргызга,
Келгенсиң тээ алыстан, чет өлкөдөн.

Ким билди заман мындай болоорун,
Жакындарды ажыратып коёрун.
Бел байлапсың канат кагып учууга,
Сага ак жол, бирок бизди унутпа.

Ууртуңда күлкү, көзүңдө жаш тегеренет,
Жүрөгүң кайгы-муңга тебеленет.
Ажырашуу кандай оор көрүнүш,
Айла канча адам баарын көтөрөт.

Тагдырыбыз бир Кудайдын колунда,
Биз билбейбиз эмне күтөт алдыда.
Армансыз бул дүйнөдөн өткөн барбы,
Асыл курбум сен тагдырга таарынба.

Кара-Көл шаардык
китепканасы
окуу залы
Инв. № 1434

## *Тагдырым тайкы беле?*

Бала кезден кыялга мен көп баткам,
Тилегиме жетүүгө көп арзыккам.
Элестетип жомоктогу чоң бакытты,
Эртерээк чоңойсом деп ашыккам.

Мезгил өттү, аткан октой зымырап,
Шаштырган үмүт улам камчылап.
Заматта бой жетип мен чыга келдим,
Маңдайыңда жылдыз жанат жаркырап.

Суктанды сүйүү арнап далай жигит,
Бирине да койбоду жүрөк жибип.
Чанып келип, туш болдум капысынан,
Бир жигитке көрбөгөн кызды сүйүп.

Адаштымбы же тагдырым тайкы беле,
Салды мени түгөнбөгөн мээнетке.
Азабын тартып нечен кыйналсам да,
Жашап келем үмүттүн жетегинде.

Каргыш жетпес – каргышына махабаттын,
Алкыш жетпес – алкышына махабаттын.
- деген сөз чындык экен эми билсем,
Чанып жүрүп далайын, кайгы таптым.

Тагдырым тайкы беле жаралгандан,
Көрбөдүм ырахатын алган жардан.
Ал тургай, жазганым не жаратканга,
Бегене да коркпой мага жалаа жапкан.

Тартып түйшүк, үшкүрүнүп келемин,
Деги качан ырахатын көрөмүн.
Же арманда кетеминби көз жумуп,
Жалган болуп бул дүйнөгө келгеним.

# *Бейтааныш жигитке*

Келе жатсам жумушумдан сен карайсың,
Үйдөн чыксам көчөгө сен узатасың.
Табышмактуу бей тааныш сулуу жигит,
Жүрөгүмдү калтыратат көз карашың.

Жол жээгинде жолум карап отурасың,
Сырдуу сенин мени карап жоодурашың.
Кандай айла кылаарымды билбей келем,
Күнүгө сен жүрөгүмө ой саласың.

Көргөнүмдө тоготмоксон болуп коём,
Ичимден мен сулуу жигит сени ойлойм.
Айтсаң боло эжекеңди көп кыйнабай,
Макул десең жан сырдашың өзүм болом.

Аттиң эми тагдыр экен кантмек элек,
Бере албаймын ак сүйүүмдү кылып белек.
Кечигип сен жаралыпсың бул дүйнөгө,
Тагдырымдын таш боордугу ушул демек.

Бейтаанышым мен өзүңдөн суранамын,
Жүрөктөгү жараны сен ырбатпагын.
Сүйүүдөн, жараланган мен бир байкуш,
Жоодур карап эжекеңди кыйнабагын.

## *Түн болду менин сырдашым*

Түн кирсе жымыңдашат көктө жылдыз,
Олтурам ойго батып түндө жалгыз.
Жүрөгүмдү ээлеп алган жалгыздыктан,
Кутулуунун жолун таппай турам алсыз.

Көктөн жылдыз көзүн кысат сооротКондой,
Жүрөгүмө кайра үмүт ойготкондой.
Сырдаштык сыйкырына азгырылам,
Жалгыздыкты сезимимден жоготкондой.

Түн болду түбөлүккө жан сырдашым,
Кайгымды тең бөлүшкөн курбалдашым.
Көздөрүмдөн өпкүлөп, түнкү жел да,
Эркелетип сылагансыйт саамай чачым.

## *«Багбанымды кайдан табам»*

Гүл элем бүчүр байлап жаңы ачылган,
Көркүм менен айлананы суктандырган.
Кулпунуп бой созгондо көктү карай,
Шагымдан сындырылдым капысынан.

Күндөн-күнгө соолуп барам,
Мен элиме суроо салам.
Жүрөгүмө гүл өстүрчү,
Багбанымды кайдан табам?

Эми мен кайра көктөй аламынбы?
Бүчүр байлап гүлүмдү мен ачамынбы?
Баш ийип тагдырымдын жазганына,
Эл ичинде жалгыз бойдон каламынбы?

## *Алдангам убадаңа*

Сен айлыңа кеткениңде мени таштап,
Калган элем өзүңсүз жалгызсырап.
Сен башкага үйлөнгөнүң уккан кезде,
Отурдум жар башында жалгыз ыйлап.

Аябадың күлгүн курак жаш кезимди,
Ойлободуң күнөөсү жок наристени.
Наразымын жалгыз сага, махабатка,
Алдангам сенин берген убадаңа.

Үшкүрүнүп ойго батам айла таппай,
Эч бир жанга жүрөктөгү сырды айтпай.
Энеси бар, атасы жок наристемди,
Кантип айтам ата-энеме мен уялбай.

## *Күн тартуулайт*

Таң атат, күн мээримин тегиз чачып,
Пендесине жакшылыктан кабар айтып.
Караңгылык ээлеп алган жүрөктөргө,
Үмүттүн өчпөс жарык нурун чачып.

Башталып дагы бир күн пендесине,
Жетелейт түгөнбөгөн мээнетине.
Азгырат бир сырдуу күч байкалбаган,
Тартуулап күлкү-кайгы ар бирине.

Күн батты кыя албай адамзатты,
Күлмүңдөп тартуулап ал ырахатты.
Коштошуп көзүн кысат ар бирине,
Келерин таң менен ал айтып жатты.

## *Классташтар*

Эстегенде классташтар өзүңөрдү,
Сагынамын окуучулук күндөрүмдү.
Кездешип силер менен мурдагыдай,
Уккум келет тамашалуу сөзүңөрдү.

Он жылды ошондо биз көп көргөнбүз,
Барктабастан балалыкты өткөргөнбүз.
Эми минтип мезгил улам өткөн сайын,
Арман менен ал күндөрдү эскеребиз.

Кайдасыңар кагылайын классташтар,
Канат кагып кай тарапка учкансыңар.
Келгиле кезигишип, сырдашалы,
Тарасынчы жүрөктөгү сагынычтар.

## *Сүйүү келет*

Сүйүү келет – адамзатка айттырбастан,
Сүйүү келет – кары-жашка ылгабастан.
Сүйүү келет – таңдагы күн нурундай,
Ойготуп жүрөктөрдү уктап жаткан.

Сүйүү келет – айлананы шаңга бөлөп,
Кубандырып жашоого үмүт берип.
Сүйүү келет – махабат гүлүн ачып,
Түбөлүккө өчпөстүн шамын жагып.

Сүйү келет – жүрөгүңдү толкундатып,
Адамзатка жакшылыктан кабар айтып.
Сүйүү келет, сүйүү келет кээ бирөөнө,
Түбөлүк жүрөктөрүн жаралантып.

## *Кут болсун 50 жашыңыз*

Мезгил учуп билинбестен зымырап,
Талашкандай сизден жашты туюлат.
Жүрөк согот бир калыпта жаңылбай,
Али жашмын деп айткандай угулат.

Канткен менен жарым кылым өтүптүр,
Жашыңыз да 50 жашка жетиптир.
Татып көрүп ачуусун да таттуусун,
Чачыңызды бубак басып кетиптир.

Эстегенде өткөн жаштык мезгилди,
Кайтып келбес ошол жыргал кездерди.
Өкүнөөрсүз арман күүсүн черткилеп,
Канткен менен кош айтышар кез келди.

Элүүгө сиз эми жетип келипсиз,
Ашуусу бар жүз деп коет билесиз.
Ошондуктан белди бекем бууп сиз,
Кайрат менен кадам каюп жетерсиз.
Жетмек түгүл жеңемди да жетелеп,
Ал ашууну шашпай ашып өтөсүз.

## *Жүрчү мени унутпай*

Кайгырамын өткөн күндү мен эстеп,
Үмүт үзбөй бир өзүңдү келет деп.
Сагынамын саргаямын күн сайын,
Күтө берем жолуң карап эрте кеч.

Өзүңдү күтө берем айлап-жылдап,
Сенин айткан сөздөрүңдү миң кайталап.
Мага берген убадаңды сен унутуп,
Кеттиңби башка менен мени таштап.

Сенин күлкүң издейм элдин ичинен,
Караанынды таппай сыздайм ичимден.
Күндөн-күнгө сагынычым артылып,
Келбегендей сезилесиң кечиксең.

Мейли эми тагдыр экен ушундай,
Учуп кеттиң, жаздын келгин кушундай.
Кайда жүрсөң аман болгун сүйгөнүм,
Суранаарым жүрчү мени унутпай?

## *Жигитке*

Сен дедиң бир тыйын деп бул дүйнөнү,
Сөзүңдүн арты жаман түшүнгөнгө.
Сен жаша бирөө үчүн жаның үрөп,
Сүйдүргүн, сүйө билгин бул дүйнөдө.

Дүйнө бул – байлык эмес сен айтмакчы,
Дүйнө бул – жашоо, сүйүү билгендерге.
Дүйнөдө сүйүп жаша сен бирөөнү,
Сени да сүйөрүн бил кимдир бирөө.

Сүйүүнү сен бир күнү түшүнөөрсүң,
Түшүнбөсөң сүйүү отун өчүрөөрсүң.
Сен сүйгөн жүрөктөрдү алдап жүрүп,
Мезгил келет бир күнү өкүнөөрсүң.

Ойло жигит, түбөлүгүң ойлонгун,
Жүрөктөрдү жаралантып койбогун!
Бир тыйындык сүйүү болбос бул дүйнөдө,
Анчалык сен таш боор жигит болбогун!

# *Махабатым издеп келем*

Өткөн күн, көргөн түштөй элес-булас,
Эстесем ал күндөрдүн жыргалы аз.
Өкүнөрүм – өмүр өттү кайрылбастан,
Жаштыктын ырахаты болбой мурас.

Сүйүүнүн ырахатын көрө албадым,
Махабаттын дайрасын кече албадым.
Сүйүнгөнүмө жете албай ара жолдо,
Өз тагдырым убагында чече албадым.

Жашап келем бул жалганда айлап-жылдап,
Күн сайын күтүп келем жүрөк сыздап.
Изденем эл ичинен кымбатымды,
Түнт токойдо адашкан жүрөк ыйлап.

Ичсем сүйүү суусундугун канмайынча,
Сүйсөм дейм, жүрөк кабын жармайынча.
Күтөмүн, күтө берем өмүр бою,
Жүрөгүмдүн мырзасын тапмайынча.

# *Арабызда бирөө бар*

Өтсө да пайгамбар жаш курагынан,
Карылыгы өзүнө түк сезилбеген.
Бетине кармап алып ак сакалын,
Тынч жаткан элге бүлүк салып келген.

Тойбоду Кудай берген малга дагы,
Талашты, алсыздардын жерин алды.
Баш ийбей бийликтеги адамдарга,
Баштады чыр-чатакты абдан салды.

Бир айыл кууп чыкса батырбастан,
Бир айыл кабыл алды байкабастан.
Таштабай анда дагы жооруктарын,
Баштады тополоңду кайра баштан.

Чиренип байлыгына кирилдеди,
Мыйзамды мына өзүм билем деди.
Коркутуп сотун дагы прокурорун,
Мыйзамды төбөсүнөн тебеледи.

## *Өлбөс менин жоругум*

Армандамын айта албаймын сөз менен,
Кете албаймын көздү жумуп дүйнөдөн.
Бирок мен да пендесимин Алланын,
Өз билгенин эч бир жанга бербеген.

Кээлер айтар көрсө мени жинди деп,
Мен аларга тарынбаймын жемелеп.
Төрөлгөндө берген мага мүнөздү,
Таштаар күндү айткылачы ким билет.

Оңол дебе оо туугандар суранам,
Мен да өтөрмүн кезек келсе ааламдан.
Бирок өлбөс менин кыял жоругум,
Эстеп жүрөр тирүү калган адамдар.

## *Жибек жолу*

Баратам, баратам мен жибек жолдо,
Машинанын чоң рулун кармап колго.
Мен айдоочу алыс сапар аттанган,
Билбеймин эмне күтөт мени жолдо.

Барамын мен тоо аралап көк тиреген,
Башында ак жоолугу желбиреген.
Көк асман турат мага сугун артып,
Кубалашып ойносом шамал менен.

Кеземин мен, нечен түнү уктабастан,
Өткөн күн, келер күндү санабастан.
Газ басам, мен ансайын кубанамын,
Жүрүп турса машинам бузулбастан.

## *Жаз келди*

Жаз келди жамгыр менен нөшөрлөнгөн,
Мөңгүлөр сайда агып өжөрлөнгөн.
Жаз келди байчечекей гүлүн ачып,
Булактар тоо койнунда мөлтүрөгөн.

Бактагы булбул куштай ырдап-боздоп,
Жаз келди жүрөктөргө сүйүү козгоп.
Жаз келсе кулпунушат кыз-келиндер,
Тоо койнунда жаңы ачылган гүлгө окшоп.

Толкунданам толукшуган жаз демине,
Ойгонуп бир сырдуу күч сезимимде.
Турамын тойбой тиктеп айланамды,
Таркабай сагынычым жүрөгүмдө.

## *Учуп жетем сезимимде*

Дүйнөнү мен аралап кетсемби дейм,
Сүйүүмө бир заматта жетсемби дейм.
Суктандырып көргөндөрдү бактым менен,
Бул жалгандын бейишинде өтсөмбү дейм.

Асмандабы, жердеби менин мырзам,
Издеймин үмүт үзбөй, билем табам.
Ал да мени балким издеп жүргөндүр,
Жолугарбыз жомоктогу ыйык жайдан.

Ишенимдин оту күйүп жүрөгүмдө,
Аз күндөр калган чыгар кезигүүмө.
Элестетсем ошол күндү көз алдыма,
Куш сымал учуп жетем сезимимде.

## *Оңолобу шаарыбыз*

Айланасын аска-тоолор курчаган,
Арыз-муңун бир Кудайда укпаган.
Жашайт мында жакшысы да, жаманы,
Жамандарын кара жер да жутпаган.

Кээ бирөөлөр байлыгына мас болуп,
Жоо таппастан бир байкушка кас болуп.
Тынч жашатпай, тапканына ээ кылбай,
Тоголонуп жолун торойт таш болуп.

Чиновниктин оозу, мурдун майлады,
Колго алды сот-прокурорун жайлады.
Чүлүк салып мурдун тешип соттордун,
Жетеледи, баспаганын айдады.

Менменсиреп көкүрөгүн чапкылап,
Көздөрүнөн заары турат чачырап.
Челип азыр жиберчүдөй атылып,
Мыйзамга да коркпой сүйлөп тап кылат.

Байлыгына – түгөнбөйт деп ишенген,
Ак сакалын бетке кармап чиренген.
Карыса да беш парызын аткарбай,
Бул дүйнөгө түркүк болчу өңдөнгөн.

Аз эмес ко мындай биздин шаарда,
Карысы да, билими бар жашы да.
Оңолобу дүйнө эмес шаарыбыз,
Арабызда жаман адам барында.

## *Гүл ордуна сунайын!*

Алгач күнү кадам койсо наристелер,
Кучак жайып тосуп алат эжекелер.
Мээрин төгүп баласындай бапестеп,
Таанытып келечекти, билим берер.

Мектеп болуп экинчи үйү балдардын,
Мугалимдер ата-энеси алардын.
Тарбиялап ачып билим сырларын,
Такшалдырган сыноосуна тагдырдын.

Эже-агайлар силер билим булагы,
Окуучулар суусаган тоо улары.
Билим суусун кана ичип жетилсин,
Көк тиреген чынар терек сыңары.

Куттуу болсун мугалимдер майрамың,
Ден соолукту, ийгиликти каалаймын.
Чын жүрөктөн урматтап өзүңөрдү,
Ырдестемди гүл ордуна сунайын.

## *Жалган дүйнө*

Күндөр өтөт, күндөр өтөт,
Күлкү-кайгы бирге өтөт.
Бул турмушту жеңем десең,
Азап менен өмүр өтөт.

Кел курбулар күлөлүчү,
Жыргал өмүр сүрөлүчү.
Жаратканым бул жалганда,
Кечирсинчи күнөөбүздү.

Күндөр өтөт, күндөр өтөт,
Кимдер келип кимдер кетет.
Бул жалгандын мейманыбыз,
Кезек келсе өмүр өчөт.

Жалган дүйнө ушул дүйнө,
Аракет кыл өкүнбөскө.
Оо дүйнөгө кетериң чын,
Жатарсың сен жер түбүндө.

## Бир адам жолдо келет жалгыз басып

Бир адам жолдо келет алсыз басып,
Жүдөгөн ал турмуштан азап тартып.
Келе жатат улам токтоп улутунуп,
Көзүнөн аккан жашын арчып-арчып.

Оо Жараткан ал адамда өчүң барбы,
Ал байкушту бул азапка неге салдың?
Жоготсо да бар байлыгын бул дүйнөдө,
Жашоодон үмүтүн ал үзө албады.

Ал адам бул дүйнөгө неге жаралды,
Тирүү туруп тозок отун аралады.
Кутулуп ал тозоктун чеңгелинен,
Жашоонун ырахатын көрө албады.

Бир адам жолдо келет жалгыз басып,
Жүрөгүнө кайгынын муңун артып.
Чыдабай ал жашоонун кордугуна,
Келе жатат тагдырына наалат айтып.

## *Сен болсоң*

Гүл болсоң гүлүн ачкан жазгы таңда,
Жыпар жытың аңкып турган айланага.
Мен болоюн сүйүү арнап бир өзүңө,
Сайраган булбул кушу ошол таңда.

Сен гүл болсоң тоо койнунда ачылган,
Жытың аңкып мени өзүңө азгырган.
Мен болоюн ошол кезде бал аары,
Кучагыңда тойбой жытың жыттаган.

Эгер болсоң сен көктөгү толгон ай,
Сулуулугуң караңгыга нур чачкан.
Толкунданып тойбой тиктеп өзүңдү,
Акын болсом өзүңө арнап ыр жазган.

## *Жамгыр менен сырдашуу*

Кыйналам ойго батам,
Мен үйдө жалгыз жатам.
Тереземе жааган жамгыр,
Окшойт жашка көздөн аккан.

Терезомден сыртты карап,
Кусалыгым дагы артат.
Жамгыр менен сырдашамын,
Жараланган жүрөк сыздап.

Мен ыйласам кошо ыйлап,
Жаткан сымал көңүл улап.
Бак-дарак да башын ийип,
Үн катпастан турат карап.

# *Баары жалган*

Жараткандан сурап жардам,
Жашап келет нечен адам.
Эртеңкиге үмүт улайт,
Билсе дагы баары жалган.

Жалган пенде баскан жолу,
Жалган билсең анын ою.
Жалган тапкан байлыктары,
Жалган күлүп ыйлаганы.

Жалгандыгын мойнуна албайт,
Жашайт пенде өзүн алдайт.
Эске салсаң өлүм бар деп,
Жаман көрөт тилиң албайт.

Оо дүйнөнү – десең чындык,
Ишенишпей дешет жалган.
Шайтаныңдын баары жалган,
Шашпа пенде сөзүң жалган!

Досмун дейсиң мунуң жалган,
Жоошмун дейсиң аның жалган.
Алдап жейсиң далайларды,
Акмын дейсиң сөзүң жалган.

Тили ширин карап турсаң,
Ээритчүүдөй ташты жаткан.
Суугa салып сууруп алсаң,
Курук чыгат андай адам.

Чын жүрөктөн сүйөм деген,
Жигиттердин сөзү жалган.
Турмуш деген капканы бар,
Бул дүйнөндүн өзү жалган.

# *Ак сүйүүмдү алдадың*

«Сүйөм»- дедиң, сүйө албадың,
Убадаңда тура албадың.
Мени алдап көз көрүнө,
Жок дегенде уялбадың.

Сен өзүңдү тыя албадың,
Антка бекем тура албадың.
Тебелетип төшөгүңдү,
Түбөлүк жар боло албадың.

Сага сүйүүм тунук эле,
Жашап атың жүрөгүмдө.
Алдаарыңды билбестен мен,
Эңсеп сени келдим эле.

Көктөөр беле сынган дарак,
Салдың неге жүрөккө дак.
Ак сүйүүнү бетке кармап,
Келдиң беле мени алдап.

Кошкун эми таарынбагын,
Сүйөмүн деп жалынбагын.
Ишене албайм сөздөрүңө,
Мен өзүңдөн жаңылганмын.

## *Махабаттын кызыл гүлү*

Жылдыз толуп асманда,
Ай жарыгын чачканда.
Эрчише басып эки жаш,
Сүйүү сырын ачканда.

Ааламга берип керемет,
Түн бешигин терметет.
Бакыт каалап ай дагы,
Нур төккөндөй сезилет.

Суу жээгин экөө бойлошуп,
Суу чачышып ойношуп.
Кээде калат тиктешип,
Жүрөккө сүйүү козгошуп.

Суктандырып ааламды,
Сулуулук ээлеп алганбы.
Сүйдүргөн эки жүрөктү,
Сүйүүнүн күчү жалганбы.

Сүйүү рахат, сүйүү кайгы,
Сүйгөнүнө жеткен барбы.
Сүйүү дайра түпсүз терең,
Сүзүп коркпой өткөн барбы.

Кайрып ырдап ак сүйүүнү,
Комуз үнү басылбасын.
Кылымдарга соолубасын,
Кызыл гүлү махабаттын.

## *Алкыш айтам*

Эне жолун жолдогон,
Эл камын дайым ойлогон.
Чарчаганын билдирген,
Бир күнү да болбогон.

Колу жеңил, өзү шайыр,
Эл ичинде ээлейт кадыр.
Жүрөгү ак, халатындай,
Тиш доктору жигит бардыр.

Жалал-Абат шаары кенен,
Мында көп го врач деген.
Өзгөчөлүү мүнөзү бар,
Врач иштейт Эрик деген.

Тиш доктуру, нары юрист,
Элди көрөт баарын тегиз.
Бой көтөрүү анда болбойт,
Ден-соолукту тутуп негиз.

Тишиң ооруп барып калсаң,
Бир туугандай тосуп алган.
Бал тили бар кичи пейил,
Ыраазы болоор ага барган.

Эрикти мен мактап жазам,
Энесине рахмат айтам.
Эмгегине эл кубанткан,
Жүрөгүмдөн алкыш айтам.

## *Таш боор белең*

Окшотуп мен өзүңө бир адамды,
Соккон жүрөк заматта токтоп калды.
Байкалбай денем муздап ошол мүнөт,
Кан жүрбөй, таштай болуп катып калды.

Турган эле жаш жигит магазинде,
Орто бойлуу, ак көйнөгү ийнинде.
«Кудай» – дедим ошондо үнүм чыкпай,
Бул өзүбү, же көрүнгөн элесиби.

«Ал эмес» деди бир үн кулагымда,
Эстен танып эми гана кулаарымда.
Оо Жараткан жарамды не тырмадың,
Жаңы гана орду бүтүп баратканда.

Ыйладым, бирок жашым чыкпады,
Элесиң жүрөгүмдү тынчытпады.
Эркелеткен ошондогу ширин сөзүң,
Кайталанды кулагымда уктатпады.

Оо сүйүү ушунчалык таш боор белең,
Максатыңбы жүрөктөрдү кыйноо деген.
Тартуулап кубанычты убактылуу,
Түбөлүк кыйнагыдай мерез белең.

# *Кыздарым*

Кыздарым кымбат баалуу асылдарым,
Кубандырып берген мага Жаратканым.
Кыздарым үмүтүмдүн өчпөс оту,
Бактым менин кубантар жыргалдарым.

Ачылган түркүн гүлүм гүл бакчамда,
Көңүлүм көтөрүлөт жыты аңкыса.
Көрбөсөм сагынамын жүрөк сыздап,
Күндө көрсөм батамын кубанычка.

Бактысын күндө сурайм Жаратқандан,
Ак батаңды аяба деп Олуямдан.
Умай эне пири өзүң аял заттын,
Сактагын кыздарымды сен азаптан.

Сүйгөнүнө жетишип күтсүн бүлө,
Жары менен өмүр сүрсүн түбөлүккө.
Бала көрсүн уул-кызга үйү толуп,
Ошондо мен жетермин тилегиме.

## *Бакыт менмин сен издеген*

Бактыңды табасың сен, изде дешет,
Үмүт үзбө, ал бир күнү келет дешет.
Мээнет кыл ансыз сага бакыт кайда,
Бакыт үчүн чарчабай күрөш дешет.

Издедим эгин эгип талаалардан,
Аралап нечен элдин арасынан.
Издедим шаар, айыл, кыштагынан,
Калбады адыр-тоолор мен баспаган.

Чарчадым издеп жүрүп бакыт сени,
Унутуп калсаң керек ошол пендеңди.
Кулагыма шыбыраган үн угулду,
Мындан артык бакытты тапчы деди.

Ден-соолукту аябай берди бакыт,
Ата-эне, бир тууганды кубандырып.
Кадыр-барк эл ичинде сен ээлеген,
Бала көрдүң энелик мээр табып.

Дагы берди өнөр-талант ченебеди,
Эл үчүн кызмат кыл деп милдет берди.
Ырыскы чачты сага түгөнбөгөн,
Бакыт ушул сен издеген, көрчү деди.

# *Неге ичет аракты*

Неге ичет аракты,
Ошол да жакшы тамакпы.
Ичкенди дароо мас кылат,
Тамтаңдатат жаш кылат.

Сөзү жакпай кишиге,
Баркы кетет ишине.
Аны бир аз ойлойбу,
Аракты ичпей койбойбу.

Ушул кыйын заманда,
Ичип алуу жаман да.
Эсиңди жый кичине,
Арактын түшпө ичине.

Замандаш ичпе аракты,
Ошол болбос тамакты.
Ичип алып аракты,
Тарттың го нечен азапты.

Аракты ичип аласың,
Тантып бир сүйлөп каласың.
Эртеси сурап кечирим,
Башыңды жерге саласың.

## *Жашагын сен адашпай*

Өткөрдүм турмушумду азап менен,
Алданып болоор-болбос ырахатка мен.
Өттү чиркин балалыгым кайрылбаган,
Күн болбоду мен үчүн кайгырбаган.

Аядым душмандардын уу сөзүнөн,
Аяп жүрүп жаш өмүрүм өткөргөм.
Акым барбы өз бактымды ойлоого,
Калган жашым бейкуттукта өткөрсөм.

Сүйөм деген сөздөрүңдү көп уктум,
Убадаңа кулагымды толтурдуң.
Күтүп жүрүп өткөрдүм го өмүрүмдү,
Кантейин калып барат көңүлүм.

Дедиң мага оңоломун ишенгин,
Билем дедиң күнөөңдү сен өзүңдүн.
Бирок да күчүң жетпей өз эркиңе,
Кур бекерге убакытты өткөрдүң.

Ойлоп-ойлоп, ой түбүнө жете албай,
Же кол шилтеп өз өмүрүм кече албай.
Ара жолдо турам алсыз айла жок,
Акыл калчап бир чечимге келе албай.

Балким күнөө менден өттү ким билди,
Эми кош бол жолубуз эки бөлүндү.
Жашагын сен экинчи ирет адашпай,
Табарсың сен бул жашоодо теңиңди.

# *Кармашсын бакыт кушун*

Суктандырып көргөндөрдү сулуулугуң,
Элестеткен көлдөгү ак куу кушун.
Албыра жүздөрүнөн нур төгүлөт,
Тартуулап кубанычты элге бүгүн.

Турмушка кадам коюп мына бүгүн,
Жаңы жашоо жолуна экөөң түштүң.
Тоскоолдор көп учурайт күтүлбөгөн,
Эки жаш коркпой аны басып өткүн.

Бүгүн болуп тоюңарга биз да күбө,
Каалайбыз ынтымакты экөөңөргө.
Ажырабай кармашкан колдоруңар,
Бактылуу жашагыла түбөлүккө.

Ата-энеси болгула уул-кыздын,
Көрбөгүлө жамандыгын турмуштун.
Көтөрүлүп эл ичинде зоболоңор,
Кармагыла келечектин бакыт кушун.

## *Эки жаш*

Ак тилек ак жол тойду бүгүн баштап,
Ата-энелер жетине албай кубанышат.
Жарашып эки жаш да бир-бирине,
Көргөндөрдүн көз кумарын алышат.

Ак тойго күбө болуп келгендер көп,
Суктанып эки жашты көрөлү деп.
Чын жүрөктөн бакыт каалап эки жашка,
Аянбастан ак батаны берели – деп.

Арасында ошолордун биз да келдик,
Ак тойдо ырыскыга болуп шерик.
Тартуулап чын жүрөктөн эки жашка,
Ушул ырды арнадык кылып белек.

Эки жаш кол кармашып түбөлүккө,
Өмүр сүрсүн бактылуу бул дүйнөдө.
Көрүшсүн уул-кыздын урмат сыйын,
Жакшылыгын көп көрсүн бул өмүрдө.

## *Кыргызымдын тоолору*

Кыргызымдын тоолору катарлашкан,
Бой керип бир-бирине атаандашкан.
Биринен–бири бийик, бири кооз,
Көргөндү көркү менен суктандырган.

Улары учса аскадан, үнү шаңшып,
Ак кары аска тоонун көркүн ачып.
Боорунда арча токой жарашыктуу,
Кокту-сайда гүлкайыр жыты аңкып.

Койнунда шылдыраса булактары,
Чөбү асыл табылгыс, ыйык даары.
Көргөндө кереметин тоолорумдун,
Жүрөгүмдөн оргуп чыгат ыр саптары.

## *Эки жаш*

Кудай кошкон эки жаш,
Ээрчишип нечен ашуу аш.
Азапты далай жеңээрсиң,
Аман болсо алтын баш.

Бириңди-бириң кызганбай,
Ушак сөзгө ууланбай.
Жашай билгин түбөлүк,
Ак сүйүүңдү булгабай.

Алы-күчүң барында,
Эмгектин болгун багында.
Тагдыр жолу татаал жол,
Мүдүрүлүп чалынба.

## *Жаңы жылым*

Жаңы жылды күтөт элим үмүт менен,
Болбосо экен жаңы жылда күйүт деген.
Кирип келчи жаңы жылым жалпы журтка,
Кучагыңа толтурулган бакыт менен.

Жаңы жылым келе кой, мен да күтөм,
Бакыт кушу консо дейм өзүң менен.
Эски жылды узатып өкүнбөстөн,
Алга кадам таштайлы сени менен.

Үмүт менен күтөт элим сени бүгүн,
Жакшылыктын шамын жагып кирип келгин.
Ырыскы, ынтымакты ала келип,
Береке, кут эшигин ачып бергин.

## *Бишкегим*

Бишкегим бийлеп алдың жүрөгүмдү,
Өзүңдөн тапкан элем сүйгөнүмдү.
Ыйыксың теңдеши жок Бишкегим сен,
Тартуулаган элге нечен берекеңди.

Жетсем дейм мен өзүңө күндө оолугуп,
Кубансам сүйгөнүмө мен жолугуп.
Ак сүйүүм сенде калды борбор калаам,
Кыйналам, жете албай мен томсоруп.

Алгач сүйүү ойготкон жүрөгүмдө,
Ыйык тутам өзүңдү түбөлүккө.
Жолуктуруп сүйгөнүмдү күбө болчу,
Ажырагыс түгөй кылып түбөлүккө.

# *Сүйүү барбы, ким билет*

Сүйүү барбы бул жалганда ким билет,
Бирөө жүрөт көрүнгөндү сүйөм деп.
Айткылачы сүйүү кайда жашынган,
Чын сүйүүнү жомоктордо кылат кеп.

Сууруп чыгып ал жомоктон сүйүүнү,
Ким бере алат тартуу кылып өзүмө.
Же болбосо алыс сапар аттанып,
Кетсемби дейм жомоктордун ичине.

Уктай албайм ойго батам миң түркүн,
Түшүнө албай бар же жогун сүйүүнүн.
Эгер сүйүү бул дүйнөдө болбосо,
Анда сөзү кайдан чыкты сүйүүнүн.

Сүйүү бар деп нечен акын ыр жазат,
Сүйүү арнап жигит кызга жанашат.
Анда неге, кээ күндөрү карасаң,
Сүйгөндөр да бирин-бири алдашат.

## *Болчу өзүң дартка дабаа*

Көргөнсүп мен өзүңдү биринчи күн,
Кулагыма жагып турду шыңгыр үнүң.
Тиктедим көзүм албай келбетиңди,
Жактырдым назик, шайыр мүнөзүңдү.

Байкабай неге жүрдүм башта сени,
Байладың жипсиз менин жан дүйнөмдү.
Жамалыңа көзүм түшүп капысынан,
Чагылган жарып өттү жүрөгүмдү.

Онтодум ок тийгендей ошондо мен,
Бул эмнеси, кандай сезим түшүнбөдүм.
Жүрөгүм жараланып бир заматта,
Оорусуна чалындым мен «сүйүү» деген.

Тартылат ай жамалың көз алдыма,
Мен жатам азап тартып жетпей сага.
Оо кымбатым сенсиз жашоо жоктур эми,
Болчу өзүң жүрөктөгү дартка дабаа.

## *Жалгыздык*

Түн бир оокум, мен уктабай олтурам,
Жүрөк чиркин тез-тез согот коркуудан.
Неден корком биле албадым өзүм да,
Жанымда жок караан болоор бир адам.

Жүрөк туйлайт бир калыпта соғо албай,
Жамандыкты алдын ала туйгандай.
Мен жалгызмын айла канча алсызмын,
Караңгылык мени курчап алгандай.

Түндө эмес кээ күндөрү чак түштө,
Ээрчийт мени жалгыздык эл ичинде.
Кандай айла кыларымды биле албай,
Баш ийемин жалгыздыктын күчүнө.

## *Нарыным*

Нарын агат өжөрлөнүп бой керип,
Тоо аралап Кыргызыма дем берип.
Жарык берди бүт ааламды кубантып,
Нечен элдин жашоосуна шаң берип.

Өтсө да эчен жылдар аралыктан,
Нарын агат жаңылбай бир калыптан.
Өжөрлүгү окшоп кетет баатырга,
Жоону жеңип, өз элинен даңк алган.

Сен баатырсың талашым жок Нарыным,
Кучагыңда ойнойт түркүн балыгың.
Кыргызыма алып келдиң атак-даңк,
Сен ыйыксың теңдеши жок Нарыным.

# *Супер МАЗдар*

Керегине жарашып адамзаттын,
Бара жатты колоннасы супер МАЗдын.
Таштабай бирин-бири кандуу жолдо,
Шайыр мүнөз жигиттери супер МАЗдын.

Жүктөгөнү кара алтын,
Баратканын көрүп алгын.
Баратышат эгиздердей,
Колоннасы супер МАЗдын.

Чогулушуп Кыргызымдын төрт бурчунан,
Ынтымагы бекем экен бир туугандан.
Жолугуп кандуу жолдо капысынан,
Бир табактан мен дагы даам таткам.

Дүйнө тар Жараткандын пейли кенен,
Күтпөгөм таанышууну алар менен.
Ырлар жазып жигиттерге жүрөгүмдөн,
Калтырдым эстеликке ошол күндөн.

Кыргызымдын шайыр мүнөз жигиттери,
Колдосун жигит пирим өзүңөрдү.
Үмүт үзбөй келет деп келээр жылы,
Күтүшөт жол карашып эл силерди.

Жүктөгөнү кара алтын,
Баратканын көрүп алгын.
Баратышат эгиздердей,
Колоннасы супер МАЗдын.

## *Кырк жашыңыз кут болсун*

Саналбаган нечен жылдар артта калды,
Кыз сүйгөн балалык кез дагы калды.
Мына минтип кырк жашка толгон кезде,
Уулуңуз балалыкты эске салды.

Кейибеңиз карыдым – деп кыркыңызда,
Азыр сиз кырчылдаган жигитсиз да.
Кырк жашты жигит жашы дешет экен.
Жарашып ак чачыңыз боюңузга.

Кана байке бийлеңиз чарчабастан,
Койбоңуз жаштык кезди барктабастан.
Суктанып дос-тууганың карап турсун,
Сулуулук кыркта келет кайра баштан.

Каалары м сизге менин ушул күнү,
Тартуулайм Индиянын сүйүү гүлүн.
Тартуулайм тоо койнунда арча жашын,
Жаштыктын символу го жашыл түсүң.

Каалаймын сибирдиктин ден соолугун,
Узун өмүр кавказдыктар жашап өткөн.
Карыганда сүйсүн деп жеңебизди,
Тартуулайм Индиянын ак сүйүүсүн.

## *Бүгүнкүдөй эсимде*

Коля байке шофёр эле дежурный,
Чапкылачу машинасын өйдө-ылдый.
Чакырганда бир заматта Коля аке,
Жетип келчү кайдасың – деп котельный.

Кетчү элек төртүнчүгө ужинге,
Тамагын чанып ашкананын ал жерде.
Бензин бекер, кыларга биз иш таппай,
Барчу элек Үч-Терекке дүмбүлгө.

Тётя Рая биздин повар ишенген,
Шорпо жасап берчү бизге дүмбүлдөн.
Олтурчубуз котельныйда сүйлөшүп,
Анда санда жеп коюп биз дүмбүлдөн.

Ошондогу күндөр калды алыста,
Эстегенде батабыз биз сагынычка.
Бүгүнкүдөй көз алдымда ал күндөр,
Алыстап баратса да улам артта.

## *Кордобо ак сүйүүнү!*

Көп көрдүм жигиттерди сүйөм деген,
Коркомун ал сөзгө мен ишенгенден.
Алданып нечен кыздар ошол сөзгө,
Жерде калды гүл сымал тепселенген.

Булбул да сайрайт гүлгө сүйүү арнап,
Эне сүйөт баласын садагалап.
А, бирок жигиттер бар кээ бириси,
Ыйыктыгын сүйүүнүн албайт барктап.

Кордобогун ак сүйүүнү суранамын,
Сүйүү ыйык тамчысындай мөл булактын.
Сүйүүсүз бул дүйнөдө жашоо болбос,
Билгиниң, ак сүйүүдөн үй-бүлө куралларын.

## *Жоготпосун сүйүү күчүн*

Ак калпак, ак жоолук бар башыңарда,
Алтын үмүт, ак тилек бар оюңарда.
Кол кармашып турмушту баштадыңар,
Болбосун тоскоолдуктар жолуңарда.

Ак никеңер кут болсун түбөлүккө,
Жаман көз тийбесе дейм өзүңөргө.
Уул-кыздуу үй-бүлөдөн болосуңар,
Чыдасаңар турмуштун түйшүгүнө.

Ак тойдо ак баталар силер үчүн,
Колдосун Умай эне, жигит Пирим.
Жар болсун Жаратканым өзүңөргө,
Жоготпосун түбөлүккө сүйүү күчүн.

# *Кусалык*

Капысынан таанышканда өзүң менен,
Мен азапка түшөрүмдү билбегем.
Тамашалап сенин айткан сөзүңдү,
Түшүнсөм да көңүлүмө илбегем.

Өтө берди күндөр да күн артынан,
Эсте калды сөздөр анда айтылган.
Унутууга канча далбас кылсам да,
Ээрчийт элес калбай менин артымдан.

Эми кайда ошондогу сүйүүбүз,
Түн жаңырткан биздин шаңдуу күлкүбүз.
Олтурамын жылдыздарга сырдашып,
Айлуу түндө суу жээгинде өзүңсүз.

Акты жашым кусалыкты билдирип,
Жүрөк сыздайт айрылганга өзүңдөн.
Эгер чындык болсо сенин сүйгөнүң,
Анда неге алыс кеттиң өзүмдөн.

Үзүлбөгөн үмүтүмө байланып,
Күтө берем сагынычым артылып.
Жок дегенде бир келсеңчи суранам,
Же калдымбы чындап сага алданып.

## *Бекем болсун убадаң*

Сүйдүм дедиң бир көрүштө өзүңдү мен,
Ишендирип бал тамган сөзүң менен.
Сенсиң дедиң жүрөгүмдүн чын сулуусу,
Суйкайышкан сулууларга тең келбеген.

Таластын татаал жолун жеңем дедиң,
Сүйгөнүм сенин берген демиң менен.
Күт дедиң келемин мен тоо аралап,
Сөзүм чын сага берген антым бекем.

Жолуң карап, өзүң самап күтө берем,
Убадаңды кайталап сенин берген.
Келди сенин досторуң, а сен жоксуң,
Сөзүң кайда «Күт мени келем» – деген.

Кулагыма кимдир бирөө айткансыйт кеп,
- «Сен байкушту дагы бирөө алдады», – деп.
Жок, жок жалган, – дедим издеп ал адамды,
Балким чындык уккан кебим ким билет.

Күтө берем үмүт үзбөй өзүңдү мен,
Алдабагын кур бекер сөзүң менен.
Мейли алыс тоо аралап жүрсөң дагы,
Бекем болсун убадаң мага берген.

## *Жолун издеп табамын*

Тартсам дагы азабын да түйшүгүн,
Тилегиме бир күн мен да жетемин.
Татаал жолдо талыкпастан турмуштун,
Тоскоолдорун коркпой басып өтөмүн.

Кыялымда мен канаттуу арстанмын,
Бир заматта Айга учуп барамын.
Анан конуп чокусуна асканын,
Бүт ааламды алаканга саламын.

Максатым чоң, жетүүгө зор үмүтүм,
Эмгектенем изденемин күнү-түн.
Ишеничим бекем менин өзүмө,
Жолун табам чоң максатка жетүүнүн.

## *Өгөй эне арманы*

Кызыл эт кезден бакканмын,
Мээнетин далай тартканмын.
Түн уйкумдан нечен безип,
Түйшүккө далай батканмын.

Карыганда бакканмын,
Кайгысын далай тартканмын.
Жаман көздөн сактай көр, деп
Жанымды далай чапканмын.

Тай-тай басып калган кезде,
Бала ширин андай кезде.
Эркелетип кубанганмын,
Кыткылыктап күлгөн кезде.

Чоңойсо бизди багат дегем,
Мураскор болуп калат дегем.
Алдан тайып калган кезде,
Колтуктап жөлөп алат дегем.

Мезгил өтүп карыганда,
Өтмөк болдум мен арманда.
Жөлөк болбой баккан балам,
Азгырылды шайтандарга.

## *Өкүнбөс бол суранам*

Жаш жигит мен өзүңдөн суранамын,
Мен үчүн жаш жүрөгүң кыйнабагын.
Тартуулап ак сүйүүмдү мен өзүңө,
Түбөлүк сенин жарың боло албаймын.

Күнөөлөп эжекеңди таарынбагын,
Ырлар жазып сен мага жалынбагын.
Бакыт гүлүң сенин али ачыла элек,
Бактысыздын кейпин кийип ыйлабагын.

Мен сени жакшы көрөм өз инимдей,
Түбөлүккө болсом дейм мен эжеңдей.
Берекем чын жүрөктөн каалар элем,
Ачылсын деп сенин бактың тоо гүлүндөй.

Сен кеткенде капалуу башың салып,
Соороткум келди сени айла табып.
Тарынбачы суранам мен өзүңдөн,
Эжекеңдин жүрөгүнө кайгы салып.

Күлүп сен эже десең кубанамын,
Сүйүүдөн кеп салсаң мен уяламын.
Ансыз да жашоого сен бир келесиң,
Андан көрө өкүнбөс бол суранамын.

## *Керемет жайлоо төрүндө*

Жайытында мал жайып,
Казанында эт кайнап.
Үй тигилип ар жерге,
Жигиттери жылкы айдап.

Жүн сабап, ийик ийрисе,
Түр салса шырдак кийизге.
Чачпактары жарашып,
Кемпирлери жүрүшсө.

Желеге кулун байланып,
Эчки улак ташка айдалып.
Торпоктор жүрсө токойдо,
Түркүн куш анда сайрашып.

Жайлоонун көркүн дагы ачып,
Кыз-жигит жүрсө жанашып.
Ак-чөлмөк ойноп түнкүсүн,
Ала-бакан талашып.

Суулары акса өзөндө,
Сууру ойнойт түз өңдө.
Айтып бүтпөс сыры бар,
Керемет жайлоо төрүндө.

## *Сен аялсың*

Сен байчечек жазда жайнап ачылган,
Сен булбулсуң, таңда таңшып сайраган.
Сен аялсың аты ыйык ааламда,
Сен аялсың уул-кызды жараткан.

Сени менен жарык болоор үйүң да,
Сени менен бакыт табаар жарың да.
Сен бар үчүн аялзаты дүйнөдө,
Сүйүү да бар жашай берет адам да.

Сенин мээриң күн нурундай төгүлгөн,
Сенин күлкүң жүрөктөрдү эриткен.
Сен барыңда өкүм сүрөт тынч жашоо,
Сенсиз аалам күнсүз болуп көрүнгөн.

Сага, аял, каалайм жарык маанайды,
Саламаттык, өмүр, бакыт-таалайды.
Сага каалайм ак-сүйүүнү чеги жок,
Сага арнайм жүрөгүмдөн ырымды.

## *Аяшым десем болобу*

Аяш деп айтсамбы же айтпасамбы,
Айткан сөз убадаңдан кайтпадыңбы?
Ааламды кыдырсаң да сулуу издеп,
Курбумдай аял затын табасыңбы.

Жигит сүйсө эр-азамат деп коёт,
Кыздар сүйсө ушак-айың кеп болот.
Баркына жете алсаң ак сүйүүнүн,
Бактылуу табышкандар деп коёт.

Айыпсыз сени сүйгөн кыз жүрөгү,
Соолуткан сүйүү гүлүн сен күнөөлүү.
Жаралап таштап кеттиң өчүң бардай,
Өчкөн чырак эми кайра күйөбү.

## *Үйлөнбөгөм дебегин*

Өлгөн жар кайра келбес бул дүйнөгө,
Аял издеп жүрөм дедиң үйлөнгөнгө.
Жашырбай айтып койсоң эмне болмок,
Кызды алдап чок салбай жүрөгүнө.

Сүйсөң, сүй бактылуу бол түбөлүккө,
Ойнобогун сүйүү арнап күнүмдүккө.
Көчөгө чыгып алып жети кадам,
Мен бойдокмун дебегин көрүнгөнгө.

Жуу дебейм, жубайыңды коркпо андан,
Ажыратуу максатым жок алганыңдан.
Табылар курбума да эстүү түгөй,
Түбөлүккө жар болуп бактын ачкан.

## *Бейиштен сен орун ал!*

Эчен жыл өтсө дагы аралыктан,
Келгенсип жолугууга сагынышкан.
Бул күнү кечикпестен ар бир жылы,
Келет го сапар тартып алыстыктан.

Мүрзөнү тиктеп алып үнсүз жаткан,
Угулат көз жаш төгүп зар ыйлаган.
Түгөнгүс айтып бүткүс чексиз арман,
Жүрөктөн оргуп чыгып ырга айланган.

Эмесе угарманым угуп турчу,
Айтайын ал арманды көңүл бурчу.
Сүйгөнүн адаштырган бир адамдын,
Кусасын жүрөк эзген сезип турчу.

- Күз келсе куса болом сени эңсеп,
Таанышкан күнүмдү мен кайра эстеп.
Ардагым арман күчөйт жүрөгүмдө,
Ансайын сага болгон сезим күчөп.

Сагынам бирге жүргөн түндөрүмдү,
Уксам дейм сенин назик күлгөнүңдү.
Сүйгөнүм сагынычым тарабайт ко,
Ирмебей тиктесем да сүрөтүңдү.

Он тогуз сенин жашың толгон айдай,
Суктанчумун келбетиңен көзүм албай.
Мен үчүн чолпон элең көктө жанган,
Жүрөгүм алып учуп өзүң карай.

Периштем өзүң болуп менин бактым,
Жүрөгүмө өчпөс сүйүү отун жактың.
Дүйнөдө мен бактылуу жигит элем,
Туш кылган бир өзүңө Жаратканым.

# *Баккан эне арманы*

Жаралгандан жарык дүйнө жалганга,
Жашап келем жан кейиткен арманда.
Жаш кезимден катып келген сырымды,
Айтып турам минтип карып калганда.

Бүлө болуп келгенимде жат үйгө,
Сансыз үмүт болгон эле көңүлдө.
Жарым менен жашап келдим жанаша,
Кумарлантып сүйүү оту күнүгө.

Мезгил учуп күндөр өттү арадан,
Сурасам да бала бер деп Кудайдан.
Көз жашымды төксөм дагы көл кылып,
Кур калганым сездим бүгүн баладан.

Бала тилеп нечен жолу ыйладым,
Оо Жараткан неге мынча кыйнадың.
Кумарымды кандырбадың, жытына,
Үнүн укпай жүрөк чиркин сыздады.

Жүргөнүмдө Жаратканга таарынба,
Жибериптир суук кабар айттырып.
Уул төрөп ууз сүтүн эмизбей,
Кетти келин жакындарын кайгыртып.

Муну укканда жүрөк чиркин зырп этти,
Энелик мээр көңүлүмдү дегдетти.
Сезбесем да наристенин илебин,
Көкүрөктөн тамчы-тамчы сүт кетти.

Абышкама кеңеш менен кеп салдым,
Багалы деп өз иниңдин баласын.
Өгөй эмес, өз энеси болоюн,
Орундалсын мен эңсеген талабым.

Бөлөк эмес өз иниңдин баласы,
Кор болду го ар ким багып карачы.
Эркелетип эмизейин ак сүтүм,
Кызыл эттүү наристени аячы.

Макул болду көп ойлонбой абышкам,
Кубат болуп берер деди карысам.
Алып келдик наристени тез эле,
Ошондогу кубанычым айта алсам.

Бала үнүн укканыма кубанып,
Сакта өзүң деп Кудайдан суранып.
Бир азыраак чырылдаса сыркоолоп,
Жаным чаап жалынчумун кошо ыйлап.

Ал аңгыча тай-тай басты бойтоңдоп,
Күлчү эле кыткылыктап ойнотсок.
Карыганда бала деген ширинби,
Суктанчубуз жүргөнүнө мойтоңдоп.

Жылдар өттү жыл кубалап артынан,
Качып далай жүрчү болду сабактан.
Арызданып чакырышса мектепке,
Балам үчүн далай жолу тил уккам.

Күндөн-күнгө чоңойсо мен кубандым,
Аялдардын акыл сөзүн укпадым.
Колум жетип калды эми көккө деп,
Өз уулума көзүм тойбой суктандым.

Кайгы түшүп минтип карып калганда,
Каларымды кайдан билдим арманда.
Кара көзүм кашайттырып бир күнү,
Калтырарын билбедим балам санаада.

Өзгөрүлүп мүнөздөрү баламдын,
Сездим бир күн арак ичип алганын.
Оозунда бар буркураган тамеки,
Көргөнүмө ишене албай таң калдым.

Акыл айтып, эми баштап келгенде,
Кемпир, – деди, – ажылдайсың эмне эле.
Төрөп түшүп койдуң беле же мени,
Ойлойсуң го окшоймун деп энеме.

Чыгып кетти укпай айткан кебимди,
Аябады кары эле деп өзүмдү.
Кете берди, коштошподу кайрылып,
Көргө айлантып бир заматта үйүмдү.

Эмне укту душманымдан билбедим,
Күтүп жүрөм үмүт үзбөй келерин.
Кабары жок кайда экени белгисиз,
Кайгы тартып караанын мен эңседим.

Жаратканга жазган элем кай жерден,
Эл катары мага перзент бербеген.
Жок дегенде баккан балам «апа» – деп,
Турса эмне тирүү көргө көмбөстөн.

Таарынычым айтып ыйлап тагдырга,
Кан жутуп мен сыздап карып калганда.
Ээн үйдө жалгыз башым каңгырап,
Ырым коштум түгөнбөгөн арманга.
«Баккан эне арманы» – деп ырымды,
Арманымды калтырдым бул жалганга.

# *Апакем*

Апа десем аалам кошо жаңырат,
Апа десем жүрөк толкуп кубанат.
Апакемдин эстегенде күлкүсүн,
Куса болом көздөрүмдөн жаш тамат.

Апакемди эстеп күндө сагынам,
Апакемди көргүм келип шашылам.
Таштап коюп жумушумду ар кандай,
Олтурсам дейм чыкпай күндө жанынан.

Апа десем күн булутту жаргансыйт,
Апа десем өчкөн отум жангансыйт.
Маңдайымдан сылаганда мээримдүү,
Жүрөгүмдөн кайгымды сууруп алгансыйт.

Жаратканга жалынам жатып түндө,
Берекеңди берегөр деп өмүрүнө.
Ден соолук, кубанычың, аянбагын,
Кайгы-капа салбачы деп жүрөгүнө.

## *Азаматтар*

Эл үчүн жанын берген азаматтар,
Кут болсун кубанычтуу майрамыңар.
Болбосун согуш кайра жер үстүндө,
Ээлесин жүрөктөрдү кубанычтар.

Тынчтыкта өмүр сүрсүн жаш, карылар,
Жарык болсун күнүгө аткан таңдар.
Көбөйсүн күндөн-күнгө элдин саны,
Жазылсын эпос, дастан жаңы ырлар.

Куттуктап кубанычты кошо бөлөр,
Жаныңарда жадырасын жубайыңар.
Тапканыңар буйуруп ак тойлорго,
Бак тапсын ар бир үйдө уул-кыздар.

## *Туулган күнүң*

Ыңаалап түн тынчтыгын бузуп бүгүн,
Жарык дүйнө жалганга келген күнүң.
Кыш чилдеси өкүм сүрүп турган кезде,
Сен болдуң байчечекей ачкан гүлүн.

Эми минтип кырк үчкө чыга келдиң,
Байчечекей канча ирет ачты гүлүн.
А сен болсоң соолубай келдиң жайнап,
Турмуштун чилдесин сен далай жеңдиң.

Сиңдим сага кааларым келечекте,
Саламат бол, өмүрлүү бол түбөлүккө.
Кол кармашып жарың менен өмүр сүрүп,
Жете бер бул жашоодо бак-дөөлөткө.

## *Биз беребиз ал чыракты*

Жараткан күндө берет сага бир шанс,
Кармап кал кетсе артка бир кайрылбас.
Кармагын бакыт кушун мына бүгүн,
Дешет го ашык дөөлөт башты жарбас.

Учкуң келсе учууну үйрөн куштан,
Канат жайып көктөгү эркин учкан.
Акыл сурап барбагын адашасың,
Уча албаган капастагы бир байкуштан.

Эртеңки жашоо бизге караңгы түн,
Чыраксыз ал түндө басуу кыйын,
Биз беребиз ал чыракты келгин досум,
Жол көрсөтүп бактылуу жашоо үчүн.

## *Болбос арман*

Торунда махабаттын туйлайт жаным,
Торго түшкөн алсыз куш сыяктандым.
Сүйүүдөн жараланып капысынан,
Канча издеп дарысын же таба албадым.

Сүйгөнүм келсең боло сагындырбай.
Айыкпас дартка мени чалындырбай.
Какшыган чөл болду го алсыз жүрөк,
Сүйүү суусун берчи өзүң мен кангыдай.

Гүл ачса жүрөгүмдө жыты аңкып,
Өзүңдү булбул сымал турсун тартып.
Арнайын ак сүйүүмдү бир өзүңө
Болбос арман бирге өтсөк көңүл жазып.

## *Ийгиликтин жолунда*

Алдамчы, аферист атка конуп,
Ак жеримден ушакчы-душман торуп.
Ыйладым, Алаа өзүң болдуң күбө,
Аргасыз башым ийип макул болдум.

Жалган-жалаа сөздүн күчү улуу бекен,
"Акыйкат жеңет" – деген жалган экен.
Арыз-муңун угаарга бир адам жок,
Алсыз мендей пенделер шордуу экен.

Ач адамдын абалын ток билерби?!
Акыйкатты кур жалаан түк жеңээрби?!
Ак ийилсе ийилээр, канча болсун,
Сындырып салуу үчүн күч жетерби?!

Мен Алаага таянып айтар элем,
Канча ийди душмандар, сынбай келем.
Пешенем шордон бүтүп калса керек,
Ак эмгегим үзүрүн качан көрөм?!

Жараткан өзү колдор, мен ишенем,
Душмандарды тооруган бир күн жеңем.
Ошондо көктөн тийип жеңиш күнү,
Бактылуу аял болуп чыга келем.

Кайгынын торун бузуп мына бүгүн,
Теремин кубанычтуу бакыт гүлүн.
Колдогон дос-тууганым балдарыма,
Тартуулайм жүрөгүмдүн сүйүү гүлүн.

Душмандан досум менин көптүк кылат,
Ийгиликке жанаша бирге барат.
Чарчасам кубат берип үстү жактан,
Жараткан өзү мени колдоп турат.

Кайгырып төккөн нечен көз жаштарым,
Сеземин күлкү-шаңга алмашканын.
Сынагынан тагдырдын сынбай өтүп,
Жеңиштин гүл багына баратамын.

Жашаймын кубанычтуу күндөр үчүн,
Тартуулап эл-жериме болгон күчүм.
Себепкер кыла көр дейм жаратканга,
Мекенимден тынчтык, теңдик куруу үчүн.

Ыраазымын, Жаратканым, бир өзүңө,
Өткөргөн сынагыңда, өмүрүмө.
Ырыскы, берекеңе өзүң берген,
Көрсөткөн кубанычтуу күндөрүңө.

## *Эркиндик*

Мен кушмун канат жайып эркин учкан,
Кол жеткис мейкиндикке көз чаптырган.
Каалаганда учуп коном коркуу билбей,
Мен кушмун эркин сайрап күндө ырдаган.

Капаска түшкүм келбейт кайра барып,
Турса да алтын менен ал жасалып.
Мен үчүн эркиндигим кымбат турат,
Арманым жок, өлсөм да ачка калып.

Пенделер окшоп көбү ошол кушка,
Өздөрүн камап алган тор капаска.
Чыгууга ал капастан, эрки жетпейт,
Коркунуч жол бербейт көктө учууга.

Ойгонгун оо туугандар көзүң ачып,
Карылык жетип келээр жыл айланып.
Бир күнү өкүнөрсүң, башың кармап,
Ошондо жаштык келбейт бир кайрылып.

## *«Тяньши»*

Жашоодон үмүт үзүп турганымда,
Оорудан абдан жүдөп чарчаганда.
Жараткан себеп кылып «Тяньшини»,
Тагдырымды өзгөрттү бир заматта.

Ден соолугум калыбына келип кайра,
Күчкө кирдим толгонсуп жыйырмага.
Көңүлсүз өтүп жаткан ар бир күнүм,
Алмашты шаан-шөкөттүү гүл майрамга.

Караңгылык каптап алган айланама,
Жарык күн нурун чачты суктандыра.
Элсиз ээн талаа эле кайда барсам,
Дүйнөм толду дос-тууганга кубандыра.

Жашоомо үмүт берген – бул «Тяньши»,
Жакшылыкты алып келген – бул «Тяньши»..
Куткарып көр турмуштун азабынан,
Жашоомо шаң да берген – бул «Тяньши».

## *Элиңди сакта!*

Уккула жаштар үнүмдү,
Айткан акыл сөзүмдү.
Оңдоп ниет-пейилиңди,
Агарткын бул күн өзүңдү.

Ишиң жылаар алдыга,
Ишенсең эгер Аллага.
Жыргалын көрүп турмуштун,
Ийгилик коштоор жаныңда.

Каралыктан чыгарсың,
Атадан колдоо аларсың.
Тилесең эли-журтуңа.
Бактыңды сен табаарсың.

Кутулаарсың азаптан,
Азгырган каапыр шайтандан.
Ырым, дуба, жүк баспайт,
Коргоп алаар Жараткан.

Аталар кирсе үйүңө,
Эрчип кирет дүнүйө.
Ак бата берип аталар,
Тилеп берет өзүңө.

Ойлонбой элим шашылгын,
Билгиниң убакыт аздыгын.
Боло турган тозоктон,
Элиңди сактап калгының!

# *Уулум Курманбекке*

Али жаш десем, уулум, адашамын,
Бой жетип жыйырмадан сен ашкансың.
Акылга толуп тургун мезгил келди,
Тагдырдын сынагына баратасың.

Турмуштун жолу татаал, билгин балам,
Оңойлошор эгер сен жолун тапсаң.
Мамиле түзө билсең адам менен,
Душманың да сенин досуң санаалашкан.

Ишенем, максатың чоң, жетем дейсиң,
Азыр сен анын жолун эч билбейсиң.
Аракет кыла берсең талыкпастан,
Ийгилик коштоп, балам, тез жетерсиң.

Сурагын ийгиликтүү адамдардан,
Сыры көп, ачып берет кулак салсаң.
Чарчаба, китеп окуп, изденүүдөн,
Корккунуң кечигип сен калышыңдан.

Убакытты байлап болбойт тулпарыңдай,
Каалаганда чечип алып, сен чапкыдай.
Убакыт аткан октой, же аккан суу,
Өтөр-кетер жалынсаң да бир кайрылбай.

Азгырар ак жолуңдан сени балам,
Жеңил ой, максаты жок жашагандар.
Кыялдын чылбырын сен алдырбагын,
Өжөр бол ишенимдүү таштап кадам.

Бакыттын кушун кармап сен колуңа,
Түшөрсүң жашоодогу өз жолуңа.
Кайгы билбей өмүрдү өткөрөрсүң,
Бак-дөөлөттү мурас кылып урпагыңа!

## *Сиңдим Салияга*

Сен ымыркай наристе элең төрөлгөн,
Кубанычка ата-энеңди бөлөгөн.
Аалам угуп алгач сенин үнүңдү.
Умай эне мээримине бөлөгөн.

Ушул бүгүн эне сүтүн эмгенсиң,
Жаңы жашоо ырахатын сезгенсиң.
Алаа берип ырыскысын өзүңө,
Тагдыр менен күрөшүүгө келгенсиң.

Издендиң чарчоо билбей күрөштүң,
Ийгиликтин чоң жолуна сен түштүң.
Акылыңды, жардамыңды аянбай,
Бир туугандар сүйүүсүнө сен жеттиң.

Каалайм сиңдим чын жүрөктөн өзүңө,
Ырыскыны бакыт-таалай үйүңө.
Кыздарыңдын көрүп үзүр-ырахатын,
Кошо кары жарың менен өмүрдө.



# Ангемелер

# ЭКИ ЖҮРӨКТҮ КОШКОН ДАРБЫЗ

Жайдын толуп турган учуру. Коон, дарбыз бышып, дыйкандын шаштысын алат. Кечээ эле үзүп машинага жүктөп, сатканы шаарга алып кетсе да, эрте менен пуштада «мени үзүп алчы» деп жадырап жаткан коон-дарбыздар. Жол жээгиндеги тыт катарга дыйкандардын кыздар, балдары коон-дарбызды ташып, жыйып койгон. Ары-бери өткөн жүргүнчүлөр токтоп, сатып алып кетишет. Көлөкөдө эртеден кечке ары-бери өткөн машиналарды карап, зеригип олтурган кыздар чогулуп алып топташ ойношот. Кээ күндөрү бул оюндан да тажашат. Кыздар жаңы бирдемке ойлоп табышат, башкаларга жакса кызуу оюн башталат, жакпаса: – койчу аныңды, – деп кабагын бүркөп же мурдун чүйрүп коюшат.

Алтынай да кыздар менен кээ күндөрү дарбыз сатып калчу. Жаңы эле онунчу классты бүткөн, толгон айдай болуп турган кези. Алтынай адамды зериктирбеген шайыр. Ал чыкканда күн тез өтчү, кала берсе балдар да кыздарга кошулуп калышчу, анекдот, жомок, болгон окуя же болбосо ар кандай оюндарды таба билчү, куудул сүйлөп күлдүрүп олтурчу.

Ошондой күндөрдүн биринде ким жакшы сүрөт тартмай оюнун ойноп калышты. Кыздар, балдар жерди тегиздеп, топурак бетине сүрөт тарта кетишти. Алтынай аларга окшоп колун булгагысы келбей, бир чоң дарбызды тандап алды да тыттын куурап калган чырпыгынан сындырып келип ручка жасап, сүрөт тартып кирди. Ар ким өз иши менен алек, машинанын токтогонун да билбей калып жатышты.

- Ой, бул кимдин дарбызы? – дегенде гана жалпы баш көтөрүшүп карашат да иштерин аргасыз токтотуп, соода ишине өтөт. Алтынай дарбыздын жарымынан көбүрөөгүнө гүлдү аябай коoздоп түшүрдү да ачык калган ортосун көпкө тиктеп туруп калды. Эмненин сүрөтүн тартсам, кыздыбы же алманыбы? Көпкө ойлонуп олтуруп, акыры бир жылмайып алды да коoздоп өзүнүн дарегин жазып койду. Баары чоң иш бүтүргөнсүп өздөрү тарткан сүрөттөрүн мактана көрсөтүшүп, бирин-бири чычалата күлүп жатышты. Кезек Алтынайга келгенде гүлдөрдүн кооз түрлөрүн көрүшүп: -ай-иий эй, сен сүрөтчү турбайсыңбы? – деп бирөө айтса, экинчиси: – ак сурпка тартып, анан жибек менен кооздоп сайсаң, кызыл-сары болуп сонун чыкмак, – деп суктана карап жатканда, балдардын бирөөсү: -токтосоң, бул жерине эмне деп жазган, ырбы?»- деп колуна ала коюп, окуп кирди. – Адрес ко! Эй Алтынай, муну эми эч ким албайт! – десе, дагы бирөө: – кокус алып кетсе адресиңди окуп… ха-ха-ха, – деп күлдү. Калгандары да күлүшүп: -чын эле я, анда кантесиң? – деп калышты. Алтынай ал нерсе оюна келбегендиктен бир аз унчукпай карап олтуруп, муну сатпайм кечинде үйгө ала кетем союп жеп коёбуз деп ичинен ойлоду. Жол жакка эмес, өзү олтурган жагына дарбыздардын түбүнө коюп койду. Балдар эми башка сөзгө өтүп кетишти да жанагы дарбызды эч ким эстебеди. Жолоочулар кээде бир-бирден гана сатып алып кетсе, кээ бирөөлөрү машинасынын багажына толтура жүктөп кетишет. Кеч киргенде үч-төрттөн коон-дарбыз калат. Кээ бирөөнүкү эрте эле бири да калбай сатылып кетет. Алтынай да беш алты дарбызы калган, капка салып кепеге жеткирмек болгондо жанагы сүрөт тартылган дарбыз эсине түштү да, үйгө бөлүп алып коёюн деп издеп таппай калды. Жанындагылар жашырып койсо керек деп акырын жанындагылардын үйүлгөн дарбыздарынын арасын карап чыкты. Жок, сураштан уялып тим болду. Алтынай эки үч күн эстеп оюнан чыгара албай жүрдү, бара-бара унутуп да калды.

* * *

Күз. Айлана «ак алтынга» толгон убак, талаанын көркүнө көрк кошулуп, бир жагына карасаң үч-төрт пахта терүүчү комбайн биринин артынан бири катар-катар тизилген тепкичтерге окшоп бир калыпта баратышат, картанын башында (Совет доорунда колхоз, совхоздордун эгин талааларын бөлүк-бөлүктөргө бөлүп, ал бөлүктөрдү карта деп аташчу) аларды прицеп улаган тракторлор күтүп

турушат. Башка бир жагында мектеп окуучулары, кыз-келиндер шаңдуу тамаша-күлкүлөрү менен талааны шаңга бөлөшөт. Алтынай чоң казанга түшкү тамак даярдоо менен алек болуп жүрөт. Тамактын даамдуу жыты алыска тарап адамдын иштейин ачат, сөрүдө агроном, мектеп директору, механик, дагы эки-үч киши олтурушат. Ортодо чайнек, жаңы демделген чай. Олтургандар кызуу сөзгө кирип алышкан.

Табелчи элдин терген жөөгүн текшерип жүргөн.

- Алтынай! – деп чакырды ал.

Алтынай артына бурулганда табелчинин өзүн карай келе жатканын көрүп, алдынан тосо басты. Оюнда «дагы эмне ишке жумшагысы келип жатат», - деди.

- Алтынай. – Табелчи колтугуна кыскан папкасын алып бирдемени издеп жатты. Алтынай жете барып күтүп калды, аңгыча – ии мында экен, – деп өзүнчө сүйлөп коюп: – ме, бул сага келиптир, конторго барсам почточу жолугуп калып берип жиберди, – деп конверт сунду.

Алтынай таң кала секин колун сунуп:

- Мен эч кимден кат күткөн жокмун, – деди.

- Билбейм адрес сеникиби?

- Ооба.

- Анда, алып окуп көр, алыстан окшойт.

Алтынай унчукпай катты алып ашканага карай басты. Ким жазды экен, өзүнүн адресин жазбаптыр, аты-жөнү да жок,- деп коюп катты ачты. Катты суурганда жерге сүрөт учуп түштү. Эңкейип сүрөттү алып жатып таң калды, өзү тааныбаган жигиттин сүрөтү. Кашы-көзү кара, чап жаак, бир караганда өзбекке окшоп кетет экен. Кызык, бул ким болду экен? Катты ачып окуй баштады.

«Саламатсызбы карындаш!

Саламым менен кат жазган бейтааныш жигит. Ошондуктан бул катты таанышуу деп коёлу. Адрести кайдан алдың? -деп сураганы турасызбы, айтсам ишенбейсиз. Адрести мага өзүңүз бердиңиз. Кантип – деп сурагыңыз келер. Дарбызга кооз гүлдөрдүн сүрөтүн тартып, ортосуна адресиңизди жазып берип жиберген өзүңүз. Бул тагдыр жэ сиз ушунчалык эр жүрөк тобокелчи кызсыз. Сизди ошол дарбыздагы гүлгө карап туруп ошол гүлдөй сулуу, ачык, жана жылдыздуу кыз экендигиңизге ишендим, мен сиз тарткан гүлдөрдү көрүп өзүңүзгө ашык болуп калдым, дарбызды сойдургум келбей, кеч-

ке өзүмдүн бөлмөмдө кучактап олтурдум, ишенесизби кайра-кайра гүлдөрдү караган сайын сизге болгон сүйүү сезимим күч ала берди. Дарбызды үч-төрт күн сактадым, аргасыз чирип кетпесин деп гүлүн өзүндөй көчүрүшкө аракет жасадым, гүлү өзүндөй болбосо да адресин өзүндөй кылып көчүрүп жазып койдум. Анан башкалардан кызганып өзүм союп жедим. Дарбыздын ичи да өзүңүздөй сулуу жана ширин экен. Мен дарбыз жеген жокмун, сизди өптүм десем жаңылбайм го. Сулуу кыз бул кандай уяты жок жигит экен дебеңиз, мен сизди илгертеден таанычудай сезип, көптөн бери көрүшпөй сагынып жазган катым деп билгим келет. Алтынай, менин атым Абдыкарим 1962-жылы ноябрь айында туулгам, өзүм Жалалабаттан болом, азыр институтта окуйм. Сизден суранарым сөзсүз жообун, баса сүрөтүңүздү да салып жибериңиз. Сизден аябай зарыгып жооп күтөм, эмесе ушуну менен таанышуу катымды аяктайм, көрүшкөнчө саламатта калыңыз «- деп сиздин бейтааныш досуңуз Абдыкарим. Менин адресим…»

Каттын этегинде Алтынайга окшоп кооздоп жазылган адрес айланасына жүзүм шак сүрөт тартылган экен.

Алтынай күлкүсү келип эки жагын карап алды, өзүн-өзү араң токтотуп, кайра окуп чыкты. Эмне кылсам жообун жазсамбы? Кой жазбайын эмне деп ойлойт, катты бүктөп конвертке салды, сүрөттү тиктеп олтуруп оюнда жакшынакай эле жигит окшойт деп койду. Бир убакта оокаты эсине түшүп сыртка шашыла чыгып казандын отун карады, оту өчө баштаптыр.

Ал күнү эч ким менен сүйлөшкүсү келбей өзү менен өзү сүйлөшүп, Абдыкаримди ойлоп, өзү тарткан дарбыздагы гүлдөрдүн сүрөтүн элестетип жүрдү. Кызык, эгер жаман же майып жигитке тийип калса кантмек, аны ойлогондо денеси муздап жүрөгү титиреп кетет.

Алтынай курдаш кыздарына билдирбеди, ошондогу кыздар да кат жөнүндө угушпады. Сентябрдын аягына чыкпай дагы кат алды, Абдыкарим жооп күтүп саргайганын жана сөзсүз жооп жазуусун аябай өтүнүптүр. Алтынай адатынча жооп жазбады.

* * *

Пахта талаасында иш аяктап калган мезгил, үчүнчү терим пахтанын подборун – чаңга аралашкан пахтаны терип алуу керек. «Бир тал пахта жерде калбасын!»- деген девиз менен иштеп жатышкан учур.

Алтынай талаадан үйүнө жаңы эле келгенде аны атынан бирөө чакырып калат, артына бурулганда классташы, нары кошунасы Орозалы кол булгайт. Алтынай үйүнө кирбей, артка кайрылып басып көчөгө чыкты. Орозалы учурашып күлүңдөп өзүнүн үйүн карап коюп, кайра Алтынайды карады.

- Эмне эле күлмүңдөп карайсың, сөзүң болсо айт, чарчап келдим, – деп Алтынай нааразы көз караш менен карады.

- Сюрприз.

- Эмне?

- Сюрприз, сага жалалабаттык жигит келиптир.

Алтынайдын жүрөгү аптыга түштү.

- Сага ким айтты?

- Менин үйүмдө олтурат, сенин келгениңди билейин деп чыктым эле, үйүңө кирип бараткаңыңды көрүп шашылып кыйкырып жибердим, – деп ырсайды.

- Келсе эмне кыл дегени турасың?

- Анан чыгасыңбы?

- Кайда чыгам?

- Жолугушууга, же биздикине эле кел.

- Жиндисиң го, эмнеге сеникине барам.

- Анда мен чакырганда бул жакка чыгасыңбы?

- Көрөм, мейли азыр үйгө кирейин, – деди да коштошпой үйүнө кирип кетти. Эми тамагынан оокат эмес, суу өтпөй жүрөгү туйлайт. Эмне кылсам, таанышсамбы же чыкпай эле койсомбу? Кой чыга берейин, таанышса танышып коёюн, катына жооп бербедим, акыры өзү келиптир, каадаланбай чыгып коёюн.

Алтынай сыртка кулак түрүп олтурган. Ышкырык чыкканда жүрөгү оозуна каптала түшкөндөй болду. Эмне кылсын, сыртка кантип чыгат. Төркү үйгө кирип шифонердин күзгүсүнөн өзүн бир карап алып, жакетин колуна кармап, сыртка чыкты. Берилип кино көрүп олтургандыктан үйдөгүлөр андан, кайда барасың деп сурабады. Алтынай шашылбай басып, жолго жеткенде эки жигит өзүн карай келе беришти. Сүрдөп, эки бетинин ысып чыкканын сезди.

- Саламатсызбы Алтынай, -узун бойлуу жигит учурашканга кол сунду.

- Саламатчылык, келиңиз, – деди Алтынай.

Кол алышканда Алтынай жалт карап өзүн тиктеп турган жигиттин көзүнө тиктеше калып кайра тартып алды. Жигит кыздын ко-

лун коё бергиси келбеди. Алтынай бир колуна, бир жигиттин көзүнө кайра эки жагына каранып уялып эмне кылышын билбей турду.

- Күн суук болуп калыптыр, жүргүлө биздин үйгө эле олтуралы, -деди Орозалы.

- Мен макулмун, -деди Абдыкарим.

- Уят го, эжелер эмне дейт.

- Үйдө карындашым менен иним эле кино көрүп атышат. Атам, апам экөө кичине үйдө качан эле уктап калышкан, – деди Орозалы.

Алтынай бир аз унчукпай калганда.

- Алтынай күзгү суукка шамалдап калба жүр жылуу үйдө олтуруп сүйлөшөлү – деп колтуктап алып жетеледи, кыз аргасыз баш ийди. Жигиттер алдын ала даярданган экен, бирок кыз макул болобу дебестен олтуруш өткөрчүдөй дасторкон жасашып коюшуптур. Чын эле үчөөнөн башка эч ким жок, Орозалы чай алып келип, чай куюп олтурду

- Алтынай, менин катымды алдыңбы?

- Ооба.

- Анда жообун эмнеге жазбадың?

- Эмне деп жазмакмын?

- Эки эле ооз сөз менен катымды алганың жөнүндө анан сүрөтүңдү салып...

- Мен жигитке жооп жазган эмесмин.

- Дарбыздагы гүлдү өзүң тартканың чынбы?

- Ооба.

- Кандай дарбыз? – сөзгө Орозалы аралашты таң кала.

- Алтынай мага дарбызга сүрөт тартып, адресин жазып жөнөткөн экен.

- Чынбы? – таңыркай сурады эч нерсеге түшүнбөй.

- Чын.

- Экөөң качантан бери таанышсыңар?

- Сурооңо мен жооп берейин деди, – Карим.

- Атам Фрунзеге жумуштап барып келе жатып жол боюндагы коон – дарбыздан алып алайын дептир. Бизде базарда сатат, бирок жолдо арзаныраак, нары жаңы үзүлгөн болот эмеспи. Коонду бир кыздан дарбызды башка кыздан алат, эки-үч күн жейбиз деп көбүрөөк алат. Үйгө келгенде мени чакырып: – багаждагы коон-дарбыздарды түшүрүп, машинаны гаражга айдап киргизип кой, -дейт. Мен коон-дарбыздардын арасынан түркүн гүлдүн сүрөтү тартылган

дарбызды көрүп таңыркап көңүл коюп карап айландырып атып адресин окуп калдым, ошол эле жерден жерге койбой өзүмдүн комнатама алып кирип, стол үстүнө коюп койдум. Тез-тез атам жумшаган ишти толук аткарып коюп комнатама кирдим да дарбызды алып кайра карап, адрести окуп чыктым, мен гүл менен сүйлөшүп отурдум. Карындашым келип чайга чакырып кетти, баргым келбеди. Карындашым кайра келип: – дарбыз жейсиңби? -деп сурады, – жок жебейм, – дедим. Ошончо коон-дарбыздын биринен да ооз тийбедим, бирок гүл тартылган дарбызды эч кимге ооз тийгизбей жедим. Үч күн койнума жаш балача алып жаттым. Альбомго түшүргөн дарбыздын сүрөтүн дубалга кадап койдум, комнатага кирген сайын эстей бердим. Бара-бара мен Алтынайды сагына баштадым, ошентип бир ай дегенде кат жаздым, бирок жооп ала албай дагы жаздым, дагы жооп жок. Ошондо өзүм келип таанышып кетүүнү чечтим.

- Чыкпай койсо кантмексиң?

- Жолугуп, сүйлөшмөйүнчө кетпейт болчумун, – деди да жылмайып кызга карады.

Алтынай жер карап кызарып кетти.

- Рахмат, Алтынай, – деп колун акырын кармап алаканына алаканын коюп, экинчи алаканын кыздын колунун үстүнө койду, кыз секин колун тартып алды.

- Эмнеге рахмат айтып жатасыз?

- Ошол дарбызыңа! Анткени сен дарбызга сүрөт тартып, адресиңди жазбасаң, сени кайдан тапмакмын.

- Экөөңө дарбыз почтальон болгон тура, – деп күлдү Орозалы.

- Аның чын, адам да анчалык тааныштыра алмак эмес. Жигиттер күлүштү, кыз жылмайып жер карады.

Үчөө аябай көңүлдүү олтурушту, эшик тыкылдап Орозалынын үкөсү:

- Тамак бышты, – деп айтканда Орозалы чыгып тамакты көтөрүп келди.

Тамак жеп бүткөндө Абдыкарим туруп музыка койду. Даярдап койгондой вальс башталды, жигит кыздын колунан назик тартты кыз акырын туруп, ээрчий басты, жигит кыздын белинен алды. Вальс башталды кыз уялганынан качып кетерин да, же баш ийип музыка бүткөнчө баланын кучагында калышын да билбей кыйын абалда турду.

- Алтынай.

- Ии.
- Сүйлөчү.
- Эмнени?
- Өзүң жөнүндө.
- Өзүмдү көрүп турасыз го.
- Сиз дебечи.
- Эмнеге?
- Сен деп сүйлөсөң жакын да, жагымдуу да.
- Сиз улуу экенсиз.
- Сен экөөбүз достошуп кете алабызбы?
- Билбейм.
- Менин үмүтүм чоң.
- Аны көрө жатарбыз.
- Сен сулуу да, сынчы да окшойсуң.
- Анчалык эмес.

Музыка бүткөнүн укпай калгансып экөө ортодо термелип да, сүйлөшүп да тура беришти.

- Музыка жок деле бийлей берсе болобу? – деди Орозалы.

Алтынай уялып, токтоп калды. Жигит кызды жетелеп төргө отургузуп, жанына өзү отурду.

- Кетейин, – деп шыбырады Алтынай.
- Кайда шашасың? – деп сурады Орозалы.
- Үйүмөн башка кайда бармак элем.
- Үйүң жакын эле го барасың.
- Жакшы экенсиңер, саат 12 болсо да кетирбейсиңер, «аз-саз « болгону жакшы го дейм.
- Саат 12 болуп калдыбы? Чын эле уят, мен узатып коёюн. Дасторконго бата тартылды эми эшикке жөнөштү, Орозалы чыкпай, үйдө калды.
- Абдыкарим аке, Орозалыны кайдан тааныйсыз?

Биринчиден акең эмесмин, атымдан айта берчи, экинчиден бүгүн тааныштым.

- Кантип?
- Мен сенин адресиң менен келсем үйүң жактан эч бир жан чыкпады, кантип чакырсам деп турсам Орозалы мотоцикли менен келип калды. Өзүм токтотуп сурап, сүйлөшүп туруп калдык. Таанышкандан кийин чайга чакырды сүйлөшүп олтуруп кеңешип базарга барып майда-чүйдө алып келдик. Жакшы жигит экен.

- Мейли жакшы эс алың, эртең кетсеңиз жакшы барыңыз.

- Токтой турчу, мен эртең кетем дегендей болбодум окшойт, бир аз туралычы.

- Ынсапсызга кашык салса беш ууртайт болбоңуз.

- Болду мен пас, сөз жок, мейли коштошууга аргасызмын. Сага көп сөз айтсам дейм...

- Убакыт болот айтып алышка. Шашкан шайтандын иши билесизби?

- Туура-туура, Алтынай эртең көрүшөбүзбү?

- Көрөбүз таң атсынчы. Жакшы калың, – деп колун сунду.

- Мейли сен да жакшы түш көр.

Алтынай тез басып үйүнө кирип кетти. Карим көпкө карап туруп Орозалынын үйүнө кетти. Үй ээси жай салып койгон экен. Карим төшөккө жатып атканда Орозалы оодарылып карап туруп: – экөөңөр үйлөнүп калсаңар силердин сүйүүңөр жомоктогудай болот ко дейм, – деди.

- Ишенбей турасыңбы, мен көрбөй туруп сүйүп калгам, бирок адашпаганыма ишенем.

- Алтынай жакшы кыз. Ата-энеси да жакшы кишилер.

Эрте менен Алтынай талаага даярданып жолго чыкканда жол жээгинде Абдыкарим күтүп турган эле.

- Сиз таң атканча ушул жерде турбадыңыз беле?

- Жок, сени кетип калбасын деп эрте турдум.

- Эмнеге?

- Сени ишке узатайын деп.

- Анда кеттик, кечигип калбайын.

- Талаага да кечигеби?

- Ананчы, мен ашпозчумун да.

- Оо, тамакты ширин жасасаң керек.

- Аял заты баары эле казан кармайт го...

Экөө жай басып сүйлөшүп бара жатышты. Эми кыз да сүрдөбөй, сөз арасына тамаша аралаштыра баштады.

Шыйпаңга да келип калышты. Алтынай оокат жасаганга даярдана баштады, жигит да жөн олтурбай жардам берип жатты, эч кимден уялган жок. Жигиттин тартынбаганынан элдин да иши болгон жок, себеби аялдар жок, окуучулардын иши канча, эжекелер болгону карап коюшат. Кечинде чогуу кайтышты. Жолдо жигит кызга киного баралы деп сунуш кылды.

- Бүгүн эмес.
- Эмнеге?
- Жөн эле, алыс. Чарчап калсам эртең элге тамак жасай албай калам.
- Анда жөн эле эки жакка суу бойлоп басканы чыгасыңбы?
- Таң аткандан бери бирге болдук, «өтө ысык, бат сууйт» дейт элде, эми эс алалы. Жалалабатка качан кетесиң?
- Мага койсо сен макул болгончо жүрөт элем, бирок окуум бар. Үч күнгө жооп сурагам. Бүгүн, эртең куусаң да кетпейм, бирок бүрсүгүнү айласыз кетүүгө туура келет.
- Анда эртеңки жолугушууга чейин жакшы калыңыз, -деди да кыз үйүнө тез басып кирип кетти.

Эртеси да чогуу болушту, кечинде бийге бармак болушту. Кыз эптеп жооп сурап чыкты.

Бийге үчөө барышты. Алтынай бийди жакшы эле көрчү, өзү да жакшы бийлечү. Орозалы билчү. А Карим Алтынайдын бийин көрүп, өзү бийлебей туруп калды. Улам дарбызды эстеп, Жаратканга ыраазычылыгын кайра-кайра ичинен кайталай берди.

Абдыкарим үйүнө кеткени менен жүрөгү Алтынайдын жанында калды. Аны өзү да сезип турду. Жигит кыздан тартынып көп сөздү айта албай баратты. Кыз акылдуу болгондуктан андан ажырап калыштан коркуп, өзүн кармап турду. Ал оюнда дагы келем же айтып же алып кетип андан кийин өмүр бою айта берем, деп өзүн сооротуп баратты.

Кыз да жигитке сыр алдырбаганы менен жигитке жүрөгү жылып, көңүлүндө жактырып турду, бирок сүйүү деген сезим жок эле.

* * *

Жай мезгили. Канал жээгинде жаштар шаңдуу, шайыр. Кээ бирөөлөр суу ичинде сүзүп жүрсө, кээ бирөөлөр тайыз жеринде суу чачышып ойноодо. Алтынай менен Карим суудан жаңы эле чыгып, жээктен алысыраак жердеги ташта күнгө кактанып олтурушат. Алтынай суу болгон көйнөгүн ал жер, бул жеринен кармалап сыгып коюп олтурат, Карим ташка көмкөрөсүнөн жатат. Капталына оодарылып кызга карап жатты да колунан кармап, көңүлүн өзүнө бурду
- Алтынай, алтышкам, мен сени аябай сүйөм сенден сурасам болобу!
- Сура!

- Сен мени сүйөсүңбү?

- Сөзсүз сөз менен айтыш керекпи?

- Билбейм, бирок мен сенин өзүңдөн уккум келет.

- Уялам да.

- Жаным, макулдугуңду берсең, үйлөнсөк кандай дейсиң? Мен сенсиз бир күн да жашай албай калдым.

Кызга жигиттин сөздөрү жагып турду, эмне десин, жок дегенге тили барбайт, макулмун дегенден уялып турду.

- Кызыксың тез жооп беришим керекпи?

- Ооба. Сен экөөбүз кече эле таанышкан жокпуз го.

- Качан үйлөнөсүң?

- Макул десең, эртең ала кетем.

- Шашпа, күздө эл жыйым-теримди бүтүп, бошоп калат, анан ата--энең келип менин ата-энем менен таанышып кетсин, балким сенин ата-энеңдин сага деп жүргөнү бардыр.

- Мен ушул келиште үйдөгүлөргө болгон окуяны төкпөй-чачпай айтып бергем, атам каткырып күлүп жиберди. Анткени дарбызды өзү ала келип берген, гүлдүн сүрөтүн көргөн экен. Албайын десе эң чоңу ошол болгондуктан ичи жакшы болсо болду деп алып алган экен. Сени көргөн экен «жакшы кыз» деди. Атам башынан баарыбызды «түбөлүк жолдошту өзүңөр тапкыла кийин мага таарынбай турган болгула» деген. Жаным, мага өзүң айтчы, жок дегенде кулагыма шыбырап. Сүйөсүңбү?

Алтынай эки жагын каранып туруп анан эңкейип жигиттин кулагына «Сүйөм» деди да тура калайын дегенде жигит тез өөп алды, кыз уялганынан эки бети ысып чыкты.

- Жинди десе.

- Ооба, жинди болдум. Сени сүйүп эс акылдан ажырап барам, – деп жылмайып туруп, кыздын колун алып алаканынан өөп-өөп жыттап койду. Кызга жакканы менен бирөө жарым көрүп койбосун деп колун тартып алды. Жигит ордунан турду да:

- Жаным, сууга түшөлүбү деп сурады.

- Койчу, көйнөгүм кургайын деп калды, түшпөй эле коёюнчу, өзүң түшүп кел.

- Анда сени минтип көтөрүп кетем. Жигит кыздын чыңырганына карабай көтөрүп алып барып сууга салаарда кыз:

- Сүйсөң салба! – дегенде жигит токтоп калды. бир аз, кызды тиктеп турду да:

- Сүйөм жаным! – деп кайра көтөрүп ташты көздөй басты. Кыз--жигиттер экөөнү карап күлүп атышкан эле. Эми эмне кылат болду экен дегенсип карап туруп калышты. Ташка жеткирип кызды акырын отургузуп, элге угузуп:

- Мен сени сүйөм жаным, мен сүйүүмдү жашырбайм! – деди да кыздын эки бетинен өөп алды.

Кыздар уялып тетири караштьі, жигиттер Каримди алкап жатышты.

- Ой, азаматсың!

- Өрт экен го! – дейт дагы бирөө.

Кыз же уруша албай, же бирдеме дей албай таарынган болуп койду.

- Койчу уятың жок экен.

- Кечирип койчу алтыным, мен сүйүүгө масмын.

Кыздын жанына олтура кетти.

- Дагы ушундай мамиле жасасаң, таарынба!

- Болду жаным түшүндүм, экинчи кайталанбайт. Башкаларды күлдүрө эки колун көтөрүп койду. Экөөнүн сүйүүсү кандайча башталганын айылдагылар баары билип калышкан эле. Кыздар суктанып бири: – Алтынай тобокелге салып, бирок жакшы жигит таап алды, – десе башка бирөө: – Биз да жазсак окшойт, – дейт. Анда үчүнчүсү: – Сага эмне, жакшыны байлап коюптурбу, жазып көр, бир жиндисине түшүп калсаң шоруңдун кууратаны, – деп коркутат.

Абдыкарим Алтынайга көп келчү. Келгенде Ороздун үйүндө жүрөт, анча мынча иштерине жардам берчү. Экөө жакшы дос болуп кетишкен, айылдык балдар менен да таанышып алган. Орозалы жигиттерге почтальон дарбыз жөнүндө айтып бергенде көбү ишенген эмес. Карим менен жакшы тааныш болуп калышканда бирөө сурап Окондун айтканы чындык экенине ишенип калат.

Алтынайдын үйүнөн сиңдиси гана билчү. Кийинки күндөрү «той качан» – деп сураган балдарга аз калды – деп койчу.

Август айы аяктап калган кез. Канал тынч, бир калыпта агып турат. Кирингени анда-санда бир эки жигит келбесе, кыздар бул учурда сууга түшпөйт. Ошондуктан суунун агымына бул учурда тоскоол берчү бир да жан жок. Алыстан караган адамга канал көңүлсүз, зеригип тургансыйт, жай аккан суу кимдир бирөөлөрдү күтүп жаткандай.

Ал эми талааларда иш кызуу жүрүп жатат. Алтынай да өз иши ме-

нен алек. Көргөн адам аны Каримди унутуп койгонбу деши мүмкүн, бирок Алтынай күнүгө Каримди гана эмес анын ата-энесин да күтүп тынчсызданып жүргөн кези.

Бир күнү адаттагысындай иштен жөө, шашпай канал бойлоп басып келе жатканда оюн машинанын сигналы бузду. Чочуп кеткен кыз уяла эки жагын карап койду, жанында бир да жан жок. Сигнал дагы угулду, кыз таң кала сигнал баскан машинаны изденип бир аз убара болду. Эми сигналды күтүп туруп калды, үчүнчү жолу басылган сигналга карап машина кай жакта турганын божомолдоп ошол тарапка басты, жакындаганда карамтыл түстүү машинага көзү түштү. Таң кала карады, кимдер? Машинанын ачык айнегинен бирөө кол булгалап чакырды. Таң. Эгер Карим болгондо качан эле машинадан түшүп өзүн көздөй жүгүрмөк, – деп ойлоп чочуркап жакындай берди. Рулда олтурган жигит: – Чоң кыз бир мүнөткө мүмкүнбү? – деди. Алтынай булар бирөөнүн үйүн таппай жүргөндөр го деп ойлоду да басымын бир аз тездетти, машинага жакындаганда жанагы рулдагы жигит эшигин ачып сыртка чыгып жылмая карап: – Саламатсызбы чоң кыз, учурашып коёлу, – деп колун сунганда кыз бир аз эмне кыларын билбей туруп калды да учурашса, учурашып коё берейин деп акырын колун сунду жүрөгүндө кандайдыр коркуу сезими турду. Жигит Алтынайдын колунан кармаганда арткы эшиктен дагы бир жигит чыкты. Бул да учурашабы мен тааныймынбы деп жүзүн буруп өзүнө карай бергенде, жанагы жигит белден кучактап сүйрөп жөнөдү. Кыз эмне болуп кеткенине түшүнбөй көз ирмемде көз алдынан көп түрдөгү көрүнүштөр зымырап өтүп, акыры ала качып кетет дегенге токтоду. Алтынай өзүнүн чоочуп, коркуп чыңырып жибергенин өзү да уккан жок. Бир заматта алсыз тоок түлкүнүн оозунан качып кутулуу аракетинде жан талашкандай Алтынай да жан талашып, машинеге олтурбастан айласында каршылык көрсөтүп жатты, канча убакыт өткөнүн өзү да сезбеди, бирок алы кетип бараткан сезди. Алтынай жалынып, суранып ыйлап да жатты, машинада канчоо экенин көрө да албады. Акыры Алтынай өзүн машинанын ичинен көрүп, күчүн көзү менен үнүнө чыгарып, ыйлап жардам сурап, чыңырып баратты. Алтынай оюнда балким Каримге ала качып береби деп да үмүт кылып коёт, бирок андайга окшобойт. Карим макулдугун алган эле го эгер өзү келип кеттик десе, макул деп өзү машинага олтурмак. Алтынай кыйкырып, үнү да бүтүп, көз жашын көлдөтүүдөн башка айласы калбады. Эми жанындагылар-

дын сөзүн уга баштады, жанатан бери алар сүйлөгөн жокпу же кыз укпадыбы, машинанын ичин жаңырткан музыка ойноп жатыптыр. Музыканын жаңырыгынан Алтынайдын үнүн эч бир жан укпашына көзү жетти. Оң жагындагы жигит эки сөзүнүн бириндe аяш деп эле атат. Өмүрүндө укпаган жат сөзгө ачуусу келди.

Торго түшкөн көгүчкөндөй алсыз көздөрү жалдырап, үнсүз жаш куюлуп бара жаты. Акырын карап, тааныш адамды издеди. Жок, бирин да тааныбайт. – Оо Жараткан неге мени түгөйүнөн ажыраган аккуудай кылдың, эгер пешенеме башка адамды жазган болсоң неге Каримге жолуктурдуң? Оо тагдыр, балким сен таш боорлугуң менен менин бактымды көрө албай, суук колуңду сундуңбу? – деп ичинен боздоп баратты, жүрөгү ачышып ооруп чыкты. – Жараткан жан алгычыңды жөнөтүп жанымды алып кет, мен макулмун, эгер Каримге мени кошпосоң бул дүйнөңдүн, жашооңдун да кереги жок мага! Алтынай таш үстүндөгү Карим экөөнүн сүйлөшкөн сөздөрүн эстеп, өкүнө ээрининин катуу тиштеди. Эмнеге ошондо кете бербедим экен? Өзүмө чала, каадаланамын деп кайгыга өз башымды өзүм салдымбы? Алтынайдын көзүнөн жаш эмес кан агып баратты.

Айлана караңгы, чоң жол менен машина учуп баратса да эмнегедир жетпейт, айыл көрүнбөй баратты. Кайда алып барат деп жүрөгү кабынан чыгып кетчүдөй болкулдайт. Алтынай эми каршылык көрсөтпөй калды, баары бир кача албашына көзү жетти. Көңүлүнөн ар кыл ойлор өтүп баратат. Эмне кылсам, сурасамбы? Шофёрдун жанындагы улам, улам шофёр экөө сүйлөшүп коюп барат, оң жагындагы жанаракта аяш деп бажылдап аткан эле, эми уктап калыптыр. Сол жагындагы жигит Алтынайдын билегинин эки жеринен эки колу менен кармап алган, коё берүүнү ойлоп да койчудай эмес, көзү жолдо, улам кызга карап-карап коёт. Кыз өзүн кармап бараткан жигитти башынан ылдый карап алды, кийингени өзүнө жарашкан, өңү-түсү деле жакшы эле экен, күйөө болчу ушубу деп өзүнчө ойлоп да койду. Алдыда олтурганы «спортивкачан» экен. Үчүнчүсү... кийим кийишин билбейт же көчөдөн эле кармап, жүр деп ээрчитип алышканбы.

Машинанын тормозун басканда баары алдыга бир жулкунуп алышты, уйкучусу да ойгонуп кетип: – Келдикпи, – деп сурап койду.

- Жок светофор.
- Оо, анда келейин деп калганбыз го, аяш...
- Аяшыңды таап сүйлө, сага аяш болбой эле койдум, -дегенсип

кыз аны жаман көзү менен карап койду кыз. Машина секиндеп барып, ачык турган дарбазага бурулуп кирип токтоду,

- Ай Бермет, чакыр тигилерди, келин келди, – деп бир аял ары жакка кыйкырып коюп өзү машинага карай басты да, – келдиңерби, түшкүлө үйгө киргиле, – дегенче машинага үңүлдү.

Кыз эмне кылаарын билбей алаңдап, бирөөнү издеп жаты. Балким Каримдин үйү болуп жүрбөсүн. Түшпөйм, Карим өзү келбесе түшпөйм, – деп чечти да кайрадан каршылык көрсөтө баштады. Алыс жолдо эс ала түшкөн кыз көпкө каршылык көрсөттү, бирок пайдасы жок аракет эле. Машинадан эркектер чыгарып көтөрүп жөнөштү.

- Олтурбайм, тийбейм, жашабайм, коё бергиле мен суранам силерден! Артынан ээрчиген кемпирлер айланып-кагылып баратышты. Алтынайга кемпирлер жоолук салып, көйнөк кийгизебиз деп аябай алышып чарчашты.

- Айланайын энелер менин сүйгөнүм бар аягылачы мени, силердин да кызыңар бардыр, мени зарлантпагылачы суранам.

- Айланайын кызым, биз деле ушинтип келгенбиз, көнүп кетесиң, сүйүп да каласың күйөөң жылдыздуу да, эстүү, окууну бүткөн... демек Карим эмес, башка турбайбы – Жок!

- Эгер коё бербесеңер мен өлөмүн, менин өлүмүмө силер күнөөлүү болосуңар.

- Кой кызым, антпе, балакетиңди алайын. Бул кыргыздын салты да, илгери ата-бабаларыбыздан бери келатпайбы, – деди кемпирлердин бири

- Мага андай салттын кереги жок. Апам менен Абдыкарим келсин, ансыз олтурбайм, көйнөк да кийбейм.

- Эртең алып келет -деди бир кемпир.

- Жок, бүгүн келишсин. Бул кайсыл айыл?

- Айыл эмес. Жалалабат шаары кызым.

- Анда Абдыкаримди чакыргыла.

- Кой балам, уят болот, жигитти чакырып болчу беле.

- Анда апаман башкасы келбесин!!!

Кемпирлердин бирөө чыгып кетип көпкө турбай кайра кирди, артынан машинадагы жигиттер кирип келишти.

- Силер чыга бергиле өзүбүз чакырабыз – деп кемпирлерди жөнөтүп жиберишип кызга жакындаганда коркуп кеткен кыз

- Токтогула мен силерди тааныбайм, – деди.

- Ошондуктан таанышып сүйлөшөлү. Жигиттер бирин-бири карашты, анан ийиндерин кысышып, жанагы машинада колун коё бербей келген жигитке карашты.

- Мени алам деген жигит наамы же кейпи суук болбосо келип адамча, жигитче сүйлөшсүн! Карышкырча баса калбай. Кыз жигиттерди алмак-салмак карап чыкты. Жигиттер жерди бир карашып анан кызга карашты, өзгөчө кийинген жигит башын салып желкесин кашып туруп жигиттерге

- Силер чыгып тургула, – деп койду. Алтынай болочок күйөө менен бетме-бет туруп калды. Бир аз убакыт өткөндөн кийин гана жигит өзүн ыңгайсыз сезгени билинип турду.

- Олтуралы. – Кыз жигиттин ордуна сүйлөп ого бетер уяткарды.

- Мейли, – деп жигит төшөктүн үстүнө малдаш урунуп олтурду, кыз айнек түбүнө салынган төшөккө олтурду.

- Атыңар ким? – сурады кыз.

- Абылкасым, – кичине уяла жылмайды жигит.

- Менин атымды билесиңерби?

- Ооба

- Ким?

- Алтынай

- Силерге ким айтты?

Жигит унчукпай калды.

- Касым! Силер ушул убакка келип сүйүү эмне экенин билесиңерби?

- Билем.

Жалган. Эгер билсеңер мени менен башкача таанышып, менин сүйүүмө жеткенге аракет кылмаксыңар. Эгер силер Жалалабаттык болсоңор анда мени гана эмес Абдыкеримди да таанымак түгүл досу болуп жүргөнсүңөр! Байкуш Карим силерге ишенип, сырын айткан, ошол аркылуу мени таанийсыңар. Досуңардын бактысына ичиңер күйгөн, көрө албастык менен мени ала качтыңар, мени сүйбөйсүңөр болгону көралбастык, чынбы?

- Жок Алтынай, андай эмес.. мага досторум айтып беришти силер жөнүндө. Анан сени эки-үч жолу уурданып барып айылдагы жигиттер аркылуу сыртыңан көрүп келгем. Биринчи барганда дарбызга адрес жазган кызды көргүм келген. Анан жактырып калдым. Сени тартып алмак үчүн сени менен таанышмакка барганда сенин айылдаш жигиттериң сага жолотпой коюшту. Сени кызгандыбы же Карим экөөңө тоскоол бергиси келбедиби билбейм. Анан эки жолу

сенин жолуңду аңдып, таанышмак болдум, бирок сен эч жалгыз болбодуң, биринчисинде жаныңда Карим, экинчи жолкуда бир кыз болуп калды. Бул жолу кандай болбосун сага жетмек элем. Анткени Карим да даярданып атканын уктум.

- Касым, сенин оюң ушунча кыска беле? Эгер мен сени менен жашагым келбей өлүп алсам, анан Карим да асынып алса, табаң канмак беле? Ошондо сен кыйналбай кантип жер үстүндө жашамаксың, ошону ойлондуңбу?

- Жок, мен сени бактылуу кылам, сен Каримди унутуп коёсуң – дегем.

- Өзүңө ушунча ишенгенсиңби? Сен мени, Каримди билбейсиң. Мага үйлөнсөң сен да, мен да бактысыз болобуз, сүйүүсүз өмүр, тузу жок аштай болот. Эми сен жигит болсоң Каримди таап кел үчөөбүз сүйлөшөбүз, эгер ал мени сен башка бирөөнүн эшигин аттап койдуң, мен сени ала албайм десе, анда... Ошондо да экөөбүз бир-эки ай жөн сүйлөшөбүз анан мен сага көнө баштайм ошондо гана экөөбүз баш кошобуз, сенден сураныч, эч ким билбесин Каримдин келишин да кеткенин да макулбу? Алдасаң өзүмдү өзүм өлтүрөм, сен күнүгө мени кайтарып жүрө албайсың, чынбы? – деди.

Касым эмне кыларын билбей, жаак-башын кармалап, үшкүрүнүп отурду. Ортодо тынчтык өкүм сүрдү. Касым өзүнүн шашмалыгына, кыска ойлуулугуна өкүнүп, Алтынайдын акылына эми чындап ишенип турду. Убакыт өтүп жатты, бирок жигит да, кыз да башка ооз ачып сүйлөбөдү. Алтынай ичинен Жаратканга жалынып отурду.

Түн бир оокум. Эшиктегилер – ичкериде эмне болуп атат, – деп тынчы кетишет. Кемпирлер күйөө баланын досторун кирбейсиңербы, деп урушса, Касым өзү чыгат дешип, көнүшпөйт.

Капыстан такылдаган үндөн Алтынай эле эмес Касым да чочуп кетти.

- Касым! – деген үн угулду.

- Кир, кире бер, – деди Касым.

- Эшик ачылып, «спортивка» кийген жигит кирип келип, экөөнө алмак-салмак карап, таң калды. Касым анын таң калганына түшүндү, досу Касым кызды кучактап отурат деп ойлогон эле.

- Эмне олтурасыңар? – таң кала сурады эшиктен кирген жигит.

Касым ордунан туруп досун эшикке ээрчитип чыгып кетти. Алтынай эми кимиси кирип келет болду экен деген ойдо коркуп отуруп, үргүлдөп кетти.

Эшиктин ачылышы кызды чочутуп ийди. Эшиктен Касым кирди, артынан эки жигит. Алтынай Каримди көрүп, ыйлап жиберди. Касым үчүнчү кирген жигитти кете бер деп чыгарып жиберди. Карим кызды кучактап көпкө туруп, анан көзүнө карап:

- Сен өзүң келдиңби? – деди.

- Жок, алып келишти, мен сен экен дегем.

- Азыр алып кетсем, кетесиңби?

- Кетем, эгер таштап кетсең өзүмдү өзүм өлтүрөм.

- Сен меникисиң, эгер чакырбаганда баари бир угуп калсам, алып кетмекмин. Сенин абийириң мени кызыктырбайт жаным. Мен сенсиз жашай албайм, эгер калам дегениңде сени да, өзүмдү да ушул жерде соймокмун.

- Алып кетчи.

Карим Касымга карап: – Сен чоң күнөө иш кылгансың, эми күнөөңдү жуугуң келсе бизге жардам бересиң. Туугандарыңды ажылдатпай, өзүң тынчыт. Касым, Алтынайдай кыздар көп, болгону мээнет керек! Издеп эле эмес, аны сүйдүрүп, анан үйлөн дос -деди.

Касым сыртка кетти. Алтынай Карим менен кучакташып тура беришти, кыз ыйлап атты.

- Жаным мен сени мененмин, алып кетем ыйлаба!

Бир канча мүнөттөрдөн кийин Касым келип, – жүргүлө, – деди, көңүлсүз күнөөлүү карады!

- Касым сага ырахмат, бирок аксакалдар тескери бата берем деп убара болбосун каргап-шилебесин.

- Жок, мен баарын айттым, алар уруксат берди алып кете бер.

Жигит менен кыз кол кармашып жетелешип сыртка чыгышты. Аксакалдар башын жерге салып отурушкан экен, экөө чыкканда аларга бир карап алышып, кайрадан баштарын жерге салышты. Касым болсо экөөнө жол көрсөтүп шыбырады.

- Силерди жеткирип коёт. – шофёр карап турган экен, Касым ымдап койду эле унчукпай машинаны карай жөнөдү.

- Кереги жок ырахмат, – деди Абдыкарим.

Сүйүшкөн кыз менен жигит кол кармашып жай басып дарбазадан чыгып кетишти.

# ЖООПСУЗ КАЛГАН МАХАБАТ

Сырттан мотоциклдин келип токтогонуна удаа сигналы угулду.

Калыйма эшикке шашылып чыгып мотоциклде келгендерди карай басты.

- Кеттикпи? – деп сурады саламдан мурда Малик.

- Жок, апам жооп бербей жатат, – деген Калыйма колун сунуп учурашты.

- Ой, жеңем үйдөбү? – деди Малик.

- Ооба.

- Азыр өзүм кирип сурайм – мотоциклден түшүп, отургучунун арт жагынан көтөрүп тартты эле «шак» деген үн чыгып, эки таяныч жерди тиреп, мотоциклдин алды көтөрүлүп туруп калды.

- Ассолому алейкум жеңе, – деп күлмүңдөп кол суна ийилди Малик төрдө туштуурдук сайып отурган Калыйманын апасына.

- Кел кайним өйдө өт.

- Жок жеңе, мен ушундай эле олтурайын.

- Эмне болду, чай- пай ичпейсиңби, шашып кайда? – таңыркай кайнисин карады.

- Жеңе мен Калыйманы мени менен бир жерге отурушка барып келсин деп сизден сурап келдим, анан дагы радиоңузду үч-төрт пластинкасы менен берсеңиз.

- Кой сындырып коюшат. Калыйманы эмне кыласың, акеси менен да отурушка барчу беле, уят эмеспи.

- Жок жеңе кайра, ишеничтүү болбойбу, өзүм карап турам балдарды тийиштирбей, анан кайра экөөбүз баса беребиз.

- Макул анда, барса барсын.
- Аа радиону береспи?
- Таркыйтып аны эмне кыласың, сындырып койсоң төлөй албайсың, акең да мени токмоктобосун.
- Ой жеңе мен бийлебейм пластинка коюп берип отурам, эч кимисин жолотпойм.
- Кой бере албайм.
- Жеңе, сынса төлөп эле берейинчи музыкасы жок отуруш кызыксыз да.

Калыйманын апасы бир аз ойлонуп, Маликти тиктеп туруп акыры макул болду. Кайра-кайра дайындап жатып берди. Маликтин аркасына Калыйма учкашты, экинчи мотоциклде жигиттер ортосуна радиону кучактап алып жөнөштү. Малик аркада «обгон» баспай баратты.

Өзбекстан менен Кыргызстандын ортосунда жайгашкан айыл асфальттан бурулуп, күн чыгышка азыраак жүргөндө чоң арык, ага көпүрө ордуна куур коюлган. Арыктын аркы бетинде зым тор менен тосулган кашаа, темир тордон жасалган дарбаза чоң ачык эле. Мотоциклдер токтобой туура айдап үйдүн каалгасынын оозуна жете жанаша токтошту. Үйдөн үч-төрт жигит чуркап чыгып, радиону көтөрүп кирип кетишти. Калгандар да учурашып, ал-акыбал сурашып бүтүп, ичкери киришти. Үйдүн ичинде свет жагылуу эле, анткени айнек парда күңүрт, чоң-чоң гүлдүү болуп, тыгыз тартылгандыгынан сыртта али жарык экендигин көрсөтпөй койгон. Төрдөгү түш кийиз кооз сайылган, сол капталда шыпка жеткире кыргызча жыйылган жүк эки катарлаш коюлган сандыктын үстүнө жарашып турду. Кенен салынган дасторкон, дүр-дүйүмгө толтура. Лимонад, вино, пиволор коюлган. Пиялаларда куюлган чай. Дасторкондун ортосунда өзбектердин кичине севетине катар-катар коодоп тизилген анар, алма, эң үстүнө өзбектер сактап кыштан чыгарган жүзүм. Төрт бурчта чоң-чоң тарелкада кооздоп бир тилим коон, бир тилим дарбыз кылып коюлган. Алыстан караган адамга ушунчалык кооз, бул көрүнүшкө шилекейиң куюлса да эч кимиси кол тийгизип бузууга даабайт. Баары эле бирөөнү күтүп тургандай. Ким баштайт, ким бул сулуулукту бузат.?

Отургандар уурдана бирин-бири карашат. Андан-мундан сүйлөшүп отурушкан жаштар кээде тамашалап күлүшсө, кээде анча-мынча сөз көтөрө албагандар чычалап таарына түшүп жатышты.

Биринчи тамак да келди. Жанатан вино, пиволордон көзү өтүп отурган жигиттер кудуңдаша түшүштү. Жигиттердин адаты эмеспи, жүз грамм ичине киргенден кийин уялбай да калышат, шайыр, сөзмөр боло түшкөнүчү.

- Ой, жигиттер, силер эмне, кыздар менен "Ак терек – көк терек" ойноп аткансып, эки тарап болуп олтуруп алгансыңар, өткүлө кыздардын арасын бөлүп, бир жигит – бир кыз болуп отургула, – деп Ибрагим отургандарды козгоду.

- Койчу Ибрагим, жанатан кайда элең, эми оокат алдыга келип калганда элдин тынчын албай, – деп нааразы болгондой сүйлөдү Гүкү.

- Жоок, азыр деле кеч эмес. – Ибрагим өзүнүкүн коё бербеди.

- Чын эле карасаң, отурушубуз жарашпай калган тура, – сөзгө кошулду Искак.

- Ай Гүкү, мейли етө беришсин, винону чайга куйбай, жанындагы жигитке берип турасың, – деп ха-халап шаңдуу күлдү Бурма.

- Жок-жок, андай болбойт, жигиттер кыздардын стаканын текшерип, албагандарды алдырып турат. – Бакыт сөзгө кошулду.

- Андай эмес, ичпегенди кыстамай жок, эгер кыстасаңар мен кетип эле калам- деп бурк этти Алийма.

- Кокуй корктук. Макул сага кыстабайбыз. Жанына келип отурган Жаныш эки колун көтөрдү, отургандар анын кебетесине каткыра күлүп калышты. Эсеп эмес, башка да кыздар бар Алиймага эле эмес ошолорго да кыстамай жок, ичкендер иче бергиле силерди ушактабайбыз, бирок ичпегендерге тийишмей жок, – деди Жамила.

- Жоок андай болбойт, анда баары ичет, – деди Бакыт.

- Эй Бакыт, ичпесе бизге көбүрөөк калат да сүйүнбөйсүңбү, – деди жанатан унчукпай отурган Малик, карындашынын ичпешин эске алып.

- Ой андай десең кыздар баары ичпей коёт, – дейт Жаныш.

- Ичет, кимдер ичкенин мен билем, алар ичпесе оозуна өзүм куям,- деди Малик.

- Мен кармап берем, ха-ха-ха – деп каткыра сөзгө кошулду Алмаз.

Чай ичилип, оокат желип, вино, пиво да тез-тез стакандарга куюлуп, тосттор айтылып жатты. Бүгүнкү майрамдын күнөөкөрү Ыскак эле. Жоок, туулган күн эмес, аскерге узатуу.

Отурасыздарбы зерикпей, коноктор? – Ыскактын эжеси меймандардан кабар алып, кайсы салатынын тарелкасы бошоду экен, бош

болсо кайра жаңылап коёюн деген ойдо кирген, – ой силер эмне, коон-дарбыз жебес болгонсуңарбы, алгыла, – деп кыз-жигиттерге кыдыра карады.

- Аябай кооз жасалган экен, эч кимибиз буза албай отурабыз, -ачык- айрым шакылдаган Бурма тамашалай жооп берди.

- Жей бергиле кооздукка эмес, силерди жесин деп койгонбуз да муну.

- Анда мен баштап берейин, кана алгыла кыздар, – деп Бурма коондун бир кесимин сууруп алып, жеп кирди. Кыздар бирин-бири карап, анан Бурмага караштьі, өздөрү да араң турган эле, биринен кийин бири коон менен дарбыздан алып жей башташты.

- А бизди деле алгыла деп койсоңор эмне болот я? – деп кыздарга карады Бакыт.

- Сен биздин кулагыбызды карап тур, кызарганда жейсиң, – деди Бурма. Отургандар дуу күлүп калышты.

- Сенин кулагыңды карабай эле жесем урасыңбы?

- Жана эле жей бербейсиңби сурабай, же сага тарелканы узатып, ала кой деп жалыныш керекпи, – деп дагы Бурма тийише сүйлөдү.

- Антсең жарашпайбы, же мен андайга татыктуу эмесминби? – деп күлдү Бакыт.

- Эгер сен кыз болуп, мен жигит болуп жаралганда анда сен тойдум жебейм дегениңче тарелкасы менен алдыңа кармап турат элем, – деп каткыра күлгөн Бурмага удаа башкалар да күлүштү.

Кой, ушундайымда унчукпай эле коёюн, антпесем бул кыздан кутулбайм деп ойлогон Бакыт дарбызын жеген бойдон үнсүз отуруп калды. Бир сыйра дасторкондун чекеси тазаланып, салаттар жаңыланды, эми бир караган адамга эл жаңы эле дасторконго отурганга окшоп калды. Ары жакта Малик музыка коюп жатып:

- Ой силер тойдуңарбы деги, бийге чыкпайсыңарбы? – деди. Отургандар бирден, экиден ордуларынан козголуп тура башташты. Дасторкон чоң салынганы менен бөлмөнүн жарымы бош эле. Калыйма бурчта эл күлсө күлүп, сөзгө аралашпай анда-санда жанындагы кыздар менен шыбыраша сүйлөшүп отурган, ал бир чети акесинен тартынса, бир чети кечелерге көп барбай жүргөндүктөнбү бир аз кысылып отурат. Анын үстүнө жигиттердин көбүн таанычу да эмес. Башкалар бийлеп, күлүп, аябай көңүлдүү, өздөрүн эркин сезишет. Өзгөчө Бурма, ал вино да ичип алган эле. Калыйма акырын акесине караганда, акеси ага чыгып бийлебейсиңби деген белгини

берди. Жанында отурган кызга: – жүр бийлейбиз, – деди. Экөө ордуларынын туруп келип, бийге аралашты. Вальс башталганда Калыйма четте турган, аны бир жигит бийге чакырды. Кыз көз кыры менен акесин акырын карады, Малик билинер-билинбес башын ийкеп койду. Кийинки вальска Калыйманы Бакыт тартты, дагы акесин карады, Малик башын чайкап койду эле: – жок, бийлебейм, башканы тартчы, – деп койду. Бакыт эки-үч кайталап колун коё бербей, тарткылаганда Малик: – Бакыт эмне болду, түшпөсө зордойсуңбу? «- деп койду. Бакыт кыздын колун коё берип, анын жанындагы кызга өттү, ал да түшпөйм деп койду, бир аз кызып алган Бакыт ыза болдубу, сөгүнө сыртка чыгып кетти. Эки бала артынан чыкты – бирөө Ыскак экинчиси Алмаз эле. Экөө көптөн кийин кылжыңдап термелип калган Бакытты жетелеп келип, бурчтагы төшөккө жаздык коюп жаткырып коюшту. Ыскак Маликке бирдеме деп шыбырап койду эле Малик:

- Кана бий бүттү, дасторконго отургула, тамак келатат, – деп музыканы өчүрдү. Табак-табак аш, үстүнө капкара майда тууралган эт басылган, укроп, көк пияз туурап себилген аш көргөндүн табитин ачат. Табактар ордун тапкандан кийин, эшик ачылып, узун бойлуу арыкчырай, кара костюм-шым кийген, кашы-көзү кара жигит колуна шампанский көтөрүп кирип келди. Жылмайганда бетине уюк ордуна кыска-кыска эки катар сызык пайда боло түштү. Тамагыңар таттуу болсун, – деди кирип келип.

Рахмат, – деп кыздар жооп беришти. Жанагы жигит орун издедиби, бир аз туруп калды.

Бул жакка өтүң, – деп Малик ордунан турду.

Жок, жок, мен бул жерге эле отурам, – деди да жигит Ыскактын жанына отурду. Тегерете отургандарга көз чаптырып, бурчта отурган кызга тигиле карап, туруп калды. Бир караган адамга анын көз карашы «бул кызды кайсы жерден көрдүм эле» деп ойлоно тиктегендей эле. Эшик ачылып, келин колундагы патносто шыгырата рюмка көтөрүп кирип келди. Жигиттин оюн бузган келин ага келип патносту сунду. Тиги жигит ала коюп, дасторкондун четине койду.

Тамакка карай бергиле меймандар, – деди да ал жылмая, өзү шампанскийди ачып жатып. Улам-улам Калыймага карап коёт, шампанский куюлган рюмкалар тез эле ээлерине жеткизилди.

- Кана, меймандар, рюмканы колго алыңыздар, мен иниме каалоо айтып койсом.

Мен ичпейм, дегендер кыздардын арасынан чыга баштады. – Колуңарга алып турсаңар калганын анан сүйлөшөбүз, – деп жигит күлмүңдөп кыздарга карап турду, кыздар унчукпай колдоруна рюмкаларды алып, жигитке кулак салып отуруп калышты.

- Ар бир жигиттин бир милдети бар, ал армияга барып келүү. Армияга барып келгенден кийин гана жигит киши келечектин ар кандай сыноолоруна чыдай ала турган эр-азамат болот. Армияга чейинки жигиттер дүйнө түшүнө кирбеген тентек бала деп эсептелет. Эмесе, Ыскак иним, сен бүгүн жигиттик милдетиңди актоого кеткени турасың, сага эң биринчи ден-соолук каалайм, анан чыдамкайлык, өжөрлүк, күч-кубат каалайм. Иним элиңди, ата-энеңди уят кылбай турган эр жигит болушуңду суранам. Эки жыл көз-ачып жумганча өтүп кетет. Ар кандай кыйынчылыкты жеңе бил. Кана эмесе, инилер, карындаштар Ыскак үчүн ушул колубуздагы куюлган шампанскийлерди алып жиберели, – деп рюмка кармаган колун алдыга сунду. Башкалар да эңкейип, рюмкаларын ортого сунуп бирибирине тийиштиришти. «Трың-трың» деп кагышкан рюмкалардын үнү үйдүн ичин жаңыртып жиберди. Шампанский ичилип бүтүлдү, ичпегендерди кыстап жүрүп, ооз тийгизишти. Эмесе отурушуңар көңүлдүү улансын, мага уруксат бергиле барайын, – деп алакан жайды Ыскактын акеси.

Отурбайсызбы биз менен деген сураныччтарга карабай бата кылып, чыгып кетип баратып көз кыйыгынан Калыйманы карап койду. Кыз жер тиктеп калды. Кызык ко, мени эмне эле тиктейт бул киши, жанагы аялы болсо керек деп ойлоду Калыйма. Отуруш таң атканча болду. Эрте менен Ыскакты акеси менен эки-үч жигит жеңил машина менен военкоматка алып кетишти. Ата-энеси, бир туугандары чоң көчөдөн эле узатып калышты. Жаштар да ошол жерден коштошуп, машина кетер замат үйлөрүнө жөнөштү. Малик, Калыйма жана эки жигит кайра Ыскактын ата-энелери менен үйгө келишти, себеби мотоциклдери Ыскактын үйүндө калган. Радиону да ала кетиш керек эле.

* * *

Эрте жаз. Мелмилдеп жаткан талаалар. Чаң баскан тракторлордун үнү гана талаалардын тынчын алат, айдалган жерлерде учупконуп жүргөн каргалар. Тиги картада бир трактор жер айдап жатса, артынан башкасы малалап жүрөт. Ал эми башка картада тракторлор

пахта эгүүдө. Бир бригада аял-эркектер чоң суу келчү арык жээгинде кетмен көтөрүп жүрүшөт. Калыйма окуудан кийин атасына жардам бергени талаага жөнөдү. Калыйманын атасы повур болуп иштөөчү. Кыз атасына түшкү тамакка барып эл тамак ичип бүткөндө идиш жуушуп болуп, огоротко эгин экkenге жардам бермек. Ал шыйпаңга жеткенде эл түштөнүп аткан эле. Алыстан бирөөнүн өзүнө аябай тигилип карап турганын сезди.

Ыскактын акеси Калыйманы алыстан көрүп, жүрөгү туйлап тез--тез сого баштады. Чын эле ошол кыз биз менен иштейби? деген суроо менен бирге көз алдынан түркүн элестер тизилип өтүп жатты. Калыйма Ыскактын акесин эстеп да койгон эмес, эч нерсе болбогондой аялдар менен учурашып отуруп калды.

Ошол күндөн баштап Калыйманы күндө көрүп, ан сайы ашыктыгы артып, сүйлөшүүгө даай албай, жигит кыйналып жүрдү. Пахта тегиз чыгып, аялдар жегенеге түшүштү. Калыйма да апасы менен бирге талаада иштеп калды. Эми мурдагыдан да жакындашып, тааныш оор болуп калганын сезген жигит кандай кылар айласын билбей калды.

Күндөр өтө берди. Жаз бүтүп жай ортолоду, коон-дарбыз бышып, дыйкандар машиналарга жүктөп, алыскы шаарларга сатууга кете баштashты. Калыйманын да атасы башкалардай эле бир камазга дарбыз жүктөп кетти. Талаада азыр иш жок, себеби бардык карталарга суу коюлган, суу карап тарап жүргөн сугатчылар гана кетменин көтөрүп, пахта талаасын аралап жүрүшөт. Калыйма атасынын ордуна повурлук кылып шыйпаңда. Кыз-келиндер эс алууга кетишкен. Ыскактын акеси, атасы менен бир тууган абасы экөө 13 гектарлык картанын суусун карайт. Султан аке менен Абдувахап аке дагы бир картага суу тарашат. Баса, Абдувахап акени «сүзүлсүн тага" деп коюшчу. Себеби өзү өзбек, кашы-көзү кара киши эле, көзүн өзү атайынбы же тубасабы сүзүп жүрчү. Абдималик, Кадыр, Адыл акелер 25 гектарга суу тарашчу. 11 гектарга Абсатар ава уулу экөө сугатчы эле. Ошентип башы-аягы 10-11 киши талаада болор эле. Ошолорго түшкү тамак бышырып, Калыйма ашканада жүргөндө эч ким жогунан пайдаланып, таанышуу жолун издеп, Ысактын акеси кетмен чыңайын деп шылтоолоп шыйпаңга келет. Калыйма картошка аарчып отурган, ары жактан Рысбай Абдыкадыровдун «Издейм сени» – деген ырын ышкырып, бирөө келе жатты, ага көңүл бурбай Калыйма өз иши менен алек.

- Кандай чоң кыз, тамак быштыбы? – жылмая карап, жооп күткөн жигитке:

- Курсагыңыз эрте эле ачкан го, убакыт боло элек, – деди кыз.

- Билем, жөн эле тамашалап атам, – сөз үзүлүп калды. Эмне деп айтсам, же Ыскакты эсине салсамбы? – деп ойлоно калды.

- Сизге бирдеме керекпи? – деп сурады кыз.

- Жок, кетменимди чыңап алсамбы деп эле келдим эле.

- Чыңай бериңиз, – деп кыз сыртка чыгып ашкананын артына өтүп очокко отун салмакчы болгондо:

- Жардам керекпи, – деп сурады жигит.

- Жок, жөн эле коюң, өзүм эле эптейм.

- Баса чогуу иштеп тааныша да албадык, атың ким болот?

- Калыйма.

- Эң жакшы, менин атым Абды

- Абды аке сизге балка керекпи?

- Керек, – деп жылмайып койду.

Кыз ордунан туруп кайра ашканага кирди да балканы көтөрө чыгып, жигитке сунду.

- Рахмат, – деп жигит балканы кармалап туруп: – Калыйма, биздикине барган элең, эсиңдеби? – деп сурады.

- Качан?

- Жазда.

- Сиздикинеби?

- Ооба

- Жок,эсимде жок.

- Ыскакты тааныйсыңбы?

- Ооба.

- Мен ошонун акеси болом.

- А ошондой дебейсизби. Эми эстедим

- Мен сени биринчи күнү эле таанып калгам, бирок сени тааныйбы десем унчукпайсың.

- Тааныган жокмун. Ал отуруш эсимден да чыгып кетиптир. Ал жерге мени Малик акем алып барган, Ыскак акени акем аркылуу таанычумун, себеби экөө училищада бирге окушчу. Ал отурушта жигиттердин да, кыздардын да көбүн таанычу эмесмин.

- Малик акең болобу?

- Ооба, авамын баласы да.

- Жакшы, өзүңдүн бир тууган акең барбы?

- Жок, үйдүн улуусу менмин. Ушул учурда арт жактан үн угулду.

- Оо Абдурасул сени кайда жүрөт экен деп талаадан издесем, сен кыз менен сүйлөшүп мында белең, – табелчинин капысынан келип калганын көрүп уяла түшкөн жигит:

- Мен кетмен чыңайын деп азыр эле келип калгам.

- Чыңап бүттүңбү?

- Жок балканы азыр алдым.

- Чыңа-чыңа, анан мага кирчи сөз бар.

- Макул – деп Абды балка кетменин алып ары басты, табелчи да кытмыр күлүп, кирип кетти.

Абдурасул кетменди тарсылдата уруп, шашыла чыңап бүттү да табелчинин артынан бөлмөгө кирип барды:

- Уруксатпы? – деп босогодо туруп калды.

- Кир, отур. – Отургучту көрсөтүп, жылмайды табелчи. Абды келип отурду. Табелчи сынап карап, жылмайып турду, муну Абды көз кыйыгы менен көрүп турса да, көрмөксөн болууга аракет кылды.

- Калыйма жактыбы? – жылмая сүйлөдү табелчи.

- Жакшы эле кыздай көрүнөт ко.

- Жакшы эле эмес... сүйлөштүңбү?

- Эмнени? – таң кала сурады Абды.

- Эртеден бери жанында отурасыңбы?

- Жок жана эле келип...

- Тааныштыңбы? – таң кала сурады табелчи.

- Ооба

- Анан?

- Мен Калыйманы инимдин вечиринде көргөм.

- Аа эски тааныш белең?

- Жоок, анда тааныша алган эмесмин, бирок өкүнүп калдым эле.

- Аа, бир көрүп жактырып калып, анан тез эле жоготуп жиберип, издеп жүргөн жомоктогу баатырга окшоп де...

- Ошого окшоп кетет ко.

- Дагы жоготуп ала электе аракет кыл.

- Шашканда таарынтып аламбы, мен андан анча эле улуумун, анын үстүнө...

- Эмне болду, шылкыйбай чечкиндүү, курч болбойсуңбу?

- Сиз деле билсеңиз керек?

- Эмнени?

- Мен үйлөнүп ажырашып кеткем.

- Качан? Укпаган экенмин.
- Бир жылдан ашып калган.
- Бала жокпу?
- Бар да.
- Ээ иним, ишиң чатак экен.
- Мен үч ай эле жашап, анан ажырашып кеткем.
- Эмнеге?
- Биринчиден аны мен сүйүп үйлөнгөн эмес элем, апамдын жээни экен, менден уруксатсыз эле куда түшүп коюп, анан той болгон. Мейли, көнүшүп кетермин, деп тагдырга моюн сунуп жашап калсам...
- Эмне болду, кетип калдыбы?
- Жок, күнүгө иштен чарчап келсем тетири карап жаткан болот. Сага эмне болду деп сурасам үн жок, унчукпайт, бир күн эмес экинчи, үчүнчү... бара-бара адат болуп калды. Ага да макул болгонсуп унчукпадым. Бир күнү досум жолугуп калып үйгө кошо келди, мен барба дей албадым. Үйгө келсем, адатындай жатат, жанына келип: аяшың келди, туруп чай койбойсуңбу? – десем, туруп чай койду, дасторкон салды, чай демдеп берип коюп, кайра жатып алды. Досуман уялып: – эрте менен ооруп атам деп айткан аяшың, бүгүн бир аз сыркоолоп атат окшойт, капа болбойсуң, – дедим.
- Эч нерсе эмес, – деп күлүмүш эткени менен кыраакы кишиге айла жок ко, бардыгын билип тургансыды. досумду узатып кайра үйгө кирдим, ачуум катуу келди, өзүмдү араң кармап: – жок дегенде үйгө киши келгенде чыдап, отуруп турсаң өлөсүңбү? «- десем эле кайра мага асылып кетти. Ачуу келгенде өзүмдү кармай албай, уруп жибердим. Эртеси иштен келсем, кетип калыптыр.
- Алып кел, – деп апам мени урушуп да, алдап да көрдү, көнбөдүм. Ал өзү келбеди, мен барбадым. Апама – жашабайм деп туруп алдым.
- Баланчы?
- Аялым, кеткенде кош бойлуу экен, мага айткан эмес, төрөлгөндө укту м, бирок барбадым.
- Эмнеге? – таң калып сурады табелчи.
- Мен барсам сөзсүз аны кошуп беришмек, мен ошон үчүн барбадым.
- Калыймага чын эле көңүлүң барбы?
- Бар, бирок менин үйлөнгөнүмдү, кызым бар экенин укса мага тийбейт ко?
- Эй, кызык экенсиң сен, анын жүрөгүн ойгот, сүйдүр. Сүйүү күч-

түү, ал баарына кол шилтеп коё берет. Эгер сүйүп калсаң сүйлөш, бирок чындыкты сенден уксун.

- Кантип айтам?

- Сен азыр эмес, биринчи достош, анан айт анан ага жагууга аракет кыл.

- Аны өзүм да ойлонуп атам, Калыйма мени сүйбөсөчү, балким сүйгөнү бардыр?

- Мен жардам берем.

Абды күнүгө «Издейм сени» деген ырды ышкырыкка салып, эл иштерине туруп кеткенде келчү адат таап алды. Калыймага анысы жага бербеди. Бир күнү Калыйма ышкырыкты угуп, ким келе жатканын дароо билип ашкананын эшигинин оң жагындагы керебетке жатып уктап калган киши болуп алды. Максаты Абдырасул кетип калса. Андай болбоду, бир аз карап турган жигит колу менен кыздын жүзүнө сүрөт тартып кирди. Кашы, көзү, бети, мурду, оозу. Бир аз күттү, кыз катуу уктаган кишиче тоготподу. Чынында кыжыры келип, чын эле боёп койдубу деп жатат, кетсе – кетсе экен, күзгүгө карап арчынып алам да деп коёт өзүнчө.

- Эй Калыйма, катуу уйкучусуң го, бетиңе көө сүйкөп койсом да сезбейсиң, – деди Абды.

Аргасыз, козголгон киши болуп оонап баратып көзүн чала ачып, кайра жумду. Чочуп кеткен болуп тура калды.

- Сиз качан келдиңиз, – уялган, нары жактырбаган болуп карады.

Ошол эле бригадада эки өзбек жигит да иштечү, биринин аты Азимжан, экинчиси Набижан эле. Өзбек кыздар деле бар эле Сахиба, Фарида, Салима аттуу. Эмнегедир Азимжан Калыйманы сүйүп калат, аны менен көп сүйлөшүп отурчу. Тамаша, аския айтып берип күлдүрчү. Абды ага аябай ачууланчу, кызганчу, бирок эч нерсе дей алчу эмес. Муну Абдумалик сезип калат. Ал бир-эки жолу Азимжанды коркутуп, кызга сүйлөтпөй коймокчу болот, бирок Абдырасул көнбөй токтотуп коёт. Балким жөн эле сүйлөшүп отургандыр, Калыйма аны сүйө калбас. Абды аккордеондо жакшы ойночу. Бир күнү аккордеонун ала келип, түшкү дем алышта музыка ойноп, кыздарды өзүнө тартып, аларды бийлетип жатты. Калыйма да аларга кошулуп бийлеп, ырдап кирди, мына ошол күндөн баштап кыз Азимжан менен Набижандан алыстап кетти. Өздөрүнчө ансамбль түзгөнсүп Фарида челекти көмкөрүп чилдырман чалып кирди. Түшкү эс алуу

көңүлдүү өтчү болду. Эми Азимжандар кантип кызды имериш айласын таппай калышты.

Август айы. Пахтанын чиканкасы бүтүп, кыз-келиндер совхоз берген автобуста Арсланбапка ойноп, эс алып келүүгө кетишкен. Калыйма атасынын ордуна повур, баргысы келди, бирок атасына айта албады. Атасы огорот сугарат, карайт, бышканын үзүп сатат.

Күн түштөн өтүп калган эле, сугатчылар карталарында жүрүшкөн. Шыйпаңда табелчи, да бригадир да жок. Калыйма огороттун баш жагына эгилген памидордун кызылын эки чака менен улам терип чыгып, ашкананын үстүнө туздап жайып жаткан. Кургаган памидорду жипке ийне менен өткөзүп, шурудай тизип, илип койсо кышка жакшы сакталат. Кышында идишке салып, кайнак суу куюп жумшатып, томаттын ордуна пайдапланса болот.

Абды адатындагыдай эле эрте келген, бирок Калыйма ашканада эмес, үстүндө иш кылып жатканын көрүп, артынан чыгып баруугa аргасыз болду. Калыйманын жанына отуруп алып, кызыктуу нерсени сүйлөп, жардам берип жатып, эң четки тосунга отуруп калганын өзү да сезбеди. Анткени помидор көп болгондуктан ашкананын үстүндө бут коёрго жай калбаган эле. Калыйма акыркы чаканы шатыда туруп кесип туз сээп жайып бүтүп, жерге түштү да самоорго от жакты, бешимге чай кайнатыш үчүн. Ал эми Абдырасул ошол тосунда отурган калыбында сүйлөп аткан. Ал аңгыча люлкалуу мотоциклин тырылдатып Сүзүлсүн тага келип калды да: – Э ха, Абдыжан сизди ким короз кылып кондуруп койду аа, – деп күлүп жибергенде Абды жерге кантип түшүп калганын өзү да билбей калды. Кызарып сөз таппай, же качып кете албай, же жооп бере албай, кыздын алдында оңтойсузданып, жана эле булбулдай сайраган үнү өчүп, апасынан таяк жеген баладай жер карап туруп калды. Калыйма болсо Сүзүлсүн тага менен кошо күлүп кумардан чыкты.

Жайкы түшкү эс алуу абдан кызыктуу өтөт. Аялдар өзүнчө, эркектер өзүнчө отуруп тамактанышат. Кээде күн аябай ысып, үп тартып сууга түшүүнү карысы да, жаштары да эңсеп калат. Улуу аялдар арасында Роза деген аял аялдарга шыбырап кеңешти:

- Эркектерге суу чачалы!

- Давай,- десе бирөө, экинчиси:

- Ой,сөгүп жиберишпесин деди.

- Сөкпөйт, этпейт, өздөрү да араң олтурат болсо керек. Калыйма, чакага суу алып, билдирбей нары жагына коюп койчу, - деди Роза эже.

- Макул, – деген кыз чака менен жерге суу чачты, эркектер:

- Ой азамат, ошону жакшы кылбадыңбы? – дешип ыраазы болуп олтуруп калышканда Калыйма чаканы суусу менен коюп койду. Роза эже тамактанып бүтүп, нан-панын жыйнап, сеткага салып илгени турду, башка аялдар да анын кылганын кайталап, ордуларынан турушту. Роза эже ары баскан болуп, эркектер отурган жерден бир аз өтүп барып, арыкты көздөй басты да чаканы тез алып эркектерди көздөй сууну шилтеди. Жанатан эмне болор экен деп карап турган аялдар эркектерден мурда чыңырып жиберишти. Эркектер эмне болуп кеткенин түшүнбөй, кээси ыргып тура калса, кээси жата калып колу менен сууну тосушуп келтектен өзүн калкалагансып, колдорун көтөрүп калышты. Кээ бири нес болгон эмедей отурган жеринде кыймылдабай отуруп калышты. Роза эже аялдарды көздөй жөнөдү, ал эми аялдар кыраан-каткырык салып күлүп калышты. Иштин жайын эми түшүнгөн бригадир жашыраак жигитке: – чакага суу алып, өздөрүнө чач»,- деп буйруду. Жигитке кудай берди, аялдар да карап турабы, чакага андан эртерээк жетиш үчүн чуркашты бир келин тез келди, бирок жигит чаканы биринчи алып коюп тез суу сүздү бурула качкан келиндин артынан жете барып, бир чака сууну башынан ылдый куюп жиберди. Эми эркектердин каткырыгы чыкты.

- Азаматсың, – аңгыча кеселери менен аялдар эркектерге токтоосуз суу чачып киришти.

- Тургула, сууга баскыла! – деген бригадирдин үнүнө удаа эркектер аялдарды качырып жөнөштү, жеткенин колунан алып, кичине каналды көздөй сүйрөштү. Жиңил-желписин жөн эле көтөрүп алышты. Аял эркектердин күлкү аралашкан чаңырыктары шыйпаңды жаңыртып жаты. Көпкө ойноп акыры чарчашты. Апаларына болушкан балдар эркектерге топурак чачып куткарыш айласын кылат, аларды чоңдор тоготуп да койбойт. Сууга түшкөн чычкандай бири да калбай суу болушкан аялдар «болду, болду «- лап көйнөктөрүнүн этек-жеңин сыгынып калышты. Бул күн баарына аябай жакты окшойт далдага барып курганып келгендер көпкө күлкүлөрүн тыя албай, ким-ким сууга түшкөнүн ким арыкка салып бутунан сүйрөгөнүн кайра-кайра айтышып, жыргап отурушту.

Абды да Калыйма да Азимжан, Набижан, Абдымалик да бул оюндан четте калган эмес. Жигиттер кыздарды бирден көтөрүп барып, сууга ыргытышып, кээ бири өзү кошо түшүп кетип, чыгайын десе эки кыз бирдей жабышып, чыгарбай сууга бышып атышты. Калый-

маны кууп жүрүп кармаган Абды кичинекей арыкка басты, аңгыча Абдымалик келип, сүдүрө деп жынсы шымынын багалегинен кармады, эки жигит эки бутунун кызыл ашыгынан кармап чуркаганда кыз суу үстүндө бараткан катердей сууга тийбей учту, уялып чыңырып жиберди. Жигиттерге ансайын жактыбы, каткырып күлүп чуркашат аны көрүп калган эки кыз эки чака сууну алып келип, экөөнө чачып жибергенде кызды коё берип кулактарын каккылап силкип, секирип калышты. Калыймага турушка жардам берген кыздар ал жерден тез качышка аракеттеништи, жигиттер эсине келип кармайын десе кыздар алыстап калган эле. Карма-кармалап кууп жөнөштү, кыздар чыңырып ар жака качып кутулуу аракетинде.

Ошол күндөн тартып күн куру эмес. Бир күнү аялдар баштаса, эртеси эркектер баштап, түшкү дем алыш күндөрү шаңдуу өтүп жатты. Бир күнү адаттагыдай эле көрүнүш, ызы-чуу болуп суу чачышып ойноп атышкан. Кичинекей балдар эркектердин бут кийиминин ичине баткак тыгып койгон эле. Алыстан чаң көтөрүлдү. Чаң жакындагандан кийин чоңдордун машинасы экендигин көрүп, бригадир табелчи экөө бут кийимине жүгүрүп барып, ичине көңүл бурбай эле кийип баратып бригадир жумушчуларга: – бизди сураса мен... – деп атып чочуп токтоп калды. Себеби буту былч дей түшкөн эле, шашыла бутун сууруп алып бут кийимин колуна алып чуркап пахта талаасына кирип баратып: – огоротуна кеткен дегиле!

Анын кебетесин көрүп, башкалар каткырып күлүп алышты сугатчылардын резина өтүктөрүн өчү бардай толтуруп коюшкан экен, алар дагы кетменин көтөрүп көздөн кайым болмокчу эле бутун баткакка тыкканда бирөө балдарды карап кыйкырды:

- Силердиби, кибиреген шайтандар!

Резина өтүктөрүн жуугуча чаң дагы жакындады, улгайып калган кишилер бул кебетеси менен чоңдорду тосуп алыштан уялып өтүктөрүн колуна алып бөжөңдөй жерди карап тез-тез басып өз-өз карталарына качышты.

Машина да келип токтоп совхоздун, директору менен механик Камил аке түштү.

- Ой кебетеңер кантет? – Таң кала тиктеди директор.
- Биз суу чачышып эле ойноп атабыз, – деди Роза эже.
- Ысып кеттиңерби?
- Ооба. Каналда балдар, кыздар киринет, ал жакка биз барбайбыз да. Каткырып жалпы күлүштү.

- Жакшы-ы, жакшы. Бригадир кайда?

- Ал абет ичип агороту жакка баскан эле.

- А табелчиңерчи?

- Ал лес жакты көздөй баскан 25 гектарды карап келейин деп, 11 гектарды бүтсөк ошого өтөт окшойбуз, – деп оюна ошол келген Карим аке колу менен көрсөтө сүйлөдү.

- Чакырчы!

- Азыр. Малик бригадирди чакырып келе кал ал жакыныраак, табелчи өзү да келип калат ко. Малик дөңгө басып барып кыйкырып чакырды.

- Курал аке-е-е. Курал аке-е-е! – Ышкырып коюп, бир аз туруп кол булгалады, кайра карап туруп бери басты. – Келатат, – деп бери жакка кыйкырды. Бригадир кийимин алмаштырып чала курганган чачын тарап алыптыр, бирок бут кийими былчылдайт. Сыр бербей келип.

- Ассолому алейкум, келгиле, – деди.

- Келдик.

- Жүргүлө кабинетке кирели, Калыйма бизге чай демдеп берчи. – Калыйма ашканага жөнөдү, аялдар кийимдерин кургатканы тыт катарга кетишти.

Азимжан Набижанга арманын айтып:

- Ээ дос, мен өзбекман, у кыз кыргыз, баари бир тегмайди да,- дейт.

- Азимжан, галатисан да, кыргызлар кызни олиб качади, сен хам олиб кач, шунда сеники болади, – деп акыл үйрөттү досу.

- Агар кыз севмасачи?

- Теккандан кейин секин-секин көнади да, иннан кейин севиб калади, – деди. Азимжан бари бир Калыйманы сүйдүрүшкө аракет кылмак болду, эгер сүйбөсө анда... жоок сүйүүсүз болбойт да деп койду өзүнчө.

Азимжан Калыйманын өзбекче сүйлөгөнүн аябай жактырчу. – Тили ушунчалык ширин, угуп отуруп уктап кетесиң киши, – деп досторуна Калыйма жөнүндө сөз кылганын Абды бирөөдөн угуп алып, ичинен кызганып эмне кыларын билбей кетет. Калыйманы өзбекче сүйлөбө деп тыюу салгысы келет, анте албайт, курдаш кыздары өзбек болсо, ал тургай өзү да өзбек классты бүткөн, ага өз тилиндей эле сезилет чыгар, эркин сүйлөп, кала берсе өзбек тилинде Абдыны, шылдыңдайт, кыздар жигитти тиктеп алып аябай күлүшөт, байкуш эмне кыларын, кайда барарын билбей калат.

Калыйма көп шылдыңдап күлгөнү же өзүнөн алыстаткысы келгенин, же жактырып тамашалап, эркелегенин сездирбей, жигиттин санаасын санга бөлчү.

* * *

Күз. Пахта терим кызуу жүрүп жаткан учур. Талаанын көркүнө көрк кошкон пахта теруучу машиналар жана жардамга келген мектеп окуучулары, училищанын балдары. Шыйпаңдар да бош эмес. Механик, начальник, бригадир, мугалим мастерлер сөрүлөргө олтуруп алышып, чайдан анда-санда ууртап коюп, кызуу сөзгө кирип кетишкен. Кээде каткырыктары катуу чыгып, ашканага угулат. Калыйманын иши көп, үч казан тамак бышырат, бирок жалгыз эмес. Эки жардамчы кочегар бала, бир кызды кошуп беришкен. Кочегардын бири училищадан эле. Шыйпаңда ойногон балдар да бар, аларга да Калыйма бакча. Бригадирдин өтүнүчү менен шыйпаңдын бир бөлмөсүн Калыймаларга берген. Эми алар кароол да болуп калышкан. Атасы шаарга кеткен, үй алып, сарай салып ата-бабам жашаган жерге барып, туруктуу мекен куруп, өлгүчө ошол жерде жашайм деп кеткен.

Бир күнү Азимжан кечки жумушчуларды ташыган машинага чыкпай көпкө күйпөлөндү.

- Калыйма, сиз качан кетесиз? – деди.

- Азыр.

- Кай жак менен?

- Машина менен. – Калыйма машинанын жанына барганда Азимжан машинанын бортуна секирип чыгып алды. Калыйма бир аз аны-муну сүйлөшүп турумуш эткенде машинанын мотору от алып жердегилер шашыла машинанын бортуна жабышып жатышты. Эл ызы-чуу, ары жыл, бери жыл, сен бул жакка, мен бул жакка, капты ары кыл. Иши кылып ордуларына олтура электе машина жүрүп кетти. Калыйма талдын далдаасына жашынып алды. Азимжан аялдарды, кыздарды тиктеп Калыйманы таппай калды, акырын шыйпаң жакка көз жүгүрткөндө канал жакка кеткен Калыйманы көрүп, алдап койгонун билди. Бул жолу да сүйлөшө албасына көзү жетти. Башка бир күнү Калыйма жөө канал боюндагы жолго түшкөндө артынан велосипеддин калдыр-шалдыры угулду. Таштак жолдо Абдималик калдаңдатып велосипед минип келе жаткан экен, ал кызга жакындаганда тормуз берип, велосипедден түшүп, жанаша басты.

Экөө тең унчукпай жүрүп отуруп, канал жээктеген чоң жолго түшүштү.

- Калыйма.

- Эмне?

- Сен Азимжан менен жүрүп атасыңбы?

- Жок, чочуп жооп берди кыз.

- Жакшы, рахмат

- Эмнеге?

- Жообуңа.

- Эгер ооба десем эмне кылмаксыз?

- Андабы мообу каналга ыргытып жибермекмин.

- Мениби?

- Ооба.

- Кантип?

- Ушинтип эле, эсиңде болсун, эр албай 60 жаштагы чалга тийсең да кыргыз болсун, өзбекке тийбе!

- Эмнеге?

- Ал жагын сурабай эле кой, аны өзүң жакшы билесиң.

Кыз ачуулана тиктеди да тез басып кетти. Артынан Маликтин чакырып токтотууга кылган аракетине көңүлүн да бурбады. Велосипедин шашыла минип тез айдап, жетип келген Малик:

- Калыйма токтосоң, – деди.

- Мына токтодум, эмне деп мага акыл үйрөтөсүз.

- Акыл үйрөтпөйм, өзүң эстүү – акылдуу кызсың да.

- Анда эмне токтоттуңуз? – деп жактырбай сурады.

- Жөн эле сени менен бир нерсени сүйлөшсөм дедим эле, – деп бир аз мукактана түштү. Сынай карап турган кыз оюнда: – Бул эмне өзү мага сөз айтып, макул десем алгысы келип турабы, – деп күмөн санады. Себеби, аялы төрөбөгөн фигурасы жок бир кийим жарашпаган келин эле. Эгер мен ойлогондой болсо бүгүн эле аялына айтып коём, деп турганда

- Калыйма сени ким сүйөрүн билесиңби? – деди.

- Ким экен? – түшүнбөгөнсүп сурады. Азыр «мен» дейт ко жаакка чабам да, аялына түз барам, деген ою менен алек болуп турганда, кулагына жаңылыштай Абдынын аты угулду. Акылын жыйнай албай үнсүз суроолуу тиктеп калган кызга

- Сен эмне ушул күнгө чейин сезбедиңби, күндө боздоп ырдаган ырларынын маанисин ойлоп көрбөдүңбү?

- Ал ырлар өзүнүкү эмес, болгону өзүндөй жакшы ырдайт.

- Ыр жазганды билбесе эмне кылсын.

- Мага сизди атайын жөнөттүбү, далдалчы кылып?

- Жок-жок, мен өзүм эле, анын кыйналганын көрүп, аяп атпаймынбы, өзүң айт десем, уялам дейт.

- Анда сизди почтальон бол дедиби, ансыз деле табелчи менен бригадир жеңе болуп жолуктура албай жатышат, - деп басып кетти.

* * *

Күздүн сулуулугуна сукtанган менен абасы күндөн-күнгө өзгөрүп, жаан-чачыны, суук шамалы менен кыштан кабар берип жатты. Экинчи терим подбор – деп аташат. Мында жердин үстүнөн жалбырак-салбырагы менен кошо терилген пахта кырман чекесинде турган пахта тазалоочу комбайндердин жанына төгүлүп, эки киши бешилик менен тез-тез комбайндын лентасына шилеп берет. Тазаланып чыккан пахта прицепке учуп түшүп турат, ал жакта да эки адам үйүлгөнүн улам жайып, ныктап тебелеп турушат.

Түш ооп калган кезде табелчи Калыйманы арык жээгинде туруп чакырды. Кыз шашыла басып келгенде:

- Кечинде Абдырасул сени те-тиги тикеленген паянын жанында күтөт, сөзсүз чык макулбу? - деди. Кыз "жок" дегени менен кутулмак эмес, сөздү көбөйтпөй башын ийкеди.

- Унутуп калба, сени күтүп тоңуп калбасын.

- Уктум, – деп ары басып кеткен кыз, ичинен: тоңсо тоңо берсин мага эмне, акылы болсо тоңо электе кетип калат, – деп койду өзүнчө. Кечинде Калыйма чыккысы келбей жатып алды, биринчиден чарчаган эле, экинчиден Абды же ышкырбаса же чакырбаса кыз өзү эле бара бергидей эмне...

Эртеси эрте менен эле табелчи ачуулу келип, – эй Калыйма бери келчи, – деп салам бербей туруп, үй ичин жыйнап аткан кызга опурулду:

- Келиңиз эмне болуп кетти, – таң кала сурады кыз.

- Сен эмне, кечинде чыкпадың?

- Биринчиден чарчап унутуп калдым, өзү болсо ышкырып койбойбу, жок дегенде бир эле ышкырып койгондо күткөнү чын экен деп чыкмакмын. – Түш чамалап калганда тамакка салганга макарон жок болуп калган экен Калыйма тез басып табелчинин кабинетине кирип баратып: – Эй жеңе мак... деген бойдон эшикти тез сыртынан

жапты, уялып туруп калды, себеби ал жалгыз эмес экен, Камил аке келип, экөө эмненидир талкуулап аткан экен.

- Эмне болуп кетти, – табелчи эшикти ачып сурады.

- Эч нерсе, макарон түгөнгөн экен, ошого эле келгем, – деп жылмайды.

* * *

Шыйпаң алдында чоң полуприцеп КАМАЗ турат, прицебине жүк жүктөлгөн, эл ызы-чуу, биринен талашып бири коштошуп жатышат, пахта тебеленген прицеп үстүндө Абдырасул жалгыз иштеп жатат. Камаз ордунан жылып, чаңдуу жолго түштү. Абдырасул прицеп үстүндө нес болду да калды. Кыялында КАМАЗ артынан чуркап баратты, «Калыйма, Калыйма кетпечи!» – деп жалынып баратты. КАМАЗ уламдан улам узап, эми чаң гана көрүнүп жолду эмес талааны да чаң каптады.

Бригадирдин чакырган үнү жигитти чочутуп жиберди, шашыла карап, өзүнүн кай жерде турганын эми сезди.

Эртеси Абдырасул ишке чыкпады. Кепесинде оонап жатты, өзүн-өзү урушуп, сөгүп да жатты, себеби ушул күнгө чейин Калыймага даап барып, өзүнүн сүйүүсүн айта албай койгонуна ачууланды. Жок дегенде кудай бир күнүн кайрып берсе сөзсүз сүйлөшүп, жүрөгүндөгү сырды айтмак.

Түшкү тамак. Калыйма аш салып шыпылдап жүрөт. Кыздар дасторкон жасашкан, эми чай демдеп, бири пияла ташып, бири аш ташып жүрүшөт. Аял-эркектер чогуу Калыймалар жашаган бөлмөдө, аны-муну тамашалап, күлүп отурушат. Абдымалик чайды куюп сунуп кирди.

- Ой Малик, "он кишиге чай куйгуча, он күн түрмөдө жат» дептир, эми шоруң катты го, – деп күлдү бригадир.

- Коюңузчу, кайдагы шумдукту айтпай, анын бетин ары кылсын, – деди бир аял.

- Ой муну мен ойлоп тааптырмынбы?

- Чын эле чай куйган адам өзү ачка калат, а түрмөдө тамак берет да, – деп Карим аке хахалап күлдү.

- Моминтип куйсам ачка калбайм мен да акылдуумун, – деп Малик пиялага толтуруп чай куюп сунду.

- Ай-ий, шорпо кылып куйдуң го, муну ичип түгөткүчө муздап калат.

- Муздаса да бүгүнчө иче бериңиз эже, – деп жылмайды Малик.

Аш жеелип бүттү, эл батасын берип туруп кетти, кыздар Калыймага жардам берип атышкан. Бригадир менен табелчи Калыйманы чакырып алып: – Эй мерез, жүрөгү жок, боору таш, – деп жемелешти.

- Эмне кылдым силерге? -деп капалуу таарынды.

- Сен бизди эмес, бир байкуштун сүйүүсүн сыйлабай, анын жүрөгүн кыйнап атпайсыңбы.

- Кимдин?

- Жүр азыр өзүң көрөсүң, – колунан кармады.

- Ээ барбайм.

- Барасың.

- Барбасамчы?

- Анда сени сүйрөп алып барабыз, – деп күлдү бригадир.

- Чын эле, кармадык! – дегенде кыз качып кетүүгө аракет жасады. Экөө эки колунан сүйрөп жөнөштү.

- Койбергиле, эй жеңелер, барбайм дедим го тамашаңарды койгула.

- Тамашасы жок, чын эле алып барабыз.

- Кантип?

- Ушинтип эле эки кол, эки бутуңдан кармап, көтөрүп?

- Жоок.

- Анда жүр. – Экөө жетелеп баратышты.

- Аялдар көрүп иштин жайын түшүнүшүп, күлүп калышты. Огороттун чекесине коюлган үстү жабылган сөрүдө узунунан түшүп Абды жатат.

- Абды! – деп кыйкырды бригадир. Чочуп башын көтөргөн жигит көмкөрөсүнөн жаткан калыбында нес боло түштү.

- Эй эмне уктап калдыңбы, турбайсыңбы? Ордунан ыргып туруп сөрүнүн кырына олтуруп калды, дагы деле көргөн көзүнө ишенбеди. Жеңенин ролун аткарган экөө кызды жигиттин жанына отургузуп коюп кетип жатып:

- Ойгон, түшүң эмес, анан кеч болот, – дешти.

Тынчтыкты бузган курбака менен чегирткенин үнү гана угулат, огорот жактан коондун жыты жагымдуу жыттанып, адамдын иштейин ачат. Абдырасул эмне деп сөз баштаарын билбей, кыйналып атты. Жүрөгү сүйүнгөнүнөн жарылып кете жаздайт, кызды кучактап, өпкүлөп жибергиси келди, өзүн араң кармап, акылын чогулта албай колун салалап алып, түшүнүксүз кыймылдарды жасап жатты.

Калыйма жеңе болгон тиги экөөнө ачуусу келип, кантип кетип

калуу айласын издеди. Туруп кетип калсам жанагылар кайра сүйрөп же көтөрүп келет, тайэжемдикине кете албайм, шыйпаңдагы буюм--тайымды алып кетиш керек. Сүйбөгөн эле бирөөгө мени жабыштырат, анын үстүнө бул менден жети жаш чоң, аял да алган экен, кызы да бар имиш... Он жылдыкка келгенде классташтарым сөзсүз шылдыңдайт «өз теңиңди таппадыңбы же эр албай койдубу? – деп. Жок кетиш керек! Кантип? Качып барып, пахтанын бир чекесине жашынып отуруп, жумушчулардын машинасы келгенче күтсөмбү, деп ойлоду. Беш саат ээн жерде отуруш кыйын го. Ии баса лесте кепеде жашаган тайэжеме барып, алар менен коштошуп, анан кетейин. Андан кайтып шыйпаңга баргыча убакыт өтөр деди да ордунан ыргып туруп, артына карабай тез-тез басып кетип калды. Көргөн түшчө тез арада болгон бул окуядан башы айланган жигит кызды кантип кетирбей кармап калууну билбей ордунда кыздын артынан ээрчий карап отура берди.

Кыз көздөн кайым болгондо гана Калыйма! деп үн чыгарды, бирок тилекке каршы өзүнөн башка эч ким укпагандай эле болду. Жигит өзүн-өзү жек көрүп, санын муштуму менен катуу бир муштап, ордунан ыргып турду. Эки жагын каранып же кыйкыра албай, же жер чапчый ыйлай албай көпкө тиктеп үнсүз турду да, башын шылк дедире ылдыйга бош таштап алдында чалкасынан жаткан кетменди көрүп калды, бир аз тиктеп турду, оюна эч нерсе келген жок. Бир учурда шашыла кетменди алып туш келген коон жөөккө түшүп, күч менен тез-тез чапкылап кирди. Ал жерди жумшатыш үчүн кетменди жерге ургулаган жок, өзүн-өзү уруп жатты. Калыйма лестеги тайэжесиникине барганда кызы тосуп алды.

- Келиңиз.

- Келдим, тайэжемдер барбы?

- Жок, алар айылга кетишкен, биз иним, сиңдим үчөөбүз элебиз. Эмне кылаарын билбей кепеге ээрчий жай басты.

- Жүрүң кепеге, дарбыз соёюнбу же коонбу?

- Коон алып келчи. Заматта коонду пуштадан жулуп келген кыз дасторконду салып, табак, бычагын көтөрүп келди. Коон да желип бүттү, саатты карады. Али эрте эмне кылсам, деп ойлоду, айла жок, кетиш керек үй ээлери жок болсо. Шашылып Абдыга көрүнбөй тез өтүп кетүүнү ойлоп, ал уктап калгандыр деди өзүнө-өзү.

- Калыйма-а-а! – Абдынын үнүн угуп чочуп кетти, кантип токтоп калганын билбей да калды. Үн чыккан жакка караганда жүгүрүп

келе жаткан узун бойлуу бирөөнү көрдү, көзү күнгө чагылышып, өзүн көрө албай колун пешенесине көлөкөлөп тиктейт. Аңгыча күйүгө чуркап келген жигит аптыга:

- Калыйма, – деп токтоду. Эми жигитти тааныды, үнү окшогонунан Абдыбы деген, бирок чуркаганын, узун боюн окшоткон эмес эле.

- Эмне? – жактырбай жооп берди.

- Бир аз токточу суранам, жөн эле сүйлөшүп отуралычы! – Убакыт эрте болгондуктан макул болду кыз.

Экөө огорот четине отурушту.

- Калыйма сен кечээ апаң менен кеткен элең го?

- Ооба, бирок тайэжемдикине таштап кетишти.

- Эми кетпейсиңби?

- Кетем. Бүгүн аш басып, элден бата алып кой дегенинен калгам.

– Кетесиңби? – Капалуу секин сурады. – Ий, – деди кыз.

- Кетпей эле тайэжеңдикинде калсаң болбойбу?

- Ал жерде эмне кылам?

- Билесиңби кечээ сени кетти деп ойлоп, сени менен сүйлөшө албай калганыма аябай өкүнгөн элем. Бүгүн ишке да чыккым келбеди.

- Эмнеге?

- Мен үчүн жашоо кызыксыз болуп, тамак да өтпөй калды.

- Анчалык эмне болду?

- Эх, алтыным! Эгер сезген болсоң сурабайт элең.

- Эмнени?

- Туура, сен жашсың. Мен болсо аял алып, ажырашкам, кишимин десем да болот.

- Анан?

- Билесиңби? Сени бир көрүп жактырганмын.

- Кой, барайын, – кыз ордунан тура калды. Жигит кантип кыздын колунан кармап калганын билбей калды. Бир туруп кыздан мурда уялса, экинчи жагынан кармап калбаганда кыз аткан октой кетмек.

- Кетпечи Калыйма!

- Анда сөздү башка жакка буруңуз.

- Калыйма, мен сени менен сүйлөшсөм деп сени ушул талаадан көргөн күндөн бери аракет жасадым, бирок батынып барып айта албадым. Жана сөрүдөн туруп кеткениңде сени токтотоюн десем үнүм да чыкпай калбадыбы. Калыйма! Суранам жок дегенде угуп койчу.

- Макул, сүйлөңүз.

- Калыйма сен машина менен кетесиңби?

- Ооба.

- Жөө кетпейлиби

- Жок алып кете турган буюмдарым бар.

- Менин велосипедиме жүктөп алабыз, өзүм жеткирип берейин. Кыз аны менен кеткиси келген жок эле. Жигит суранып жатып кызды көндүрдү. Экөө көпкө турушту, жигит сүйүүсүн жүрөгүндө болгон сырын жана кантип үйлөнүп, ажырашканын, кызын ушул күнгө чейин көрбөгөнүн айтып отуруп, күндүн кызарып батып бараткалнын да сезбей калды. Кыз чоочуп тура калып, батышты карады.

- Кеч кирип калган турбайбы, мен кетишим керек ко.

- Токто Калыйма, мен да чогуу барам, азыр кепеден велосепедимди алып келейин.

Экөө канал жээгиндеги жол менен жай басып, чоң жолго чыгышты. Жигит кызды улам-улам уурдана карап, өзүнүн жанында баратканына Кудайга ыраазы. Эмнеге мурда эле сүйлөшпөдүм экен, балким азыр экөөбүз турмуш куруп калат белек. Кыялында кызды ээрчитип барып калганын, энеси тыбырап, жоолук көтөрө чуркап чыгып, кыздын башына жоолук салып, суу айландырып чачып, коңшу келиндерди чакырып кубанганынан эмне кыларын билбей, ары-бери тыбырап басып жүргөнүн элестетип келатты. Калыйма болсо шаарга барып окууга өтүп шаардын көчөлөрүндө кыздар менен балмуздак жеп жүргөнүн, кечинде дискотекага барганын, андагы кыз-жигиттердин бийлеп атканын элестетип баратты.

Экөө жолдон бурулуп айыл жакка басышканда жол жээгиндеги коюу өскөн темир тикенди көрүп, Абды веласепедин токтотуп, акырын жаткырды, кыз дале өз кыялы менен алек. – Калыйма, – деп чакырды жигит.

- Аа, – деп бурула берген кызды так көтөрүп алган жигит темир тикенди аралай басты.

- Коё бериңиз, кызык экенсиз, – деп кызарып кеткен кыз жигиттин эки ийининен түртүп, жерге түшүүгө аракет жасап, буттарын тыбырата баштады. Тикенек ортосуна келгенде жигит:

- Ушул жерге түшүрө берейинби? – деп сурады. Айлананы бир сыйра карап алган кыз.

- Жок, – дейт.

- Анда туйлаба да.

- Жолго алып барып коюң мени, жаман экенсиз, үйгө кетем, – деп капаланды.

- Калыйма.

Кыз жооп бербей ыйламсырап карады.

- Капа болбочу алтыным.

- Алтыным дебеңиз! – ыйламсырай жактырбай тетири карады.

- Таарынбачы Калиш, суранам!

- Суранбай эле коюңуз.

- Калиш! Азыр макул десең, көтөргөн бойдон үйгө алып кетем.

- Велосипедиңизчи?

- Кала берсин, ким биринчи көрсө – ошонуку болот.

- Менин буюмдарымдычы?

- Жаңысын алып берем.

- Жок десемчи.

- Анда ушул темир тикенге түшүрүп коём.

- Жинди экенсиз.

- Сени сүйүп калганымдан бери жинди болуп калдым. Эгер сен мага турмушка чыгууга макул болсоң, заматта оңолом. – Кыз бир туруп күлкүсү келсе, бир туруп ачуусу келди. Сүйсө ушинтмек беле деп ойлоду.

- Кызык экенсиз, сиз сүйгөн менен мен сүйбөсөм, зордоп үйлөнөсүзбү.

- Жок.

- Анда ушул турушуңуз жүрөккө бычак такап, жок десең өлөсүң, макул десең каласың, – дегениңиз эмеспи.

- Кечирип кой алтыным! Ал жагын ойлобоптурмун, – деп жолго жөнөдү, кызды акырын жерге түшүрүп бирок кучагынан чыгаргысы келбей кучактаган бойдон тура берди.

- Коё бербейсизби эми, кызык экенсиз, бирөө көрсө эмне дейт.

- Эмне десе дей берсин.

- Сизге эмне? Мени сыйлабаганыңызбы, мени эмне дээрин билбейсизби, ата-энеси жок Кудай берген тура дебейби.

- Аның чын, кечирип койчу. Бирок менин кучагымдан чыгар замат качып кетпейсиңби? – Кыз унчукпады. – Коё берейин дейм бирок сенин качып кетишиңден корком. – Кыздын айласы кетти, акыры ары ойлоп, бери ойлоп:

- Макул качпайм, – деди.

- Чын элеби?

- Коё бересизби! Жок дегенде велосипеддегилеримди таштап кача албашымды билесиз го. – Жигит эми ишенгендей кызды коё

берди. Кыз жанатан бери тартынып эки колу менен жигитти көкүрөгүнөн түртүп тургандыктанбы артка жыгылып кете жаздады., жигит колунан кармап калып.

- Жыгылба жаным, – деп жиберди.

- Сиздин жаныңыз эмесмин.

- Менин жашоом, жүрөгүм, өпкө-боорум жалгыз өзүңсүң.

- Дагы эмне дейсиз? – кыз таарынганы жазылбай жигитке жүзүн бурбай сүйлөдү.

- Кечирип койчу Калиш! Мени түшүнчү алтыным! – Кыз эми сүйлөгүсү да келбей калды. Экөө дагы үнсүз баратышты, эки көчөдөн өтүштү, эми жигит өзүнүн кылган жоругу үчүн өзүн тилдеп, ичинен сөгүп да келе жатты. Кыз болсо таарынган бойдон эртерээк тайэжесиникине жетип, кирип кетүү, жигиттен кутулуу айласын издеди. Тайэжеси жашаган көчөгө бурула бергенде эле кыз ушул жерден коштошууну чечти.

- Эми коштошолу менин буюмдарымды бериңиз, – деп жигиттин көзүнө тектебей туруп колун сунду.

- Жеткирип эле коёюн, – деп жигиттин ажырагысы жок эле.

- Жок болбойт, тайэжем мени күтүп, кабатырланып көчөгө чыккан болсо көрүп калат, – деди.

- Көрсө эмне болуптур?

- Кереги жок. Апама жамандап, өзү да урушат.

- Бир аз узатайын, эгер тайэжең көрүнсө өзүм эле ошол жерден калам, – деп көнбөй ээрчип басты. Айлана караңгы, көчөдө кыбыраган жан жок, кечке эмгектенген айылдын аял-эркеги тургай жаштары да жумуштан чарчап, эртерээк жаздыкка жетсем деп башы тиер замат ширин уйкуга кеткендей. Адам эмес үрүп чыккан ит да жок. Айлана тып-тынч эле. Ээрчише баскан экөө да бул тынчтыкты бузгусу келбегендей унчукпай басып баратышты.

Калыйманын тайэжесинин үйүнө жакындаган сайын жигиттин жүрөгү тыбырчылап, эмне кылар айласын таппай барат. Кызды ойлобой таарынтып алганына өкүнүп, убакыттын аз болуп калганына ичи ачышат. Эмнеге, эмнеге жайы менен болгон шансты колдон кетирдим. Жайында жүргөн күндөрүм, ээн экөөбүз калган убактардан эмнеге пайдаланбадым. Эртең калчы десем көнөр бекен, көнбөйт го, таарынтып да алдым.

Калыйманын тайэжесинин үйүнө жеткенде кыз бурулуп, жеттик дегенсип үнсүз колун сунду. Абдырасул кыздын колун кармап вели-

гине сүйөнүп тиктеп туруп калды. Кыз колун тартып алганга аракет кылды, бирок жигит коё бербеди.

- Коё бериң байке, үйгө киришим керек, эжем ойгоо болсо чыгып калбасын.

- Бир аз туралычы Калиш?!

- Жок болбойт.

- Суранам сенден, дагы бир аз жаныңда турайынчы! Кыз эмне кыларын билбей калды.

Калиш, эртең кетпечи? – деп жалооруй эңкейе тиктеди.

- Жок, кетем.

- Калиш, мен сени капа кылып койдум, кечирчи!

- Аны мурда ойлосоңуз болмок.

- Чөгөлөп сурайын, кечирчи, – деп жерге тизеси менен чөгөлөдү, бир колу менен кызды кармап, экинчиси менен велигин кармап тура берди. Кыз эки жакты карап, бирөө көрүп коюшунан коркуп:

- Кызыксыз го, туруң эл көрөт, – деди.

- Көрө берсин, жайы менен айта албай кыйналып келгем, эми өкүнүп турам.

- Эмнеге?

- Убакытты кетиргениме, сенин шаарга кетип калаарыңды билбептирмин, күнүгө эртең айтам деп ойлоп, бирок чечкиндүүлүк кыла албаганыма өкүнөм.

- Бүгүн чечкиндүү боло түштүңүзбү?

- Ооба, сени табелчи, бригадир экөө алып келгенде да чечкиндүү боло албаганымдан сен туруп кеткенде өзүмдү-өзүм жек көрүп, эмне кылаарымды билбей, күчүмдү кетменге чыгарып аткам. Кудай мага дагы бир жолу шанс берип, кайра өзүңө жолуктурду.

- Айтарыңызды айттыңыз. Ук дедиңиз уктум, эми эмне кыл дегени турасыз?!

- Калиш, мен айта турган сөз көп, баарын бир күндө айтып бере албайм. Суранам эртең кетпечи, жолугушалы. Посёлкага барып, ойноп келели, кечинде киного кирели.

- Жок калп эле убакытты кетиргенде эмне, мени да шаарда ата--энем күтүшөт.

- Калиш! Бир сөз айтам макул болосуңбу?

- Эмне сөз. Укпай эле макул болгудай келесоо белем.

- Анда угуп койчу анан ойлонуп жооп бересиң.

- Айтың.

- Калиш... Калиш мен сени сүйөм. Сен үчүн жанымды бергенге даярмын. Эгер макул десең экөөбүз үйлөнсөк, мен сени арманда калтырбайм. Сени бактылуу кылышка убадамды берем. Сен каалаган жерде жана сен айтканыңдай жашайбыз. Сенден эч нерсе сурабайын, сүй деп да зордобоймун. Жанымда гана болсоң, эрте менен көзүмдү ачканда сенин жаныңда уктап жатканымды көрсөм, күлкүңдү угуп, жетелешип бассам, ошол мага чоң бакыт. Макул деп эле койчу суранам.

- Жигиттер кызга жеткиче асмандагы айды алып беришке да даярсыңар го! Алдап, үйүңөргө алып барып алган соң кечээки эле булбул үнүңөр өчүп, карга болуп каласыңар.

- Жок! Башканы билбейм мен андай жигит эмесмин, кааласаң шаарга барып жашайбыз, – деп колунан кармалап, кантип ишендирер айласын таппай турду

- Коё бересизби колумду, үйгө киришим керек.

- Дагы бир аз тура туралычы.

- Кызыксыз го? Сизди билбейм менин курсагым ачты.

- Калиш мен күтө турайын эгер коё берсем үйүңө кирип, чай ичип кайра чыгасыңбы? – деди жигит. Кыз бир аз ойлонду да макул болду. Жигит аргасыз кыздын колун коё берип, велосепетине байлангандарды чечип берди. Кыз араң турган эле. Кутулганыма шүгүр деп кете берди. Жигит ичи ачышып карап туруп калды. Ошол калыбынан жазбай эки саат турганын өзү сезбеди. Өзүн-өзү алдап, азыр чыгат, деп үй жакка көз салып тура берди. Кыз жылуу тамактан азыраак куюп келип ичип, жыйнап, төркү үйгө кирди, светти жакпай айнектин пардасынын чекесин акырын ачып карады. Жигиттин күтүп турганын көрүп өзүнчө жылмайып, тура берсин жадаганда кетет, көңүлү да калар деди да тайэжеси салып койгон төшөккө жата кетти.

* * *

Айлана жымжырт, тынчтык өкүм сүрүп, эл ширин уйкуда. Жалгыз Абдырасул бир точканы көз ирмебей тиктеп, не бир сонун кыялдарга батат. Оюнда Калыйма өмүрлүк жары, экөө бир каанада эч ким тоскоол бербей, эркелешип ойноп отурушат. Абдырасул бети колун өпкүлөп, Калыйма эркелеп, кылыктанып күлүп, өптүрбөй бетин ала качат, ан сайын кучактап, чачтарынан сылап, эркелетип алдыдагы пландарын сүйлөшүп кайра эле алышып ойноп отурушат.

Эрте менен ойгонсо жанында Калыйма ширин уйкуда. Тиктеп тойбой отура берет. Калыйма козголуп акырын көзүн ачып күйөөсүнө жылмайып эркелеп, эки колун жаш балача сунат. Күйөөсү эңкейип барганда мойнунан кучактайт, экөө кучакташып кайра төшөккө оонап жатып калышты....

Шытыр деген нерсе Абдынын кыялын бузат, чочуп карай салганда өзүнө жакын жерде бир итти көрүп, селт эте түштү. Кайдан келди, эмнени шытыратты, көрбөй калды. Жигит бутунун уюганын эми сезди, убакыттын канча экени белгисиз, кыз да чыкпай койду. Эмне кылсам ышкырсам, жок болбойт элдин уйкусун бузам. Эки жагын каранып, аргасыз кетмей болду. Велосепетин жетелеп чоң көчөгө чыгып, андан ары минип кете берди. Жалгыз чоң жолдо тез-тез айдап отуруп үйүнө жетти. Тамак ичпей төшөккө кулады. Ыйлады! Ооба сүйүү оту жүрөгүн куйкалап жатты. Жигит кызды экинчи көрбөй каларын жүрөгү сезип, ооруп жатты. Жанагы ширин кыялдар жерге түшүп сынган ак чыныдай көз алдында чачырап жатты, ал тагдырына, анан апасына таарынып ыйлады. Ооба эгер апасы өз жээнин таңуулап алып бербегенде, балким кыз аны чанбай эле макул болмок.

Эшикте таң жарышып, короздор жарыша чакырып атты. Абды дагы деле уктай албай кыйналып жатты. Эмне кылсам, азыр барып кыз ойгоно электе эшигин кайтарып отурсамбы, же азыр апамды ойготуп даярдан деп коюп табелчи менен Маликтин машинасын айдатып алып, автобуз токтоочу аялдамада күтүп туруп, кыз чыканда ала качсамбы. Акылын чогулта албай ар нерсени ойлоп жатып күн да чыга келди. Ордунан ыргып туруп велосипедин минип тез айдап Маликке жетти.

- Малик! Эмне кылам? Калыйма кетип жатат.

- Мурда эмне кылып жүрдүң?

- ...

- Мурункусун кой, азыркысын айт, убакыт тар, кеттик.

- Кайда?

- Ала качабыз.

- Калыйма көнбөсөчү.

- Ой, кыргыз кыздан сурамак беле.

- Экөөбүз элеби?

- Анан эмне, кызга күчүң жетпейби?

- Жетет го, бирок кечээ таарынтып алгам, кийин кечирбей койсо кандай жашоо болот.

- Эй, аз сүйлөчү эмнеге келдиң мага?

- Акыл сурап, жардам сурап.

- Анда кеттик ойчу ойлонгуча, тобокелчи кырды ашып кеткен экен, – деди. Экөө машинаны от алдырып жолго чыгышты кызды аңдып отура беришти. Абды кыз кай жагы менен кетип калар экен деп изденип алаңдайт.

- Али эрте автобуз келе элек. Эл да чогула элек, алаңдабай эле кой, шаарга ушул жерден кетет, – деди Малик. Жигиттин жүрөгү бир нерсени сезгендей туйлап шаштырып атты.

- Малик, үй жагына барып келбейлиби, сен бери жакта турасың, мен узатканы келген киши болуп сумкаларын көтөрүшүп чыгам, сен үйүңө келе жаткан киши болуп биз менен учурашып койгонго токтойсуң калганын дагы көрөбүз, – деди Абды.

- Койчу, биз тигиндей барсак, темир жол менен келип калса, сен күтүп отура бересиңби азыр чыгат деп. А ал болсо кете берет автобузга отуруп кайдасың шаар деп, – дегенде жигит ойлонуп калды. Чын эле андай да болушу мүмкүн.

Ар тараптан чоң-чоң сумкаларын, сеткаларын көтөргөн аял, эркектер келе башташты, бирок Калыйма жок. Автобус келер учур болуп калды.

- Жок-ко? – деп тынчсыздана сурады Абдырасул.

- Балким бүгүн кетпейт чыгар, сени жөн эле коркутуп койгон болушу мүмкүн.

- Жок, – деп эки жакты элеңдеп карады.

- Дагы күтө туралычы. – Экөө үнсүз отуруп калышты. Абды кызды издеп алаңдайт, бир аз убакыт өткөндө посёлка жактан «ЛАЗ» автобусу көрүндү.

- Ана автобус, – деди Малик.

- Кана? – көрө коюп, – Калыйма жок-ко? – деди Абды.

- Демек, кетпейт экен. Сүйлөш жолугуп, эгер ала качсаң мен даяр.

- Эгер кетпесе үйдөгүлөрдү камындырышым керек, аларга сен барып айтып келесиң. Экөө автобус келгиче турушту.

- Эми кайда, курсак да ачты, үйгө барып, чай-пай ичели.

- Жок, биринчи Калыйманы билели.

- Макул, – деди да Малик машинаны от алдырып, Калыйманын тайэжесинин үйүнөн бурулган көчөдөн токтоп, күтүп турмай болду, Абды жөө кетти.

Эшикте ойногон кыздар-балдар эч нерсе менен иши жок. Жанда-

рына келип калган кишини да көрбөй оюнга берилип алышкан. Адбырасул алардын оюнун карап тамаша кылган киши болуп, Калыйманын тайэжесинин үйү жакты акырын акмалады. Кыз көрүнбөйт, кимден сурасам деп турганда бир кыз жакын келип калды. Кызды токтотуп атын сурады.

- Сенин атың ким?
- Жыргал.
- Жакшы ат экен, сен ушул жерде жашайсыңбы?
- Ооба.
- Калыйма деген кызды тааныйсыңбы?
- Ооба, ал менин эжем болот.
- Азыр кайда ошол эжең?
- Үйүнө кетти.
- Качан?
- Жана эле.
- Эмне менен?
- Жөө эле, постко барып, анан ошо жактан кетем деди. Жигит келген жагына аткан октой чуркады. Малик аны көргөндө таң калды эмне болуп кетти экен деп.
- Кеттик.
- Кайда?
- Постко! – Шашылыш келип машинага отурду. – Сөздүн калганын жолдо айтам. Жана сага айтсам, көнбөдүң, ошондо келгенде мен айткандай болмок.
- Эч нерсе эмес, эми деле жетишебиз.
- Кетип калсачы?
- Автобусту кубалап жетип, алып калабыз. – Экөө постко жеткенде кыз эми автобуска чыкканы атыптыр, шашылып кеткен Малик газды басып келатып тормузду басып тез буруп, кайра газ басам деп ойлоду. Бирок тормуздун ордуна газды басып жиберип, жолду түз кесип өтүп, жол жээгиндеги жыгач кепени барып машинасы менен сүзүп токтоду. Кыз аны көргөн да жок, автобуска отуруп кете берди. Машинадан араң чыккан экөө автобустун кетип баратканын көрүп, тиктеп туруп калышты. Автобуз көрүнбөй калганда гана Малик өзүнүн машинасын эстеди. Шашыла машинанын алдына өтүп алдыңкы капоту быріыйып калганын көрүп, сөгүнүп алды. Абды үнсүз отуруп калды. Ал досунун сөздөрүн уккан да, машинанын абалын көргөн да жок. Малик жолду көздөй жөнөдү. Абды үнсүз отурган жеринде

эмне болуп кеткенин өзү да түшүнбөдү. Ошол күндөн анын мүнөзү өзгөрүп, ойчул болуп кетти, же бир жанга сыр айтпайт, элге анча аралашпайт. Достору, аяштары да таң калышчу болду. Апасы үйлөн деп сөз баштаганда ордунан унчукпай туруп кетет.

Айлана ак кар астында уктап жатат. Дыйкандар бекерчи, улгайгандар уюшуп алып "гап" жешет. жаштар болсо туулган күн, жеентек шылтоо отуруштар көп. Достору жаңы жылда эмне кылып, кай жерде тосуш жөнүндө кеңешели деп чогулганда Абды барбайм дейт. Жүр, бүгүн сөзсүз көңүлдүү өтөт, шаардан эки үч кыз келди. Буйруса алар да биз менен жаңы жыл тосот экен. Шаардык кыз дегенди укканда көз алдына Калыйма келди. Жалт тиктеп туруп калды да ордунан туруп, кийинип досун ээрчип жөнөдү. Экөө үйгө киргенде төр жакта мейман кыздар отурган экен, босогодон эле аларды алмак-салмак карап, Калыйманы издеди.

- Өткүлө бул жакка, Расеке кел менин жаныма отур, дос көрүнбөйсүң, барсыңбы?

- Бармын, – деп учурашып, Бакыттын жанына отура кетти. Бирок үмүтүн үзө албай, дагы деле Калыйманы издеди. Кыздар учурашып бирин-бири тиктеп күлгөн болушат. Чай куюлуп, арак куюлду таанышуу да болду, таң калаарлыгы кыздардын биринин аты Калыйма, ал да ушул айылдык, шаарга кеткен экен, болгону эки жаш улуу. Сүйлөшүп таанышып калгандан кийин жигит андан Калыйманы сураганда таанымак түгүл көрүп жүргөнүн, ал тургай ал кыз менен тууган болуп кетерин айтканда, көктөн издегенин жерден тапкандай болду. Жаңы жыл чечилди. Кимдикинде, качан, канчада.

Сыртка чыкканда Абды Калыйманы узатмак болду. Ал да жок дебеди. Экөө сүйлөшүп баратты.

- Калыйманы тез-тез көрүп турасыңбы?

- Ооба, ал мага жатаканага келип турат.

- Ал эмне кылып жүрөт?

- Окуп, иштеп атат.

- Жигити барбы?

- Жигит... Калыйма жигит менен жүрмөк түгүл тааныштырып коёюн десең жакын жолотпойт. – Муну укканда кубана түшкөн жигит:

- Сен качан кайра шаарга кетесиң?

- Эки-үч күндөн кийин кетем го.

- Жаңы-жылга ээрчитип келе аласыңбы?

- Аракет кылып көрөм го.

- Калыйма, сенден сураныч, ала келчи сөзсүз, эмне десең алып берем.

- Ой менин сиңдим аябай баалуу окшойт.

- Баа жетпес ага.

- Эмне дейин? Абды чакырып атат дейинби?

- Жок, ал мени жактыра бербейт.

- Анда кантип ээрчитип келем.

- Калыйманы мен таарынтып алгам.

- Анда барып кечирим сурабайсыңбы?

- Кайдан, ал жакка барганга жараша тууган-урук болсо көбүрөөк жүрүп келмекмин. Бир, эки күнгө иш бүтпөйт ко.

- Аның чын. Макул көндүрүшкө аракет кылып көрөйүн.

- Рахмат сага. Мен күтөм. Сөзсүз ээрчите кел.

Экөө коштошуп. Абды үйүнө көңүлдүү кайтты, үзүлгөн үмүтү кайра уланды. Ошол күндөн өзүнө каранып жаңы жылга эрте эле даярдана баштады. Кармабай койгон аккордеонун колго алып, чоң бөлмөнү жаңыртып ырдап отурду. Энеси да түшүнбөй эшикти ачып карап койду. - Жалгыз эле экен, бирөө барбы жанында десем, - деп сүйлөнө басып кетти. Абдырасул уйкусу келбей түн ортосунан оогончо аккордеон ойноп, ырдап анан жыңы жыл кечесин элестетип жатты. Качан уктап кеткенин өзү да билбей калган жигит, ит үргөндө ойгонду, бирок тургусу келген жок. Калыйманы кучактагансып жаздыкты бекем кучактап, башын алаканы менен таяп ойгоо жатты. Эшик тыкылдаганда гана башын көтөрдү.

- Ким? - деди.

- Мен, кирсем болобу? - Баш баккан Малик ырсайды.

- Кел ДОС, - ордунан ыргып туруп, шымын кийди да кирип келген досуна төшөк салды.

- Учурашып коёлу, ассолому алейкум дос, - деп колун сунду Малик. Абды учурашып, төрдү көрсөттү:

- Өт ДОС, төшөккө, - деди жайдары.

- Маанайың беш ко дос.

- Калыйма, Калыйманын эжелери болот экен, жаңы жылда ээрчитип келмек болду.

- Ай келбесе керек, сени сүйбөгөн кыз...

- Эжесинин тилин алар, - деп жылмайды.

- Балким. Сени кечинде күткөм, жок болуп кеткениңден экинчи

Калыйманы таап алса керек дедим эле. Ошондуктан жаңылык угам го деп келгем.

- Жок, мен эмне, аты окшош болсо эле, өңү окшош болсо да мен өзүмдүн сүйгөнүмдү эч качан алмаштырбайм, – деп сумсая калды Абды. Малик бекер тамашаладым окшойт деп өкүнө түштү. Анан: – Эй дос, жүрбөйсүңбү? – деди.

- Кайда?

- Үйгө отурабыз.

- Жок, капа болбо дос. Бүгүн эч жакка барбайм. Калыймалар келет.

- Эмне, мага эжесин таңганы турасыңбы?

- Жакшы кыз, шайыр, өңү да жакшынакай. – Акардионун колго алып:

- Мен түшүмдө Калыйманы көрдүм, – деп жылмайып коюп, ырдап кирди.

*Дарак бүрдөп, жазда бүчүр байласа,*
*Күздө түшкөн жалбырагын сагынбас.*
*Сенден сулуу болсо дагы алганым,*
*Сендей мага бул дүйнөдө табылбас.*

- Оо! Кой анда мен кетейин. Сенин сүйүүң жоопсуз каларын билесиңби?

- Үмүтүңдү үзбө дейт го.

- Карт бойдок болуп жүрө бересиңби?

- Ээ ДОС, анын да жүрөгү бардыр.

- Ал шаардан жигит таап алсачы?

- Калыйма эжеси айтканы чын болсо, анда анын жигити жок. Оңой менен сүйө бербейт, – деп Абды кайра музыка ойноп, катуурак ырдады.

*Кызыл бекен, жашыл бекен жолугуң,*
*Жолугуңдун түсүн таппай оорудум.*
*Күзгө калган жалбырактын өңүндөй,*
*Ажарынан азууда ден-соолугум.*

- Кой дос, мен барайын. А сен азып- тозуп жата бер. Сени менен кошо азый албайм. Үйдө кыздар күтүп атат. Сенин кайгылуу ырың-

ды уккуча кыздардын шыңгыр күлкүсүн уксам он жашка жашарып алам, – деп ордунан туруп Малик жөнөгөндө шашып акардионун коюп, узата чыккан Абды:

- Капа болбо дос ал жерде кыздардын күлкүсүн уккан сайын мен өзүмдүн Калыймамды сагынып кетем,- деп коштошуп, кайра кирип эми акардионун колго алганда эшик ачылды:

- Ой, бети-колуңду жууп, чай ичип анан кармасаң. Түн ортосуна чейин ырдап, уйку бербедиң го, эми чай ичип ал, ой тообо. Эми жаңы көргөнсүп кыңылдатат, – деп сүйлөнгөн апасы ары кетти. Акардионду кыз кучактагансып койо бербей бир аз ойсуз отурду да төшөктүн үстүнө коюп, эшикке чыкты.

* * *

Айлана аппак кар баскан кыш өз өкүмүн сүрүп жатты, асман ачык. Күн төбөдө нурун ааламга чачыратып турган менен табы аз, кыштын ызгаар суугун жеңе албай, алсыз. Төрт кабат жатакананын эшигинен кирген Калыйма сырттагы суукта кызарып, үшүп кеткен эки бетин алаканы менен сыйпалап, жылуулуктан эс ала «Ох» деп алды. Ары жактан вахтёршанын үнү чыкты:

- Сага ким керек?

- Экинчи кабаттагы эжеме кирип чыгайын, – дедим эле, уруксатпы?

- Өзүң элеби?

- Ооба.

- Мейли кир.

- Рахмат. - Экинчи кабатка чыгып, бир аз басып, бир эшикке токтоп какты.

- Ким?

- Мен.

Эшик ачылып, Калыйма сүйүнгөнсүп:

- Кир, кире кой, – деп кирбей койчудай колунан тартты ашыга.

- Кандайсыз?

- Жакшы. Сени келип калса экен деп аябай күтүп аткам, заводго жете албадым.

- Тынчылыкпы?

- Ооба. Мен айылга баргам.

- Качан келдиңиз?

- Үч күн болуп калды, ошондон бери сени издейм.

- Эмнеге?

- Абдыны тааныйсыңбы?

- Ооба.

- Ошол жигит менен чогуу болдук, сени аябай сурады. Жаңы жылда ала келчи деп суранып калды, барасыңбы?

- Жок. Аякка мага эмне бар?

- Жиндисиң го, отуруш бар, чогуу барабыз, кайра чогуу келебиз.

- Ии, сиз келесиз. Мени ала качып барып, отургузуп койсочу?

- Мен турам го, сени таштап келет деп турасыңбы?

- Жок эже барбайм.

- Койчу, менин сиңдим деп мактанып койдум.

- Барбайм. – Кабагын түйүп барып айнекке сүйөнүп, сыртка карады. Керебетке жата кеткен эжеси:

- Жакшынакай жигит экен бою да, кашы да, көзү да жакты, – деди.

- Сиз чаппайсызбы?

- Айбансыңбы? Мага күйөө бала болом деп атса, мен чаап алчу белем, ал сени сүйөт экен.

- Өзү айттыбы?

- Жок мен өзүм эле көздөрүнөн, сөздөрүнөн байкадым. Байкуш сени таарынтып алдым деп аябай бушайман.

- Ошону мурда ойлош керек эле.

- Алдыңа келсе атаңдын кунун кеч, дейт го, кечирип кой да.

- Кечирим сурап келбейби?

- Сурабадыбы?

- Сөз менен.

- Эмне кылсын байкуш, бул жакка келе албаса.

- Мейли башка сөз сүйлөйлүчү.

- Жок сен барганга макул болсоң, анан башка сөз сүйлөшөбүз.

- Жок барбайм дедим го.

- Сен ойлонуп, анан жооп берчи?

- Ойлонбойм! Ал мага жакпайт. Анан ал үйлөнгөн, балалуу.

- Эгер мени сүйсө он баласы болсо да тийет болчумун, – деп чоң Калыйма керебетинен туруп, ашканага кетти.

* * *

Жаңы жыл. Айлана шаңдуу. Бул мезгилде түн, күн эл үчүн айрымасы жок. Балатынын лампалары күйүп, илинген оюнчук балатынын көркүнө көрк кошуп турат. Музыка жаңырып, шаардын

тургундары бири калбай көчөгө чыгып алгандай, кээ бирлери чана тепсе, дагы башкалар кар урушуп кубалашып жүрүшөт. Жалтылдаган жылтырактарды мойнуна илип алып, бийлеп жүрүшөт. Бир топ аял, эркектер боёнуп, баштарына парик кийип, аялча кийинген эркек, жез кемпирдин кийимин кийген, ал элди күлдүрүп жүрөт. Капалуу адам көрүнбөйт. Калыйма да курдаштары менен ошол жердеги оюндарды көрүп "ДК»га бийге барышты. Ал жерге жете бергенде арт жактан жете келген жигиттер кыздарды карга бышып киришти, кыздар чыңырып, кээси качып кутулушту. Кыраан каткырык менен кыз жигиттер «ДК»га кирип барышты. Үстүндөгү кийимдерин тапшырышып, кыздар күзгүгө келип, жасанып киришти.

- Апаай -деп ыйлагандай кыйкырып жиберди бир кыз кулагын кармап алган эле.

- Эмне болду? – кыздар баары бурула калышты.

- Сөйкөм жок! Түшүп калыптыр.

- Качан? Кай жерде?

- Билбейм. – Ыйлаганы калган кыз айланасын карады.

- Ой, жана балдар карга жууган жерде түшүп жүрбөсүн!

- Болушу мүмкүн- кыздар божомолдой башташты.

- Кеттик карайлы.

- Эми кайдан табасың кар басып калды.

- А балким табылып калаар.

- Жигиттерди да чакырыш керек издешсин.

- Чын эле чакыргыла ,- деп буйруй сүйлөдү кулагын кармаган кыз көзү жашылданып, эмне кылаарын билбейт.

- Келатышат, – деп эки кыз шашыла келди.

- Анда кайра пальтолорду алалы. – Кыздар кийимдерин кийишип жатканда эки-үч жигит келип калды.

- Кандай эле, алтын беле?

- Ооба, апам жаңы эле алып берген болчу.

- Жүргүлө тезирээк. – Калыйма сыртты көздөй жөнөдү, калгандары ээрчий басышты. Жолдо аны-муну айтышып, кейип баратышты. Жоготкон кыз ыйлап алган.

- Ушул жер эле. Издегиле жакшылап карагыла.

Фонарь бар жерди кыздар карасын, караңгы жерди балдар силер күкүрт менен карагыла, – деп буйрук берди Алийма. Көпкө издешти, сөйкө табылбады кыздар, үшүй башташты, колдору тоңду.

- Колум тоңуп кетти, мен үшүп кеттим, табылбайт, эртең караш

керек, – деди бир бала. – Таң атканча кар жааса, эртең кайдан табылат? – деди дагы бири.

- Анда эрте жазда өзү кар ээригенде чыгат, -деп ха-халап күлгөн жигитти кыздардын бири жактырбай:

- Сага күлкү, силер болбогонуңарда жоголбойт эле, – деди.

- Биз эмне кылдык?

- Карга бышканыңды унуттуңбу?

- Алтынды «ДК»га киргенден кийин тагыныш керек эле, караңгыда силердин кулагыңарды ким карады дейсиң.

- Кетелиби, үшүп кеттим, – деп Жаркын жалдырап карады. Баары «ДК»ны көздөй жөнөштү, үн-сөз жок.

- Эми апама эмне дейм? – деп сөйкө жоготкон кыз кечеге киргиси келбей, көзүнүн жашын аарчып, ал жердеги отургучка отурду.

- Чынын айтасың да, дешип, кыздар да отурушту. «ДК»дан чыккан музыка кыздарды өзүнө тартып жатты. Бийлегилери келген кыздар эмне кылаарын билбейт. Курдашын таштап кетиш да болбойт, эмне кылыш керек? Бири-бирине карап тура бергенде эмне.

- Үшүп кеттик го, ичкериге киреличи, – деп Жыпара жер тепкилеп, колдорун чапкылай баштады. – Жүр Гуля, ичкериге. Сен да үшүдүң го. – Гуля унчукпай ордунан туруп, курдаштары менен чогуу басты. Пальтолорун кайра тапшыра баштошту.

- Гуля чечинбейсиңби?

- Жок, силер кире бергиле, мен үйгө кетем.

- Кантип, өзүң жалгызбы?

- Ооба, эл көп, көчө жарык, эптеп кетип калам.

- Коркпойсуңбу?

- Жок

- Биз жеткирип келелиби?

- Жок, өзүм эле кетем, мени жеткиргенче бий бүтүп калат.

- Капа болбойсуңбу?

- Эмнеге капа болмок элем. – Кыздар коштошуп, шашыла экинчи кабатка чыгып кетишти. Заматта алтын сөйкөнү унутушуп, бийлеп киришти. Оюн ойнолуп, призder берилип жатты.

- Кавказ бийине каалоочулар барбы?

Орто бошой түштү.

- Кыз, жигиттер жокпу?

- Калыйма чыгып барды, ары жактан бир жигит менен кыз чыкты.

- Дагы ким каалайт, жок дегенде бир жигит жокпу?

- Мен! Толороок келген бир жигит чыкты. Чачы кыздардыкындай узун, ийинин жаап турат.

- Азаматсың. Музыка!

Бий башталды. Калыйманын кыздары кол чабышып, коштоп кыйкырышса, ары жактан жигиттер; Жора, Жоора! – дешет. Көрүүчүлөр да кол чаап, бийлегендерди коштоп турушту. Музыка бүткөндө Калыйма кыздарды көздөй шашылып басып барып, Алийманы кучактай күлүп койду, дем алышы чарчаганын билдирип турду.

- Девушка, идите сюда, микрофон кармаган орус жигит чакырды. Жора кызды көздөй басты, жете келип, Калыймага – пойдём, – деп колун сунган жигитке бир карап алып, колун берди.

- Люди скажите приз кому отдадим?!

Биринчи чыккан кыз-жигиттин достору кыйкырып, ошол экөөнү көрсөтүштү эле:

- Не-ет, нет, голосуем кому больше голосов узнаем от зрителей. Прощу голосовать этой парочке, – деп жанагы кыз менен жигитти көрсөттү эле, дагы алардын достору кыйкырып, ышкырып, кол чабышты. Андан соң:

- Второй парочке, – деп Калыйма менен Жораны көрсөткөндө жаштардын баары кол чаап, кыйкырып жиберишти.

- Победители! По ближе подойдите, – деди алып баруучу. Экөө жакындаганда Жоранын колун кысып, белекти берди. Анан Калыймага да колун сунуп куттуктап, коё бербей туруп колун бийик көтөрүп койду, жаштар кайрадан кол чаап, кыйкырып жиберишти. Коробканы берип:

- Спасибо за хороший танец, – деп койду. Кыз шашылып курдаштарына жетти. Бий дагы башталды, мунусу вальс эле. Жора келип: – Можно? – деп колун сунганда, аргасыз макул болгон Калыйма бей тааныш жигит менен чимирилип вальска түшүп кетти.

- Как тебя зовут? Ой извини, хотя не познакомились, но уже друг-друга знаем, – деп жылмайды жигит. Өзү кыргызга окшогону менен кыргызча сүйлөбөгөн жигитти, Калыйма божомолдоп жатты. Корейспи, казакпы, кытай эмес. Сурагандан уялып, үн катпастан бийлей берди.

- Почему молчишь?

- Просто так.

- Где работаешь?

- На заводе.
- Кем?
- Монтажником.
- Оо, монтёр что-ли?
- Нет.
- А кем тогда?
- Мы катушку мотаем.
- Какую?
- Да от телевизоров, от радио. А вы сами?
- Я водитель.
- Экөө тең унчукпай калышты. Жигит кыздан көзүн албайт, кыз уялып эртерээк эле музыка бүтсө экен дейт.
- Где ты живёшь? – Капысынан берилген суроого чочуп кетип: - Аа,- деп жиберип уялып кетип, – не скажу, – деди.
- Почему?
- А зачем вам мой адрес?
- Ну как зачем, вдруг я захочу тебя увидеть?
- Лучше не захотите.
- А что, захотеть нельзя?
- Да.
- Какже такую девушку нельзя захотеть?
- Девушек много, а меня можете забыть.
- Ну милая красавица, Вас не забуду, – деп жылмайды жигит.

Музыка да токтоду, Кудайга шүгүр деп ичинен кубанды Калыйма. Жора бардык оюнга катышып, элди аябай күлдүрүп, биринчиликти алып жатты. Өзгөчө торт жегени элдин боорун эзди, бетинин баары торттун гүлү, аарчынып да койбой оозун толтуруп жегени аз келгенсип, көзүн алайтып элди тегерете карап, куудулданып жатты. Жаштардын баары Жораны гана колдоп, кол чаап, кыйкырып жатышты.

- Жора! Жора! Жора!- Ан сайын тиги да күч алат. Кайра бий, кайра оюн. Бүгүнкү кече аябай кызыктуу өттү. Акыркы оюн цыган бийи болду, эми кыздар Калыйманы сүрүп ортого чыгарышты. Бир орус кыз Калыймага удаа чыгып келди. Жанагы эле Жора дагы күлмүңдөп жөн чыкпай элге башын ийип көкүрөгүнө бир колун коюп экинчисин жайып, чыга келгенде, көрүп тургандар жалпы кыйкырып кол чабышты.

- Еще желающий есть, мальчики. Бир аздан кийин төркү бурчтан бир жигит чыга келди.

- Оо наканец-то, – деп күлмүңдөгөн алып баруучу: – сюда пройдите, – деп кыз жакты көрсөттү, жигит кыздын жанына келди.

- Музыку! – деп кыйкырып коюп алып баруучу четтеди. Тамаша кылгандар кол чаап турушту, төртөө ортодо эки-экиден бийлеп жатышты... Музыка бүттү, шатыраган кол чабуулар.

- Обе пары сюда идите, не уходите. Друзья тут и я тоже не могу определить кто лучший танцор, мне кажется обе пары молодцы, так что призы будем вручать всем да, вы не возражаете?

- Не-ет. – Залды жаңырта жооп берген жаштар кол чаап жиберишти. Приздерди алгандан кийин кайра бий башталды. Жора Калыймага карап:

- После танцев призы обмывать будем?

- Нет! Я домой пойду.

- Как это, домой пойду. Ведь сегодня праздник, до утра можно забыть о доме.

- Нет, не могу извините, – деп басып кетти Калыйма.

- Жора эмне деди? – деп кызыга суроо берди бир кыз.

- Жуубайлыбы алган приздерибизди дейт.

- Макул дедиңби?

- Жок.

- Жиндисиң, сенин шылтооң менен биз да жыргамакпыз.

- «Жолоочуну ээрчип, ит өлөт» дейт, бир эле көргөн жигитти эрчий бересиңби? – деп Калыйма кагып койду.

Кайра бий башталды.

- Друзья теперь белый танец, девушки приглашают парней на вальс, деп жар салды алып баруучу. Кыздар өздөрүн четке алышты, бир нече жуп кыз-жигиттер ортодо калып, бийлеп жатышты. Жорага кыздар келгенде жанындагы досторун жөнөтүп жатты, анын көзү Калыймада эле.

- Жора сени күтүп атат окшойт, – деди бир кыз жанатан баам салып турган экен.

- Ким айтты?

– Мен көрүп турам, кыздарга көнбөй, биз жакты кайра-кайра карап жатат. Кыз бурулганда, колун көтөрүп «мен мында» дегенсип көкүрөгүн сөөмөйү менен көрсөтүп, кел деген белги берип, вальска түшөбүз дегенсип аваны кучактап кыймылдап койду. Кыздар күлүп жиберишип, барбайсыңбы, деп кызды түртүшөт. Жора ансайын жаш баланы чакыргансып, эки колун сунуп, манжаларын жумуп-а-

чат. Кыз башын чайкап көнбөй койгондо Жора өзү басып келип кызды вальска тартты.

- Нет! Не хочу.

- Ну, пожалуста, – деп жоодурай карады.

- Барбайсыңбы каадаланбай, – деп Алийма ийининен нукуп койду, айласыз макул болгон Калыйма Жора менен ортого басты. Экөө бир аз унчугушпай бийлеп жатышты.

Жора кызга бирдеме айтайын деди эле кыз башка жакка карап, чакырганын укмаксан болуп койду. Жора тиктеп туруп жылмайып, өзүнө карашын күттү. Кыз да аны сезип турду ошондуктан башка жакты караган бойдон бийлей берди.

Музыка тез эле бүттү. Кыз эми жүзүн буруп колун ала койду да, бурулуп жөнөдү. Жигит токтотмок үчүн колунан кармады, кыз чочуп бурула караганда:

- Мы еще увидимся?

- Не знаю.

- Можно, я тебя провожу?

- Нет, спасибо, – деди да дагы кармап калбасын дегенсип тез-тез басып кетти Калыйма.

* * *

Түн ортосу. Калыйма чочуп ойгонду. Ойгонду, бирок дагы деле түшүнө бербей, бурчту тиктеди, бурч кап-караңгы, эч нерсеге түшүнбөйт. Бирок кимдир бирөө акардион тартып, боздоп ырдап жатты. Бул эмнеси, түшүмбү? Жок, өңүм десем ким анда ырдаган, үнү тааныш. Кимдин үнү... изденип отуруп, акыры тааныды – Абды! Болушу мүмкүн эмес! Кыз ким экенин таанығысы келип, тигиле карады. Кыймыл эткен жан жок, бирок добуш так ошол караңгылыктан угулуп атты. Бул эмне деген шумдук? Таң ата баштады, боздоп армандуу ырларды ырдап жаткан Абдырасулдун үнү алыстай баштады да, өчүп калды. Бул эмне деген сыр, жакшылыккабы же жамандыккабы? Төркү үйдөн чыккан чоң апасы – арык келген кичинекей кемпир:

- Туруп алдың беле, али эрте го? – деди.

- Чоң апа.

- Ой.

- Мен түнү бою уктаганым жок.

- Эмне, ооруп атасыңбы?

- Жок.

- Анан эмне болду?

- Таң аткыча тиги бурчта бирөө ырдап чыкты, өңүн көрбөдүм, бирок үнүн уктум.

- Анда оозуңа шекер салып отурганыңда чоң ырчы болмоксуң.

- Билбей калдым да, эми эмне болот?

- Эч нерсе болбойт, шекер салып отуруп уксаң, ырчы болмоксуң, – деди да кемпир печкасына от жагуу үчүн алектенди. Калыйманы карап да койбой: – укта эс ал, али эрте, -деди. Кыз эми акырын кыйшайып жаздыкка башын коюп, жуурканды башы жабылгыча тартты да уйкуга кетти.

* * *

Жаңы жыл да өттү. Жумушчулар ишке шашып, аялдамаларга чуркайт, түнкү сменде иштегендер уйкусурап автобустан түшүп, шашыла үйүн көздөй басышат, алардын көз алдында жылуу жууркан, мамык жаздык турат.

Арадан бир нече күн өтсө да Калыйма жаңы жыл түнү болгон сырдуу добушту унута албай жүргөн. Экинчи сменадан чыгып автобуска отуруп центр жакка бараткан эле.

- Кандайсың, – деп бирөө ийнине колун койгонунан улам үнгө бурула карап, Калыйма эжесин көрдү.

- Жакшы, – деп күлмүңдөй кол сунуп өбүшүп учурашты.

- Келиң отуруң, – деп ордун бошотмок болгондо:

- Отур, отура бер, эмеле түшөбүз, – деп эжеси отурбай койду.

- Качан келдиңиз?

- Эки күн болду, жумушка шашылып келе бердим.

- Азыр кай жакка?

- Жатаканага, өзүңчү?

- Центрге.

- Жүр, биздин жатаканага, сөз бар.

- Башка күнү барайынчы.

- Бир кызык айтам сага, ишенесиңби-жокпу билбейм. Ошентсе да айтайын.

- Макул, барам анда. Экөө аялдамадан түшүп, жатаканага карай басышты. Тез эле бөлмөгө жетип, эжеси кроватка боюн таштап жата кетти. Тушундагы кроватка барып отурган Калыйма эжесине:

- Айтпайсызбы, эмнени айтам дедиңиз эле?

- Э Калыйма, Абды жөнүндө айтып берейин деп атам.

- Эмне, үйлөнүп алыптырбы?

- Жиндисиң го, үйлөнсө автобуста эле айтмакмын сени жолдон койбой. Андан көрө сен жаңы жылды кандай тостуң?

-»Во»!- деп эки баш бармагын көргөздү Калыйма. – Силерчи?

- Баарын Абды бузду.

- Эмне ичип алып чыр-чатак кылдыбы?

- Жок. Биз бардык, баарын даярдап, дасторконду да жасап коюптур, аябай жакшы тосуп алышты. Чай ичилип бүтүп, тамак келди, тамак ичилип жатканда Абды келди. Кычырап тройка кийген, чачын бир жакка тараган, бир караганда Рысбай Абдыкадыровко окшоп кетет экен. Арыктыгы, бою, күлгөндөрү. Кирип келип, саламдашып атып сени издеди окшойт, ар кимибизди бирден карап чыгып:

- Калыйма келбедиби? – деп менден сурады. Мага анын кейпи күлкүлүү болуп кетип, күлүп жиберип араң токтонуп: – Жок, – дедим. Ал ишене бербеди, аркы үйгө баш бакты. – Келген жок, -десем:

- Калп айтпачы, силер мени сынап бекитип койдуңар, – деди.

- Отурчу чай ич, кантесиң, – деп аяшы төргө түрттү. Тамакты астына койду. Улам уурттап коюп, эшик жакты карап коёт. Мен аны карабаска аракет кылып жаттым. Тамак ичилип, арак куюлуп жатты, ал ичпей койду.

- Калыйма келди беле? – деп дагы менден сурады.

- Жок дедим го, көнбөй койду, мен эмнеге барайын деп. Мен сен үчүн кечирим сурадым. Өкүнүп атат десем, мурда ойлонуш керек эле да деп койду. – Эгер сен таарынтпасаң балким келет беле, – дедим. Абды ыргып туруп сыртка чыгып кетти, артынан Малик чыгып кетти, биз кетип калды го дегенбиз. Өзүбүзчө тамашалашып күлүп, ичип отура бердик, экөө жок болуп кетти. Шампанский ачаарда сыртка эркектерден бирөө чыгып, издеп таап келди. Баарыбыз отурганда шампанский атылып, рюмкаларга куюлду, телевизорду тиктеп колго рюмкаларды алып, даярданып турганда телевизордон көрсөткөн сааттын жебеси чык-чык деп жылган сайын биздин жүрөктөр да дүк-дүк деп кошо согуп жатты. Туура 12ге келгенде «баң» деген үнгө улап рюмкаларды кагыштырып, бири-бирибизге бакыт каалап ичкенге шаштык. Абды үнсүз кагыштырып ичип жиберди. Анан ал жалгыз отуруп алып, аракты ачып, өзү куюп – өзү иче берди, закуска да жебеди. Бир шишени ичип бүтүп акардионун сурады. Ма-

лик алып бергенден бир мүнөт токтобой таң атканча ырдай берди, биз айласыз угуп отурдук. Бий да, ыр да калды.

- Биринчи «Издейм сени» деген ырды ырдадыбы?

- Ооба

- Анан «Дарак бүрдөп» дегенди.

- Ооба, сен кайдан билесиң?

- Үчүнчү ырынын атын билбейм бир, эки строчкасы мындай:

Бой таштап тегирмендин парасына,
Кээ күнү калгым келет кайчыланып.

- Ошондой. Сен эмне анын ырларын бүт билесиңби?

- Жок, ошол түнү мен уктум?

- Кантип? – Таң калып карап отурган эжесине Калыйма ошол түнкү сырды айтып берди.

- Таң калаарлык го?.... Мен ойлойм ал сени чын эле сүйөт экен, сезип атасыңбы? Эгер анын сүйүүсү күчтүү болбосо сен үнүн укпайт элең.

- Мен сүйбөйм да.

- Эй Калыйма, андай сүйгөндү таба албайсың, ойлон.

- Ойлонуп көрдүм, жүрөгүм каалабаса өмүр бою өзүмдү-өзүм зордоп жашайынбы?

- Анын да туура.

- Сүйүү таш боор экен го. Сүйгөндү сүйдүрбөй, сүйбөгөнгө жалдыратып, азапка салып, кыйнайт экен го чиркин!

- Сага түшүнөм бирок Абдынын жүрөгү тилинип кан агып Калыйма деп ыйлап жатканын элестетсем жүрөгүм чыдап тура албайт. Кимде күнөө? Жүрөгү сени сүйүп өзүн азапка салган андабы? Же сүйгөндү сүйө албай, жок дегенде козголуп койбой уктап жаткан сенин жүрөгүңдөбү?

Оо Кудай, эч кимди жоопсуз махабаттын капканына түшүрө көрбө! Ар бир адам сүйгөнүнө жетсинчи, жаздык кучактап боздобосунчу!..

# ҮЧ СЫР

Кыш. Айлана кар астында уктап жатат. Окуучулар кышкы каникулга чыгышкан, ким бирөөлөр үйүндө, бирөөлөр чоң-атасыныкына кетсе, дагы бирөөлөрү тайатасыныкына кеткен. Мен да апамдан сурanып, айылга тайатамдыкына кеттим. Тайатам узун бойлуу, арык, сал бүкүрөйүп баскан сулуу абышка эле. Кара кашы, кыйгач мурдуна аппак кардай сакалы жарашып турчу. Тайатам жомокчу абышка эле. Кышкы кечки тамак ичилип бүткөндө биз шашыла идиш-аякты жууп, төшөк салабыз. Тайатам айнек жактагы дубал түбүнө коюлган кроватта баш жакка коюлган терт жумшак жаздыкка сүйөнүп жатат. Анда-санда ыкшып жөтөлүп койгону тайатамдын оорусунан кабар берип турчу. Тайатама катарлашып салынган төшөктө биз неберелери, бүгүн кандай жомок айтар экен деп тайатамдын оозун тиктеп күтчү элек. Тунжураган тынчтыкты бул жолу да тайатамдын ыкшып жөтөлгөнү бузду, узакка жөтөлүп алып анан

- Бүгүн силерге өзүмдүн кичинекей кезимдеги окуяны айтып берем, – деди да аңгемесин баштады.

Ошол кезде мен он-он бир жашта элем, биздин айылда Какей деген мерген жашачу, аны айылдыктар «Кыл мерген» дешчү. Ошол кыл мерген улгайып калган эле. Бир күнү айылдыктарга кошулуп менин атам да шашыла кийинип, Какей мергендин үйүнө жөнөп калды, мен да суранып ээрчип алдым. Какей мерген түлөө өткөрүп жатыптыр десе, тынчтык элеби деп бирөөлөр чочулай сурашат.

Айылдаштар келип отурганда дасторкон салынып, ары-бери келин-кесектер да дасторконго нан боорсок алып келип коюп, ары-бе-

ри эт, шорпо тартылды. Тамак учурунда адамдар андан-мындан кеп кылып отурушту. Тамак жеп-ичилип бүтүп, чай куюлуп, чай ичип отурушканда Какей мерген тамагын жасап айылдаштарынын көңүлүн өзүнө бурду. Отургандар жабыла тиктеп тынчый түшкөндө мерген сөзүн баштады: – Туугандар, мен бүгүн түлөө өткөргөнүмдүн себеби мергенчилик кылып жүрүп, үч оңко тургузганымды билесиңер. Бирок менин бүгүнкү силерге айтайын дегеним башка, ал үч сыр, – деп өзүн үнсүз тиктегендерге кыдыра карап сөзүн улады. – Бир күнү мылтыгымды асынып адатымча тоого чыктым, өтө алыс эмес жерден бир чебич секирип качып жөнөдү, мен кууп жөнөдүм. Чебич тоо-ташты аралап отуруп, бир үңкүргө кире качты, эми колго түштүң го деп артынан үңкүргө кирип бардым. Силерге жалган, мага чын үңкүрдүн ичи кенен келип, эки жан жагында катар-катар көгөндөрдө улактар байланган, үңкүрдүн ортосунда ак элечек кийген байбиче ийик ийрип отурат. Артыма бурулуп, чыга качмак болгондо үңкүрдүн оозу жабылып калды. Эмне кылаар айламды таппай турганымда жанагы байбиче мага карап:

- Кел, келегой мерген, мен сени күтүп жүргөм. Мынабу көгөндөгү улактарды көрүп турасыңбы? Ушул шордуу жетимдердин энелерин сен атып өлтүргөнсүң, сен кубалап келген чебичке жалгап эптеп чоңойтуп жаткам, аны да өлтүргүң келип артынан түштүң. Балам, мынабу улактардын убалы кимге?... Сага айтаарым мындан ары кийик уулаганыңды кой балам, – деди мен макул дегендей башымды ийкедим. Байбиче ордунан туруп төр жактагы ташты колу менен жаңсаганда таш жылып ал жактан дагы бир үңкүр көрүндү, мен ордумда тура бергенде:

- Отур балам, даам ооз тийип кет, куттуу үйдөн кур чыкпа, – деди да үңкүргө кирип кетти. Бир аз убакыт өтпөй колуна эчкинин туягын кармап чыгып мага сунду, таңыркай акырын колума алып ичине көз чаптырып карадым. Туякта айран бар экен.

- Ич, ичегой, кайберендин сүтүнөн жасалган айран, – деди. Мен көтөрүп ичип, карасам туяктагы айран түгөмөк түгүл бөксөрбөптүр, мен таң калып карап калдым.

- Ич, ичсең балам», – деди байбиче. Мен эки-үч жолу ичип жиберсем да жок дегенде бөксөрүп койбоду. Мен туякты кайра байбичеге сундум.

- Ичпедиңго балам, – деп туякты колумдан алды.

- Ырахмат, ичтим, – дедим.

- Эми балам ушунча келип калыпсың кур кетпе. Мындан чыксаң тескейде бир топ теке жатат, аларга тийбе, кечинде балдар туз артып келген эле сээреси шишип калыптыр. Андан ары бир топ текечээр жатат, ошондон бирди атып алып кет, бирок балам мындан кийин атпагының, макулбу? «- деди. Макул болуп, ордумдан тура калып, артымды карасам өзүм кирип келген үңкүрдүн оозу ачылып калыптыр, сыртка чыгып тескейге барсам бир топ текелер сээреси шишип жатыптыр. Андан ары бастым байбиче айткан бир топ текечээр күнэстеп жатыптыр, менден үркүп да койгон жок. Тандап бирөөнү атып, үйгө кайттым. Ошол күндөн мергенчиликке чыкпай калгам. Бир жолу тоодогу мал-жандан кабар алып келейин деп жөнөп бараткам. Эки жакка көңүл бурбай, ойго батып алгам, бир кезде таш кулагандай болуп кетти, чоочуп үн чыккан тарапка бурула көз салдым. Тоо боорунда келишкен жети теке тизиле баратат, өтө эле жакын эле, шашылып мылтыкты колго алып алдыңкы текени мээлеп туруп атып калдым. Тобо ошол күнгө дээри үч оңко тургузуп бир да огум жаңылган эмес эле, жанагы текенин эки мүйүзүнүн ортосу чаңый түшүп бирдеме жерге түшүп калды. Жанагы жети теке басыгын өзгөртпөй эч нерсе болбогондой кете берди, мен ордумдан жылбай көпкө тиктеп туруп калдым, экинчи ирет атууга аракет жасаганым жок. Текелер көздөн кайым болгондо гана жанагы текенин эки мүйүзүнүн ортосунан түшкөн нерсени эстедим да, аттан түшүп, шашыла ошол нерсе түшкөн жерди көздөй бастым. Ошондо мынабу уюл экен, таап алып таштабай ала келдим, ошол күндөн бери ушул идиште чай ичип калдым, – деп чопо пияланы көрсөттү. Отургандар чопону колдоруна алып айландыра карап көрүшүп, кайра беришти.

- Эми силерге үчүнчү сырымды айтып берейин. Мындан эки-үч күн мурда жылкыман кабар алганы барганымды баарыңар билесиңер, ошондой эле ушул күнгө чейин менин жылкыма карышкырлар тийбегенин да билесиңер. Мына ошол күнү жылкыларымды көздөп коюп, айылга кайра тарттым, жолдо алдымдан биринин изин бири басып, жети карышкыр өтүп баратты. Мени көрмөксөнгө алып койгондой алдыдагысы көкжал экен, астымдагы атым кошкуруп кетенчиктеп кетти, бирок карышкырлар мен жакка бурулуп карап да койбоду. Таң калыштуу карап туруп калдым. Алдыдагы көкжалга суктанып карап турдум да атып алгым келди. Өзүмдүн кыл мергендигиме ишенип, мээлеп туруп атып жибердим. Көз алдымда түтүн гана бурк этти, ал эми карышкырлар болсо жүрүшүн өзгөртпөстөн

биринин изин бири басып эч нерсе болбогондой кете берди. Эмне деген сыр болуп кетти деп ойлонуп туруп калдым.

Кече түнү уктап жаткам, түн ортосу ооп калган экен, кимдир бирөөнүн: – Каке-ей, Какей! – деп чакырганынан чочуп ойгонуп кеттим, түшүм го деп ойлоп кайра жаздыкка башымды койгонумда жакын эле жерден кайра атымды атап – Какей, Какей, – деди. – Я, кимсиң? – деп жибердим ошондо жанагы үн: – Мен карышкырмын Какей, сен адамдын сырттаны элең, мен карышкырдын сырттаны элем. Мен сага тийчү эмесмин, сен мага тийчү эмессиң. Сен мага тийдиң, эми мен сага тием. Менин ажалым сенден, сенин ажалың менден, – деди да басып кетти. Кыл мерген сөзүн аяктады, үйдүн ичин тынчтык каптады, кээ бирөөлөр жакасын кармап «ой тобо» деп күбүрөп-шыбырап койгону болбосо, бири да кеңеш бере албай олтуруп калышты.

- Бир Кудай өзү жакшы Какей мергеним, түлөөңдү жараткан өзү өз дарегинде кабыл алсын жана сени колдосун. Сактайм десе кызыл оттон сактайт экен го, – деди айыл аксакалы сакалын сылап отуруп.

- Ооба, ооба бир Кудай өзү сактасын – деди дагы бир абышка. Калгандары үнсүз баш ийкеп отурушту.

- Кана, оомин, тилегиң кабыл болуп, жараткан Алла өзү жар болсун, өткөргөн Кудайың кабыл болсун, Аллоху акбар – деп бата берген аксакалды калгандар да коштоп беттерине бата сүртүштү.

Ошол күндөн көп узабай эле айыл ичинде. Какей мергендин жылкысына карышкыр тийиптир, деген сөз октой айылдын башынан аягына заматта тарады. Уккандар жакасын карманып, тобо келтиришти, бир жамандыкты сезгенсип иттер да улуп-улуп калчу эле. Айылдагылар эмне деп жоорушту билбей, Кудайга жалынып келме келтиришет, бир нерсе деп айтуудан да айбыгышып, ичтеринен күбүрөп жакшылыкка жооруп койушат.

Какей мерген жылкысына карышкыр тийген түндүн таңында эле аттанып кеткен эле. Түш оогон кезде узундугу эшик төрдөй келген килейген көкжал карышкырды оозуна кемеч салып төрт бутун байлап өңөрүп келип үйүнүн босогосуна таштап салды.

Кечке жуук мал короого кирген кезде Какей карышкырдын жанына келип: – менин малымды кырган тишиң ушубу? – деп карс дегизе урганда карышкыр адамча «Икий» деп онтойт. Жанында карап турган экинчи аялы карышкырга боору ооруп абышкасына: – Мерген байым, капырай адамча онтойт да, байкушту коюп жиберчи, – деп суранат.

- Жок, менин ажалым мындан, мунун ажалы менден, – деп басып кетет. Кечки тамакка отурган кезде айылга Какей мергенчинин ичи ооруп жатып калыптыр деген кабар жетет. Төшөк салынып жат-жатка келгенде мерген аялына: – Карышкырды менин этек жагыма байлатып кой, – деп буйрук берет. Карышкыр кандай мамиле жасаса да каршылык көрсөтпөй жата берет.

Түн ортосунда карышкыр ордунан туруп кыбыланы карап катуу улуп анан шылк деп жерге кулаганда Какей мергендин да жаны кошо үзүлүптүр, деп атамдар Какейди көмгөндөн кийин айтып жүрүштү, -деп таятам сөзүн бүтүрдү.

# ДОСТУК СЫНОО

Май айы аяктап, жайдын толуп турган мезгили. Күн ысып, үп тартып турат. Колхозчулардын баары жабыла пахта чабыкка түшкөн учур. Боз торгойлор ар жерге учуп-конуп, пахтачылардын демине дем кошуп, шаңдуу сайрашат. Ансайын берилген норманы аткарууга биринен-бири шашылып, атаандаша чабылган кетмен үнү айлананы жаңыртат. Аялдардын жана жаш өспүрүмдөрдүн шаңдуу үндөрү коштолуп, өзүнчө эле эгин талаасынын көркүнө көрк кошконсуйт.

Мен да ошол пахтачылардын арасында пахта чаап жүргөн убагым. Мен анда сегизинчи классты бүткөн кезим эле. Арабызда Шааркан деген эже бар эле, жашы элүүдөн өтүп калган кара-тору, арык аял болчу. Мен анын чапканына бир чети таң калсам, бир чети аябай кызыкчумун. Анткени, ал дайыма нормасын элден биринчи аткарчу, ага жетсем деген оюм менен мен да тез-тез чаап жөнөп калган кезде артымдан апамдын ачуу чыккан үнү токтотчу.

- Кайт артыңа, шашып кайда барасың? Чөбүн өлтүрө чап, Шааркан эжеге теңелбе, ал эже колхоз чабышка салып жүрүп көнгөн.

«Колдон өтөр, ээсине жетер» деп илгеркилер айтмакчы, чынында ошондой эле. Таза чабылган жөөктөр кийинки чабыкта кыйначу эмес, чөбү аз, пахтасы да жакшы өсчү. Шааркан, Бурулай, Адина сыяктуу эжелер ошол жөөктөргө түшчү эмес, чөбү көп жөөктөрдүн чөптөрү кийинки чабыкта пахтасын өстүрбөй, от басып калчу, бирок ал жөөктөргө кийинки чабыкта ал эжелер түшчү эмес, чөбү аз жөөктөрдү тандап алчу.

Мына ошентип, кызуу иштеп жүргөн убак эле. Обед болуп калган түшкү дем алышта сууга чөмүлүү үчүн бүгүн да чоң каналга өспүрүмдөр чуркап кубалашып барганбыз. Менден бир жаш кичүү бөлөм Алийма да иниси менен бир бейтааныш жигитти ээрчитип келип калыптыр. Алийма ачык, шайыр кыз, менин алдымдан тосуп чыгып учурашып, мага жанагы жигитти тааныштырды. Анын аты Майсалбек экен. Алийма болсо жигити экенин кулагыма шыбырап койгон. Ал күнү баарыбыз чогуу сууга түшүп, ойноп-күлүп кайттык. Мына ошол күндөн баштап Майсал тез-тез келчү болду. Акыркы күндөрү биз үчөөбүз аябай ынак болуп кеттик. Майсалбек Алийманын жигити, а менин болсо жакшы досум. Ошентип жүрүп арадан билинбей эки жыл өттү. Майсалбек менен достугубуз улана берди. Ал келгенде бизге жардам берип жүрдү. Ошондой күндөрдүн биринде биз үй-бүлөбүз менен талаада дарбыз үзүп, жол жээгине ташып жатканбыз. Алыстан бизди карай келе жаткан үч жигитти көрүп ортосундагы Майсал экенин жазбай таанып, күтүп туруп калдым, жакындай келгенде Майсалдын колу таңылганын жана мойнуна илип алганын байкадым. Үчөөнүн алдынан тосо бастым да, саламдан мурда: – Колуңа эмне болду? – деп сурадым. – Эч нерсе. Кандайсың? – деп күлүп, сол колун сунду. Мен колумду сунуп үчөө менен учураштым, биз катар басып, үйүлгөн дарбыздын жанына келдик.

- Келгиле бул жакка өткүлө, – деп атам бир колу менен союуга тандап алган дарбызын кучактап, отурганга орун көрсөттү. Өзү биринчи отуруп, бычагын кынынан сууруп, дарбыз сойо баштады, сиңдим нан оролгон дасторконду жигиттердин алдына жайды. Дарбыз жеп отуруп Майсалбектин колу жөнүндө сүйлөшүп отурдук Майсал болгон оорунун жайын башынан айтып берди.

- Бекер кылыпсың тилдирип, баланын заарасын тез-тез жаңыртып тартып турсаң шишик өзү эле кайтмак. Эми кудай сактасын эгер врач тамырды кесип койсо колуңдун бармактары жазылбай калышы да мүмкүн, – деп башын чайкады, атам.

- Ооба андан Кудай сактасын,- деди апам да кейиштүү.

Жигиттер бизге жардам беришти, иш бүткөндөн кийин алар кетүүгө камынып, баарыбыз менен коштошту. Майсал мага сунган сол колун мен сол колум менен кармап тамашалап, Майсалга карап:

- Оң колум эл үчүн, сол колум дос үчүн, – дедим, бул сөзгө Майсал ыраазы болгондой жылмайып койду.

Ошол күндүн эртеси Майсал достору менен келип, дарбыздарды

машинага жүктөгөнгө жардам беришти. Машина кеткенден кийин күн ысыганда каналга бардык, ал жерде кыз-жигиттер киринип атыптыр, биз да аларга кошулдук. Майсал колунан улам сууга түшүп киргенден коркуп, каналдын жээгиндеги чоң ташта тамаша кылып карап отурду. Биз сууда көпкө кириндик, бири-бирибизди сууга ыргытып, кубалашып ойноп жаттык. Биздин ойногонубузга суктана карап, Майсал өзүнүн сууга түшпөгөнүнө арман кылып:

- Колум шишибегенде мен да силерге кошулуп сууга түшмөкмүн, айла жок күнгө какталып олтурам. Эгер колум айыгып калса быйылкы жылдын эсебинен суук түшүп калса да бир жолу сөзсүз киринип кетем, – деди. Мен анын ошол отурушун көрүп аябай аяп кеттим. Майсалга карап:

- Досум, эгер колуң, жакшы болуп калса, мен да сага шерик болуп сөзсүз келип, сууга түшүп кетем, – дедим анын көңүлүн көтөрүп. Майсал мага ишенбегендей таң калып карап:

– Сөзсүз, чынбы дос? – деп сурады. Мен Майсалга жүрөктөн айтылган сөз экенин аныкташ үчүн колумду сунуп:

- Кел досум, колуңду бер, мен дос үчүн жанымды аябайм, – дедим. Биз ошентип кол алыштык.

Кеч күз жыйым-терим бүтүп калган. Тез-тез күзгү жамгыр төгүп, күндөн-күнгө суук түшө баштады. Ошол күндөрдүн биринде Майсал келип калды. Мен Майсалдын жүзүнөн капалыгын көрүп өзүмдү оңтойсуз сездим, бирок анымды байкатпай мурдагыдай эле күлүп тосуп алдым. Экөөбүз үйгө кирдик, мен чай койдум. Аркы-беркини сурашып отуруп, Майсалдын колун сураганымда чала бүгүлгөн бармактарын алдына сунуп көрсөтүп:

– Аяш атамдын айтканы туура чыкты, бычак тарамышка тийип калыптыр, эми минтип колум жазылбай калбадыбы,- деп үшкүрүп койду. Мен эмне деп көңүл улашты билбей: - Алиймага жолуктуңбу, же үйдө жок бекен? – дедим.

- Ооба, жолуктум. Бирок Алийма мени менен сүйлөшкүсү келбеди, колумду көргөндө: – мага чолок жигиттин кереги жок, – деп кирип кетти.

Менин жүрөгүм катуу ооруп кетти, Алийманын сөзүн укканда азыр да – ачышып ооруп турат, – деп жер карап отуруп калды. Мен Майсалдын келгенде эмнеге капалуу көрүнгөнүн түшүндүм.

- Капа болбо, кеп сенин колуңда эмес, Алийма сени сүйгөн эмес, жөн эле көңүл ачып жүргөн, сүйгөн адам андай сөздү айтмак эмес.

Сен аябай жакшы жигитсиң, сен чыныгы сүйүүңдү жолуктурасың, жеңил ой кыздын сөзү үчүн өзүңдү-өзүң басынтпагын. Алиймага окшогон кыздардын көзүнө көрүнүп жашашың керек.

- Рахмат дос. Мен сенден мындай колдоо сөз угам деп күткөн эмесмин, сен да мени менен дос болгуң келбей калат го дегем, – деди.

- Койсоңчу беш кол тең эмес да, мен Алийма эмесмин. Мен достун колу же өңүнөн тандабайм, сени бүгүн эле көргөнүм жокко. Эки жылдан ашык билем го кандай экендигиңди.

- Сен акылдуу кыз экендигиңе эми чындап ишендим

Экөөбүз бир тиктешип алып, үнсүз чай ичип отуруп калганда тынчтыкты Майсал бузду.

- Дама, эсиңдеби баягы канал боюнда айткан сөзүң? – деди.

- Эсимде өзүмдүн сөзүмдү өзүм унутчу белем. Эгер кирингиң келсе мен азыр да даярмын, – дедим.

- Анда кийин, кеттик, – деп жылмайды.

Мен жынсы шым менен водоласкамдын үстүнөн кара жакетимди кийдим, чачымды түйүп, даяр болуп чыгып калдым, мен чыкканча Майсал веласепетти желдеп болуп, мени күтүп турган экен. Мени бир башкача таң калып карап турду да анан: – Сенин ушунчалык сулуу экениңди байкабаган экенмин же бүгүн эле ушунчалык сулуу болуп калдыңбы?- деп күлдү.

- Койсоңчу тамашаңды. Же сен өзүңдү эле сулуумун деп жүрдүң беле, – деп мен да тамашалап күлдүм. Ошентип тамаша менен каналга да жеттик, баягы жаштар киринип, суудан чыккысы келбеген каналда бир да жан жок. Суу да азыраак агып калыптыр. Суу бетинде шамалга майда толкун пайда болуп, өзүнчө эле кооз көрүнөт. Кыздар кийим алмаштырганда далдалап турчу кичинекей караган-шактар жалбырагы төгүлүп, жыңалач болуп калыптыр. Эми кыздарды жашыра албаганын айтпаса да билинип турат. Мен эки жакка карап далдаа жерди таппай туруп калдым.

- Түшкүң келбесе түшпөй эле кой, мен капа болбойм, – деген Майсалдын сөзүнөн чочуй ага карап: – Сен эмне, киринбейсиңби? – дедим.

- Түшөм, – деди жылмая.

- Анда кеттик, – деп бурулганымда:

- Сен эмне, ушул кийим менен киринесиңби? – деди таң кала.

- Ооба, чечинип кийим алмаштырганы жалбырактуу эч бир тал жок экен, – дедим.

- Сен кийимиңди алмаштыра бер, мен карабайм, – деп бурулуп, артын салып турган Майсалга карап турдум, бирок чечингим келбеди, уялдым. Майсалга ишенбегендик эмес, өзүм эле уялдым башка бирөө келип калчудай болуп, мен жакетимди чечип ташка коюп, үстүнө саатымды койдум, көлөчүмдү чечип, чуркап барып сууга секирдим.

- «Дами-и-ра «- Майсал кыйкырып жиберди.

Ошентип экөөбүз кубалашып, суу чачышып кайра-кайра секирип каткырып күлүп көпкө кириндик. Экөөбүздүн тең ээктерибиз көгөрүп кеткенин көргөндө гана кетүүнү ойлодук. Майсал кийимдерин сыгынып, кийингиче мен тетири карап турдум.

- Эми сен кургактанып ал мен карабай турам, – деди. Мен: - жок сыгынбайм, – дедим да, билегимди кайрып сыккан болуп койдум. Менин көнбөгөнүмө көзү жеткен Майсал шаштырып калды

- Кеттик тезирээк, үйгө эртерээк жетпесек сен ооруп каласың, – деп веласепетти минип, мени учкаштырып, тез айдап жөнөдү.

Үйгө жеткенде Майсал кетип баратып сол колу менен менин колумду кыса кармап:

– Дамира мени сендей доско туш кылган тагдырыма аябай ыраазымын, мен сенин чыныгы дос экениңе эми ишендим. Мени кечирип кой, сенден күмөн санап сынаганыма. Бүгүн сенин берген сөзүңдү эсиңе салып көрдүм эле. Эмне деп шылтоо табар экен деп, – деди, башын жерге салып. – Эгер достор сендей болгондо анда билбейм заман кандай болмок. Мейли жакшы кал дос. Бүгүн акемдикинде жатам. Эртең айылга кетем, – деди да жөнөп кете берди.

Мен ошол күнү катуу ысытмалап ооруп, төшөккө жатып калдым. Катуу суук тийгендиктен бир ай дегенде араң айыктым. Бирок, ошол коштошуу акыркы коштошуу экенин, ошол бойдон бири-бирибизди түбөлүккө көрбөй калаарыбызды ал кезде мен да Майсал да сезбеген экенбиз.

Тагдыр бизди эки жакка бөлдү. Мен турмушка чыгып алыс кеттим. Майсалдын кай жерде эмне кылып жүргөнүн, бары-жогун билбеймин. Мен анын достук сыноосунан ошентип өткөм. Андан бери далай жылдар өтсө да мен досумду эсимен чыгарбай, дайыма сыймыктануу менен эскерип келем

А Майсал болсо досун сынаган күндөн кийин катуу ооруп калганын билбей да ошол бойдон досу менен көрүшпөй да калды...

# СҮЙҮҮ, ДОСТУК ЖАНА ЧЫККЫНЧЫЛЫК

Январь айы. Эшикте кыш, айлана аппак кар жамынган, эки кыз тез-тез басып, жол жээгиндеги үйгө жетишти да туруп калышты.

- Кимисин чакырсак, сыртта эч кимиси көрүнбөйт го? – деди бири.

- Өмүралыны эле чакырсак бирөө чыгар? – деди экинчиси.

- Өмүралы-ы, Өмүралы-ы-ы.

Эшик ачылып бирөө көрүндү:

- Ким? – үкөсү Шакендин үнү угулду.

- Биз эле.

- Аа, келгиле силерди азыр эле жоктоп жатышты эле. Кыздар кирип, коридордо пальтолорун чечип, илгичке иле баштаганда ички залдын эшиги ачылып, эки жигит чыгып :

- Ой силерге такси чыкпаса керек, кечээ чыксаңар болмок, бир ЛАЗ силердин шаарыңардан келген экен, ошол автобус менен келип калмаксыңар! Ха-ха-ха! – деп каткыра күлүп, кыздарга кол сунган жигит Муса эле, экинчиси күлмүңдөп келип, кол сунуп:

- Келгиле, – деди, бул Өмүралы.

- Туулган күнүң менен Өмөк, – деди белегин сунган кыз.

- Рахмат, үйгө киргиле. – Муса жол көрсөтө эшик ачты. Үй ичи толо кыз-жигиттер, ортодо дасторкон аябай жасалган экен. Меймандарды таанышса да эмнегедир эки кыз кызара түшүштү, бир аз тайсалдай, кире албай туруп калышты. Кыздардын сүрдөгөнүн сезген Өмүралы алдыга кирип, Зууранын колунан тартып киргизди.

- Киргиле тартынбай, баары өзүбүздүкүлөр эле! Ошол учурда

Зуура жаштардын арасынан бир бейтаныш жигиттин көзүнө-көзү кадала түшүп, туруп калды. Минут өттүбү, секунд өттүбү, айтор убакытты тиктешкен экөө сезбей калышты.

Бир учурда Өмүралы:

- Ой Зуура, өтпөйсүңбү тигил жакка, Нүргүл сен да өт, – деп, бирок Зурааны эки ийнинен кармап сүрүп жөнөдү. Ошондо кыз селт дей уйкудан чочугансып, эч нерсеге түшүнбөй, эки жагын каранып, кай жерде турганын араң эстеп, өзү уялып кетти. Баары жайгашып, күткөндөр да келип бүткөндөй тамак ташылып келе баштады, эт менен картошка куурумасы салынган тарелкалар дасторконго коюлуп жатты, чай куюлду, бурчта коп стаканга бир жигит винону теңдеп куюп жатты.

- Стаканды узаткыла жигиттер!- деп буйрук берди. Катуу текшерүүгө алган кишиге окшоп чөгөлөй калып тегиз карап стакандар өз ээлерине тийгенине ишенгенде:

- Кана эмесе, стакандарды колуңарга алып көтөрүп турсаңар, – деди Муса. Кыздардын арасынан "Мен ичпейм"- дегендер чыкты, аларды эптеп көндүрүп, стаканды кармап эле тургула деп жатып тегиз көтөргөндө тостту өзү сүйлөдү:

- Мен ушул тостту таанышуу тосту десем кандай дейсиңер? – деди да жооп күтпөй эле: – Бүгүн Өмүралынын туулган күнүнө атайын Фрунзеден тууганы келип калыптыр, ушул мейманга сиздерди, сиздерге болсо ушул мейманды тааныштырып койсом. Бул жигиттин аты Мухаммедшакир. Фрунзеде Автодорожный техникумда окуйт. Эми бир чекеден атыңарды айта берсеңер.

- Абди. – Мухаммедшакирдин жанында отурган жигит колун сунду.

- Шакир, – деп жылмая кол алды. Андан ары:

- Жыргал.

- Кундуз.

- Гуля.

- Анара.

- Дамира.

- Арстан.

- Адылбек.

- Акылбек. – Таанышуу кезеги Зуурага жетти:

- Зуура. Үнү калтырап араң чыкты бети алоолоп от болуп ысыды. Кыздар билип койбосун деп жер карады.

- Нүргүл! – деп курдаш кызы жайдары жооп берди.

- Мен Капар... – деп дагы бир деме айтайын деп оозун камдап келатканда:

- Мен, Өмүралы Токторалиевич, – деп тынчтык ээлеп алган жаштар арасына күлкү аралатты.

- Кана эмесе, таанышканыбыз үчүн, – деди Муса. Жигиттер токтоосуз ичип кириշти, кыздарды Муса кыстап, алаксып отурганда Зуура жанатан бери турган дубал менен кошо курулган печканын кыйгач ачылган эшигинен винону чачып жиберип стаканды оозуна такап Мусанын көзү өзүнө түшкөндө өзүн аянычтуу көрсөтүп, кабагын бүркөп, шашылып закуска издеп калды.

- Ой азамат десе! Мына закуска,- деп вилкага закуска сайып, кызга сунду. Шакир кызды көз кыйыгынан карап, анын амалын көрүп, ичинен күлүп, уялтып койбоюн деп унчукпай сыр бербей отурду. Нүргүл болсо Зууранын жасаган ишин көрбөй калды, анткени анын бир колунда Капар берген закуска, экинчи колунда вино куюлган стакан, Капардын кыстоосу менен винону жийиркене жутуп жаткан эле. Ошентип Өмүралыга каалоолор айтылып да жатты, стакандар бошоп да жатты. Шакир менен Зуура бет маңдай отурушкан эле, экөөнүн көздөрү улам кадала түшүп, кыз уяла карап, жүрөгү түшүнүксүз туйлап, оозуна капталат. Шакирдин көз карашынан кысылып, кандай кылар айласын таппай отурду. Бул экөө менен эч кимдин иши да болбой, ал тургай эч нерсени сезишкен да жок. Зуура үчүн убакыт токтоп калгансып, Шакир менен кайрадан тиктешип калуудан коркуп, өзүн-өзү алаксытмакка үйдүн дубалына илинген туш кийизге, анын гүлдөрүнө карайт. Кызык! Кайра эле Шакир менен тиктешип калганын өзү сезбей калып жатты.

Ыр кесе уюштурган бир жигит өзүнүн жасаган кесесине өзү маашырланып:

- Ким ырдабаса ушу кеседегини ичип жибермей, – деп көтөрүп бир сыйра жаштарды карап чыгып, кимисине ыр кесени баштатсам деп турганда кыздардын ичинен бирөө:

- Өзүң жасаган ыр кесени өзүң баштап бир чекеден узата бер, – деди, бул сунуш отургандарга да жакты, баары тегиз колдоп "өзүң башта" деп ар жактан сурана кол чабышты. Ошентип, а деген, бу деген шылтоосун эч ким укпай, айласыз өзү ырдамай болду. Отургандар үнсүз ыр күтүп, жалдырап жигитти тиктеп калышты өзүнө кадалган көп көздөн сүрдөгөн жигит ырын таппай кызаңдайт. Тынчтыкты бузуп төрдө отургандардын бири:

- Ой болбойсуңбу, элди жалдыратпай, же колуңдагыны хоп деп алып жибер, – деди.

- Ха-ха-ха, чын эле өзү айтмакчы, – деди дагы бирөө. Отургандар жалпы күлүштү. Эми тынч отургандар кайра ар демени айтып күлүшүп, тигинин намысына тие башташты. Арына келдиби же издегенин таптыбы, айтоор капыс чыккан жоон обондуу үн отургандардын күлкүсүн токтотту. Эми жанагы шылдыңдагандар ии--ии-ий, ээ-ээ-эй деп коштоп жатышты. Ыр кесе Шакирге келгенде ал даярданып келгенсип токтобостон ырдап кирди. Кыздар мейман жигитке суктана тиктеп отурушту, алар үчүн бул жигит отурган жигиттерден өзгөчө сулуу, сымбаттуу, тартиптүү жана сүрдүү да көрүнөт. Кыздарга анын кийген кийими, тегерете кыркылган чачы өзгөчөлөнүп турган эле. Зуура анын кийимин же чачын сынаган жок, сынайын деп аракет да кылган жок. Ал эмне үчүн ушул учурга чейин дээри мындай акыбалда болбогонуна түшүнбөй отурган. Шакир отургандарды таң калтырды, анткени азыр ырдап жаткан Шакирдин ырын биринчи жолу угуп отурушкан. Ыр жагымдуу сүйүү ыры эле, азыр эч ким Шакирди коштогон жок, баары тынч отуруп ыр угууда. Шакир анда-санда гана башка кыздарга көз чаптырбаса көбүнчө Зууранын көз кыйыгы менен сынап, да жактырып да карап отурду. Өзүнүн тушунда отурган кызга сөз катып сүйлөшө албай же жанына өтүп отура албай, меймандык тартибин сактап отурган жигит көз карашы менен гана сүйлөшүүгө аракет жасап жатты. Ыр кесенин кызыгы бүттүбү же бийлегиси келдиби, айтор Муса ордунан туруп барып, музыка койду. Отургандар да ошону гана күткөндөй ордуларынан козголуп, кээ бирөө эшикке чыга баштаса, кээси эки-үчтөн сүйлөшүп божураша башташты. Үй ээлери дасторконду жыйнай баштады. Зуура менен Нүргүл да сыртка ээрчише чыгып, ары басышты.

- Нүргүл, качып кетелиби? – деди Зуура.
- Кайда.
- Үйүбүзгө эле.
- Койчу, өзүбүз кеч келсек. Капа болбойбу!
- Анда жооп сурайлычы.
- Койчу, бир аз бийлеп кетебиз.
- Менин кетким келди.
- Зуура жанагы мейман жигитти көрдүңбү, кычырайт кантсе да борбордук да, шаардан келгени билинип турат.

- Көңүл бурбаптырмын.

- Койчу, ничке галстугу да сонун жарашат экен ырдаганычы, ичкени билинбейт зыңкыят.

- Биздин балдар дароо мас болуп калышты. Тантырай башташты го бир заматта.

- Хи-хи-хи Капарчы! Байкуш чай деп менин пиялага куюп койгон griномду ичип алып, түшүнбөй калды, күлкүм келип тетири карап, өзүмдү араң баспадымбы. Экөө күлө басып келе жатканда үйдүн бурчунан Абди "Баа" деп чочутту.

- Кимди ушактап жатасыңар, айтам азыр, ха-ха-ха..

- Кимди ушактаптырбыз?..

- Уктум го ооз басырык бербесеңер айтам.

- Айта бер. – Зуура кабагын бүркөп, ары басып кетти. Нүргүл Абди менен сүйлөшүп туруп калды.

- Нүргүл! – деп Зуура чакырды.

- О-о-в, баратам. – Нүргүл тез басып курдашына жетти, экөө ичкери киришти. Музыка ойноп жатат, кыз-жигиттер шайыр, шок музыкага бийлеп жатышыптыр. Эшиктен киргендер да аралашып бийлеп жатышты.

- Вальс! – деп жарыялады пластинка которгон жигит. Кыздар өздөрүн чекеге ала качышты. Эпчил жигиттер кыздарды колунан кармап калып жытты. Музыка чыга элек, бирок пластинка айланып жатты. Зуура да четке баскан, кимдир бирөө билегинен назик кармаганынан селт эте бурулганда, өзүнө жарашкан жылмаюусу менен тиктеп турган Шакирди көрдү.

- Бийге чакырсам болобу? – жылмайып турган калыбында сурады. Унчукпай бурулган кыз белинен кучактаган жигитти эки алаканы менен эки акыректен түртүп өзүн алысыраак кармоого аракет жасаган калыбында бийлөөгө камданды. Жүрөгү кысылып, жигиттин алаканы тийген денеси ысып кетти. Кыз акырын жигиттин колун бошотуп, көйнөгүн карматып койду. Жигит каршылык көрсөтпөдү. Музыка башталды бир аздан кийин "Туши свет" деген үн менен удаа жарык "лып" деп өчүп калды. үйдүн ичи караңгы бирин-бири көрбөйт. Зуура эки жакты элеңдеп көзү менен издей баштады. Бурчтан сызгычтай жарык көрүндү. Демек бул жакта бөлмөнүн эшиги ачык, эгер жигит ашыкча кыймыл жасаса кыз ошол бөлмөгө кире качат. Жигит көйнөктү чеңгелинен коё берип кыздын белин алаканы менен кармады. Ошол эле замат кыз эки колун жогору кө-

төрүп ылдый боюн таштап шуңгуду да жаштарды аралап эңкейе качып эшикти ачып ошол калыпта тез ичкери кирди. Кичинекей тар бөлмөдө кроват, стол-стулдан башка эч нерсе жок экен, кроватта Шакен жаткан эле. Ал Зууранын таң кала караганда "- тсс!" - деп ээгин сөөмөйү менен басып койду.

- Эмне болду?

- Качтым.

- Кимден?

- Шакирден. – Жылмайды.

- Эмнеге?

- Жөн эле.

Аңгыча залда кужу-кужу башталды. Кычыктан карап турган Зуура мени издеп жатат деген белги берди. Шакен акырын карап: – Өмөк акем келатат, – деди.

- Айтпа, – деген Зуура эшик артына жашырынды. Эшик ачылып Өмүралы кирип келип, өзүн таңкала суроолу тиктеген үкөсүн көрдү.

- Зуура кирдиби? – деп сурады.

- Жок...

- Пальтолору турат, өзү жок, – деди да чыгып кетти. Зуура стулга келип отурду. Шакен менен ал окуп жаткан китепти сөз кылып отурушканда Нүргүл эшиктен баш багып:

- Зуура сен бул жерде белең, сени издеп, Өмүралылар сыртта жүрүшөт, койчу кызык экенсиң, – деп кирип келди да: – Жүрбөйсүңбү, эмне отурасың бул жерде? – деп таң кала сурады.

- Койчу бийлегим келбей жатат, – деди Зуура. Бир аздан кийин өмүралы, Муса келишип Зууранын көрүп:

- Ой сага эмне болду? – дешти удаа-удаа.

- Эчтеме.

- Шакир капа кылдыбы?

- Жок.

- Анда эмнеге качтың?

- Светти өчүрүп салгандан.

- Ошогобу?

- Ооба.

- Жүр анда, эми өчүрүлбөйт. – Зуура, Нүргүл жигиттердин артынан чыгып келишти. Шакир жер карап калды.

- Музыка, давай шогунан! – Өмүралынын үнү шаңдуу чыкты. Кайрадан эч нерсе болбогондой бий башталды, эки шок бийден кийин

кайра вальс башталды. Бул жолу Зуура Өмүралы менен бийледи, сүрдөө жок, досу экөө аны-муну сүйлөшүп музыканын бүткөнүн билбей калды. кайра шок музыка анан вальс эми Өмүралы Зууранды жетелеп келип Шакирге тапшырды. Шакир кызды дагы качырып жибербейин дегенсип анын жука кыргызча тигилген чермийинен чымчый кармап бийледи. Зуура да адатынча эле алаканы менен көкүрөктөн түртүп өзүн алысыраак кармап бийледи.

- Кечирип кой мени, – деп Шакир Зуурага карады.

- Мейли, – башын жерге салган калыбында жооп берди кыз. Бий да бүттү. Дасторкон кайра салынып, аш салынган табактар тартылды. Дагы каалоолор, дагы вино, лимонаддар куюлуп тамаша- күлкү. Убакыттын өткөнүн бири да сезбей калышты. Бир оокумда кыздардын бирөөсү артына бурулуп, айнектин пардасын азыраак ачып көрүп:

- А-ий таң атып кеткен турбайбы, – деди. Калгандар да ызылдай, кетеличиге түшүштү.

- Ой силер пата-сата кылганды билеиңерби, таң атса атыптыр да, отургула жаш балдарча чуулдабай, азыр баарыбыз чогуу кетебиз, – деди Муса. Өмүралы эжесин чакырды, үкөсү да кирип келди. Бата тартылып, баары эшикке чыга башташты, пальтосун кийген кыздар өтүктөрүн таппай чыр-чур түшүштү. Көрсө түндө кыздар качып кетип калбасын деп алардын өтүктөрүн жигиттер бекитип коюшкан экен.

* * *

Жай мезгили. Зуура күндөгүдөй эле апалары менен талаадан келип, үй иштери менен алек, эшик шыпырып, үй жыйнап, оокат кылышып тандырга от жагып берип, апасы нан жаап, тамак ичилип бүткөн соң апаларына төшөк салып берип, Зуура сиңдиси экөө идиш жууп верандада эле. Күтүлбөгөн жерден эшик тыкылдады, эшикти Зуура ачты эле, сыртта турган Шакен экен.

- Кел, тынччылык элеби?
- Тынччылык.
- Мынча кеч?
- Сени Өмүралы акем чакырып жатат.
- Кай жерде?
- Жолдо.
- Сени жөнөтпөй эле өзү келип, айта турган сөзүн айта бербейт беле?
- Жок, Шакир акем экөө.

- Эмне? Жок, чыкпайт экен деп кой! Колум бошобойт, – деп зуура эшикти жаап койду. Шакен эшикти дагы черткиледи, бул жолу сиңдиси ачты, ал Шакир жөнүндө эжесинен уккан.

- Сени Шакен чыкырып жатат, – деди. Эми урушуп кетирип жиберейин деген ой менен сыртка чыкканда, сиңдиси эшикти ичкериден жаап койду

- Ач эшикти, – деп тарткылаган Зуурага:

- Апам ойгонот, – деп койду, муну укканда эми эшикти муштамакка кол көтөргөн Зуура туруп калды, эмне кылса, апасы ойгонуп сураса эмне дейт. Бир аз ойлоно түшкөн Зуура айласыздан Шакенди ээрчий басты, экөө жолго жете бергенде кичине арык үстүндөгү көпүрөнүн ары жагынан эки караан көрүндү. Шакен токтогон жок ары өтүп караңгыга сиңип кетти. Зуура ордунда туруп калды, экөө жакын басып келишти.

- Саламатсыңбы? – колун сунду Шакир.

- Саламатчылык

Үчөө учурашкандан кийин жыгылган тыттын үстүнө отурушту. Асманда жылдыздар жымыңдап булутсуз. Ай али чыга элек, айлана тынч, чегирткелердин, бакалардын сайраганы адамдын кулагына жагымдуу угулат. Үчөө үнсүз отурушат. Сөздү эмнеден башташты билбей ар ким өз оюу менен алек. Шакир Зууранын чыкканына кубанып, жок дегенде Өмөктүн эшигинде өскөн гүлдөн үзүп албаганына өкүнүп отурат. Зуура үйгө кантип кирерин ойлонот. Өмүралы сөз издейт, тынчтыкты бузгусу келип, бир маалда:

- Зуура, сен талаага чыгып атасыңбы же үйдөсүңбү? – деди.

- Күнүгө эле талаадамын.

- Агоротто атаң эле жүрөт, сен көрүнбөйсүң го?

- Апам экөөбүз пахтадабыз.

- Сен повур болуп атасыңбы?

- Жок, атам обет бышырат.

- Сен апаңа жардам бересиңби же өзүңчө мүчөсүңбү? – деп сөзгө Шакир аралашты.

- Силер отуруп тургула, мен азыр келем, – деди да Өмөк ары басып кетти. Жигит менен кыз үн-сөзсүз көпкө отуруштубу, бир оокумда кыз ордунан туруп:

- Мен барайын жакшы калгыла, – деди да шашылып басып үйүнө кетип калды. Жигит сөз айта албай отурган жеринде кала берди. Колунан кармап калгысы келди, бирок анте албады.

Зуура үйүнө жетип, эшиктин алдында токтоду, сиңдиси уктап калган болсо керек, эшикти кантип ачарын ойлоп, апасын ойготуп алуудан коркуп, жүрөгү тез-тез сого баштады, акырын эшикти тартып көрдү, эшик ачылып кетти "ох" деди кубана. Акырын апалары жаткан бөлмөдөн өтүп, өзүлөрү жаткан бөлмөнн эшигине келип токтоду, анткени эшик жабык, апасы сак кулак эгер кыйч десе ойгонот. Эмне кылса эшикти акырын түртүп көрдү ачылбады, эми катуураак түрттү "чып" жабышкан нерсе ажырай түшкөндөй болду. Зуура апасына жалт карады, уктап жаткан апасы козголбоду, эми каалганы бекем кармап туруп акырын көтөрүп ары түрттү, эшик үнсүз ачылды. Өзү баткыдай ачып, ичкери кирди. Бөлмөдө төшөк салынуу, сиңдилери мемиреп терең уйкуда, эшикти акырын жапты да төшөгүнө барып жатты, көңүлү жайлана түштү. Башын жууркан менен чүмкөгөндө "Саламатсыңбы Зуура" деген Шакирдин үнү кулагына угула түштү. Көзүн ачып элесин издеди, күлүп турган жылдыздуу жигиттин элеси келди. Эми баягы кышындагы кечени эстеди. Бүгүнкүдөй эсинде жүрөгү тез-тез сого баштады, бул коркуудан эмес, түшүнүксүз сезимден эле. Зуура көзүн жумду, уктап калууну жана Шакир жөнүндө ойлобоону чечти. Уйку жок, кыйналып ары оонап, бири оонап жатып, акыры кантип уйкуга кеткенин өзү да сезбей калды.

- Зуураш! – деген апасынын үнүнөн чочуп ойгонгон кыз көзүн ачып, терезеден сыртты карады. Таң атып калыптыр, уйкусу канбаганын билгизбей күндөгүсүндөй сиңдилеринен эртерээк туруп, талаага баруу үчүн камынды, оюнда Шакир.

Кечке маал уй айдап канал бойлоп жай келе жаткан Зуура Өмүралыны сарайынын үстүндө бирөө менен турганын көрүп, жүрөгү туйлап кетти. Шакирби? Жок ал кеткен болсо керек, жакындаганда чын эле Шакир экенин таанып, эми эмне кылсам, деп туруп калды да алардын тушунан уйун тез айдап, башын жерге салып өтүп кетти.

Өмүралы менен Шакир Зууранын жолун карап отурганына бир саат чамасы болгон эле

- Али эрте Зуура талаадан кеч келет, – десе болбой: – Өтүп кетсечи? – деп Шакир тууганын сарай үстүндо күтүүгө көндүргөн. Экөө аны-муну сүйлөшүп отура берип убакыттын өткөнүн сезбей деле калышты окшойт.

- Тигине келаткан Зуурабы?

- Жоок, ал уй айдап келет.

- Андан башкасы айдабайбы?

- Үйүндө улуусу ошол, уул бала жок да. – Аңгыча уй айдаган Зуура көрүндү. Өмүралы:
- Эми чын эле Зуура келатат, токтотуп сүйлөшөсүңбү?
- Койчу, чарчап келе жатса, нары айдаган уйу бар экен уялтпайын.
- Анда анын жолун карап эмне отурабыз?
- Жөн эле күндүзү да көрүп алайын дедим.

Кыздын сүрдөп баратканы жигиттерге көрүнүп турду, ал шашыла уйун тез айдап өтүп кетти.

Зуура үйүнө келгенде апалары чай ичип отурушкан эле, чай ичилип бүтүп, сиңдиси экөө ысык сууга кир жууп киришти. Апасы кичинекей эшигинин алдындагы агоротко суу коюп жатат. Зуура сиңдиси экөө тамакка урунуп жаткан, суу алып келе коёюн деп колуна челегин алып көчө жакка чыкканда Өмүралы менен Шакирдин кышкы ашкананын үстүндө отурушканын көрүп, кайра кирди да, сиңдисин чакырып, челекти карматып, сууга жөнөттү. Кечинде күндөгүдөй идиш жуумай. Сиңдиси жанында жардам берип жүрөт, эшикти сыртынан бирөө тыкылдатканын угуп Зуура ачып Шакендин келгенин көрүп, себебин түшүндү.

- Өмөк акем менен Шакен акем сизди күтүп атышат, – деди.

Чыкпайм десе сиңдиси түртүп чыгарып коёру бышык. – Анан чыгам, – деп жөнөтүп жиберди. Сиңдиси кирип жатып алды. Зуура верандада отуруп калды. чыкса эмнени сүйлөшмөк, аңгыча эшик дагы тыкылдады эшикти ачканда Шакен: – Сени күтүп атат, – деди.

- Мен бүгүн аябай чарчап турам, чыкпайт экен деп койчу – деди Зуура. Шакен кетээри менен эшикти илип, ичкери кирип ордуна жаты. Бирок уктай албай көпкө ойлонуп жатып акыры, уйкуга кетти. Өмүралылардын чоң залына экөөнө гана салынган орун, Шакен өзүнүн кичинекей бөлмөсүндө кроватта жатат. Өмүралы менен Шакир көпкө сүйлөшүп жатышты. Шакир капалуу, уйкусу келбейт, Өмүралынын уйкусу келсе да сыр бербей сүйлөшүп жатат. Шакир Зуура жөнүнүндө сүйлөшкүсү келип, суроолорду берет. Өмүралы жооп берип жатып:

- Шакир, сен ал кызды эмне кыласың шаарда деле кыздар көп болсо керек? – деди.
- Кыз көп, бирок эмнегедир мага Зуура жагып калды.
- Ой ал гордый кыз. Аны сүйдүрө албайсың го?
- Эмне үчүн?
- Ал сүйсө да айтпайт, кийин өкүнүп калба! Шакир сага сулуу кыз-

дардан тааныштырайынбы? Алар да ушул айылдан, заматта Зууранды унутасың!

- Өмөк эсиңдеби, сенин туулган күнүң. Ак көйнөгүнүн этеги кенен бели таар, үстүнөн кийген саймалуу кыска чыптама, бир өрүм кылып өрүп таштап койгон чачы өзүнө жарашкан, кечигип кирип келген кыз али көз алдымда.

- Эсимде, ошондой эле көйнөк, бирок өңү сары, чачын эки өрүм кылып өргөн, пешенесине көкүл кыркып алган кыз да кошо келген, экөө ажырабас курдаштар, ал эсиңде жокпу?

- Ошондой кыз Зууранын артынан киргенин билем.

- Ал эмне, сага жаккан жокпу?

- Анчалык эмес, мага эмнегедир Зуура жаккан.

- Эртең кетем, кечээ сүйлөшө албадым, бүгүн сүйлөшөм дедим эле болбой калды, – деди да Шакир дубал жакка оонап жатты. Үйдүн ичин тынчтык ээледи, Өмүралы дароо уйкуга кетти. Шакир уктай албай көпкө жатты, ал болбой калган жолугушууну ойлонуп элесинде Зуура менен жолугушуп, сүйлөшүп тыттын үстүндө отурду, айтам деген сөзүн, оюн Зуурага сүрдөбөй айтып отурду.

* * *

Күз. Талааларда пахта ачылып иш кызуу, совхоздогу мектептер пахта теримине жабылган, ал тургай шаардан да пахта теримге окуучу, студенттерди алып келген. Алар шыйпаңдарда жатышып теришет.

Бүгүн Зуура үйүнө пахтадан эрте келип, жуунуп-таранып, апасы жаңы тиккен майда толкун-толкун ак гүлү бар көйнөгүн кийип, чачын экөө кылып өрдү.

Майда чачын тегиздеп көкүл кылып, чачын өзбекче башына түрүп отурганда эшиктен бирөө чакырды, ордунан ыргып туруп, шашыла чыкса Өмүралы экен.

- Кел!- деп жылмайды.

- Келдим. Сени Шакир сыртта күтүп турат.

- Азыр чыгам.

Жайы менен Шакир көп келди, экөө жолугуп көп болбосо да сүйлөшүп калган. Зуура күзгүгө каранып, ничке жасалган поясты тагынып сыртка чыкты. Шакир Зууранды көрүп таң калды, жаңы көрүп тургандай суктанат. Анткени кыз басып келатканда үстүндөгү көйнөгүнүн майда толкун гүлү көлдүн толкунундай толкуп, башына

түрүлгөн чачына майда суюк көкүлү жарашып, Зууранын сулуу көрсөтүп турду. Экөө учурашканда Шакир токтоно албай:

- Сулуу болуп кетиптирсиң го?- деди.

- Койчу адамды уялтпай.

- Чын айтам.

- Анда рахмат, – деди Зуура бир аз уяла.

Үчөө көпкө сүйлөшүп турушту, ары-бери өткөндөр карап коюшат. Эртеси пахта тергени барганда Өмүралы Шакирди ээрчитип, Зууранын жанына келди, экөө эки жагында колуна пахта терип Зууранын тагынган этегине салып коюшат. Өмүралы Зууранын класстагы досу, анын милдети Зуурага жардам берүү, пахта терсе кечинде алып чыгып тарттырып берет. Үчөө башкалардын катарында пахта терип, жөөктү ортолоп барып калганда бирөөнүн ыргыткан ачыла элек көк косеги үчөөнүн жанына түштү. Үчөө бирдей артына карады, ар ким өз алдынча пахтасын терүү менен алек. Эми Шакирдин жанына түштү, таң калган Шакир Өмөктү карада, Өмүралы эки жакты аңдый карап, ийнин кысты. Шакир, – деген үнгө удаа косек Зуурага тийди. Зуура тез бурулуп, Нүргүл экенин билип калды.

- Сени чакырып жатат, – деп жылмайды Өмүралы.

- Ким?

- Бир кыз.

- Менин тааныш кызым жок мында.

- Нүргүл, – деди Зуура эч нерседен шек санабай, оюнда Шакирди Нүргүл тааныйт, тамашалап өзүн таанысын деп жатат деп ойлоду.

- Нүргүл?

- Ооба таанымбай калдыңбы, менин курдаш кызым?

- Ообо, ооба эстедим.

Ошентип тамашалап жатышып убакыттын кантип өткөнүн байкабай да калышты. Кечинде Өмүралынын мотоциклинин үстүнө Зууранын пахтасын жүктөп, эки жигит эки жагынан жетеледи кыз сеткаларды көтөрүп, алардын артынан баратты.

Прицеп улаган тракторду ороп калган окуучулар, бир жагында пахта түйүлгөн түйүнүн кармап кезек күткөндөр. Прицептин бурчунда 20 килолук тараза, эки киши, бир мугалим тараза жанында, бирөө тартып салмагын айтса, окуучу классын, фамилиясын айтат, мугалим менен жанаша кагаз кармаган табелчи жазып турушат. Прицеп үстүндө экөө, ылдыйда экөө, ылдыйдагылар таразага тартылган пахтаны прицепке ыргытат, үстүндөгүлөр түйүндү чечип,

төгүп кайра этектерди ыргытып турушат. Кээ бир жалкоо окуучулар пахтасынын арасына таш же косек салып, кээ учурда суу куюп да коюшат, салмактуу болсун деп. Аны чечкендер кээсин билбей калышпаса көбүнчө таап алып, этектин ээсин издеп таразачы да тартпай туруп калат. Күнөөкөр окуучу же качып кетет, же колго түшөт да пахтасынын салмагы өчүрүлөт. Ошентип тергени да жокко чыгат. Бүгүн да ошондой окуялардан кур эмес, ызы-чуу, бирок окуучуну таппады, этекте аты да жазылбаптыр. Ким көрүнгөндөн сураштырышып, ээси ким экенин таппагандан кийин этектерди байлаган табелчи кайра тартууга буйрук берди. Ошентип Зууралар үйгө кеч кайтышты. Айлана караңгы, кыз-жигит үнсүз эки айрылыш жолго келип токтошту.

- Кечинде чыгасыңбы? – деп сурады Шакир
- Бүгүнбү?
- Анан качан?
- Азыр кеч болуп калды го, эртең эрте туруш керек.
- Көп отурбайбыз, бир аз сүйлөшүп отурабыз!
- Мейли.
- Сүйлөштүк – деп жылмая кол сунду жигит.

Нүргүл экөөнүн сөзүн угуп, эски козопаянын артында турган эле. Зуура үйүнө кирип кетти. Зуура тамагын шашыла ичип, идиш-аякты сиңдиси экөө жууду, үйлөрдү шыпырып, ата-энеси уйкуга кеткенге чейин майда-чүйдө иштерин аткарып жүрдү. Угулар – угулбас ышкырык ачык турган эшиктен Зууранын кулагына шак дей түштү, жүрөгү дүкүлдөп, апам уктады бекен деп акырын апасы жаткан бөлмөгө баш бакты, уктап жатат. Көңүлү жайлана түшкөн Зуура сыртка чыгып, акырын басып айнек тушуна өттү да көчөгө чыкты. Кичинекей көпүрөнүн ары жагында Шакир күтүп турганын көрүп, эки жагын карады, эч ким жок. Ушак болбоюн деп корккон кыз кошуналардын көзүнө илингиси келчү эмес. Экөө көнгөн орундарына барып отурушту, куураган тыт жыгачы экөөнүн жолугушусун күткөндөй көрүнөт. Экөө бир нече жолу жолугушса да биринчи күндөй эле сөз таппай үнсүз отурушат. Жигит сөздү эмнеден баштарын билбейт. Кыз болсо жигит эмне дээр экен деп күтүп отурат.

- Зуура.
- Эмне?
- Өмүралынын туулган күнү эсиңдеби?
- Ооба.

- Ошондо силерди жок деп күтүп отурушканда мен да көптөн бери көрө элек эски таанышымды сагынып күткөндөй жүрөгүм туйлап күткөм. Силер кечиккен сайын, келбей калабы, көрбөй каламбы деп тынчсыздангам.

- Эгер ошондо биринчи мен кирбей, Нүргүл кирип келгенде азыр менин ордумда Нүргүл отурмак.

- Жүрөк адашпайт да, экинчи кирсең да сени жактырмакмын.

- Муну азыр айтып жатасың.

- Айтчы, мен сага жагамбы?

- Кандайча?

- Өзүң билесиң да.

- Жооп бербесем болобу?

- Өзүң бил... Бирок мен сени бир көргөндө эле сүйгөм. Эгер сен макул болсоң быйыл акыркы курсмун, эмдиги жылы бүтөм, диплом колго тийет, ошондон кийин экөөбүздүн үйлөнүү тоюбузду өткөрөт элек, буга кандай дейсиң?

- Мен да окуймун да.

- Эмне болуптур мен Фрунзеде ишке кирип иштейм, а сен болсо окуй бересиң.

- Ойлонуп көрөйүн, же сөзсүз жообу азыр керекпи?

- Жок ойлон. Шашылба, убакыт бар.

Экөө дагы үнсүз отурушту. Ар ким өз кыялы менен алек. Кыз өзүн бактылуу сезип, борбордо күйөөсү менен жетелешип жүргөнүн элестетип баратып чочуп кетти. Анткени алдын ала кыялданган болбосун билет. Бул учурда Шакир да кыялында борбордо иштеп, иштен келип сүйгөн келинчеги менен кинотеатрда жүргөн, капысынан Зууранын сөзү кыялын бузду:

- Мен барайын, эртең пахта тере албай калбайын.

- Мейли анда, эртең мен да барам.

- Эмнеге?

- Өмөк менен сага пахта теришкени барабыз, же болбойбу?

- Мейли, жакшы эс ал.

- Сен да жакшы түш көр, эртең талаада көрүшкөнчө.

Күзгү коооздук. Тал-теректердин жалбырагы саргайып күбүлүп жатат. Салкын жел адамды ичиркентет, адырлар саргайып түздөгү пахта талаасы аппак болуп, теримчини өзүнө тартып кызыктырат. Талаада теримчилер көп. Тиги картада пахта теруучу комбайндар, башкасында окуучу, студенттер, дагы башкасында подбор комбайн,

иши кылып күз күрөш деп акыркы бир тал пахтаны калтырбай терип алуу милдети. Жамгыр жааган күнү талаа адам менен техниканын жоктугунан эс алып жаткансып мемиреп тынч жатат. Зуура менен Шакир күнүгө бирге жүрүшүп, бири-бирине көнө түшүшкөн эле. Шакирдин кеткиси келбейт, бирок барбаса болбойт, окуусун таштабашы керек. Шакир эртең кетем дегенде Зууранын жүрөгү «зырп» дей түштү, бирок сыр бербеди. Ошол күнү экөө көпкө чейин куураган тыт үстүндө отурушту, ар кандай кыялдарга батышып, алдыга пландар түзүшүп, тамашалар айтылып, убакыттын тез өтүп кеткенин билишпеди. Капысынан Зуура колундагы саатын карай койгондо, сааттын жебеси үчтү көрсөтүп турганын көрүп, өкүнүчтүү ичинен онтоп отуруп калды. Кетиш керек бирок шашкан жок, баягы тура калып, коштошпой качкан мүнөзү азыр жок. Кетейин деп да айтпады. Ортодо тынчтык өкүм сүрө калганда:

- Зуура, – деди Шакир

- Ой. – Зуура Шакирге бурулганда айдын жарыгында жигиттин өзүн тиктеп жалдырап турганын көрдү.

- Сен... ойлондуңбу?

- Эмнени?

- Бая күнү ойлономун, анан айтам жообун дебедиң беле.

- Ойлондум.

- Эмне дейсиң.

- Эгер ошондо айткандарың тамашасы жок чындык болсо...

- Эмне мага ишенбейсиңби?

- Кеп анда эмес. Анткени ойлогон ойду кыстагын турмуш жеңет эмеспи, сенин оюң, планың жакшы, мага жагат. Бирок ким билет экөөбүз ойлогондой болобу?

- Мисалы сен онду бүтөсүң, сени бирөө ала качып кетеби? Же сен мени сүйбөйсүң, башка бирөөнү сүйүп каласың.

- Кызыксың.

- Зуура айтчы сен мени сүйөсүңбү?

- Мен сүйүү эмне экенин билбейм, бирок сени башка жигиттерге караганда көбүрөөк жактырам.

- Туура, сен али жашсың да. Сен мени көргүң келеби?

- Ооба.

- Дагы кайталачы?

- Ооба, кызык экенсиң. «Жигит сүйсө эр азамат деп коёт, кыз сүйсө ушак-айың кеп болот» дегенди билесиңби?

- Ал эскилердин сөзү жаным, колуңду берчи.
- Койчу.
- Эмнеге?
- Уялам.
- Менденби?
- Сенден.
- Кызыксың. Таанышканыбызга бир жыл болоюн деп калса да менден уяла бересиң, сендей кызды эч көрбөптүрмүн.
- Баары окшош болсо кызыгы жок болуп калбайбы, – деп күлүңдөп жооп берди кыз.
- Аның чын. – Күлүп койду.
- Саат үч болуп калды, эс алыш керек эле, – деди кыз.
- Зуура сен мага жооп бербедиң го?
- Шаштырып жатасың го.
- Кечирип койчу жаным, мен күткөн жоопту өзүңдөн уксам борборго көңүлүм ток кетет элем.
- Мен макулмун, шыбырады кыз, бирок жигитке аалам уккандай жаңырык угулду. Шакир ыргып туруп, Зууранъ белинен кучактап көтөрүп айлантып жиберип жерге коюп алкымынан өөп алды.
- Ырахмат жаным. Калганын мага кой, Кудай буйруса баары жакшы болот, мен колумдан келгенин сен үчүн жасайм, болгону сенден суранамын, мени күт!

Кыз эмне кыларын билбей калды, бети от болуп ысыды. Жигит кызды кучактаган абалда сүйлөп жатты.
- Кызыксың го, койвер эми.
- Кечирип койчу, сүйүнүп кеттим. – Шакир Зууранъ бетинен өөп кучагынан бошотту
- Жинди,- деп Зуура эркелегендей таарынды.
- Тарынбачы жаным. Шоктук кылсам кечирип койчу, мен сени жок дейби деп коркуп жүргөм.
- Кетелиби? Сен да жол жүрөсүң, эс алышың керек, көрүшкөнчө, – деп кыз биринчи кол сунду. Шакир үчүн кыз колун эмес жүрөгүн тартуулап жаткандай сезилди. Анткени, Зуура биринчи жолу колун сунуп жаткан эле.
- Жакшы кал сүйгөнүм. Мени күтчү суранам! Мен келем. Куда каалаца тез арада жолугушабыз, баары жакшы болот, мен сөз берем.
- Макул, – деди кыз жигиттин көзүнө бир карап алып, уяла жер карап.

Шакир ырдап киргенде Өмүралы ширин уйкусунан чочуп ойгонду.

- Шакир сенсиңби?

- Ооба, ким дедиң эле.

- Таң аттыбы?

- Билбейм.

- Эми келдиңби?- саатты карап, жебеси төрттөн он беш өткөнүн көрсөтүп турганына ишенбей сурады.

- Оо-ба а -а-а! – деп Шакир керилип койду.

- Оокат ичесиңби?

- Билбейм.

Өмүралы жаткан жеринен туруп отурду. Көргөн көзүнө ишенбей таң кала Шакирди карады.

- Шакир кайда жүрөсүң?

- Ким менен десең?

- Зуура менен ушул убакытка чейинби? Калп.

- Анда эмне, жалгыз түндө жинди да жүрбөс.

- Зуурага кетем дедиңби?

- Жок...

- Жөн айтсаң эми эмне жөнүндө сүйлөштүң.

- Жомок айтышмак белек, сүйүүнү, келечекти сүйлөштүк.

- Чын элеби? Койчу калптарды.

- Эң кызыгы баягыда айткан сөзүмө ойлоноюн деди дебедим беле.

- Ии.

- Ошого жооп берди.

- Эмне деди.

- Түшүнбөй турасыңбы? Макул деди.

- Өзү айттыбы?

- Анан ким айтмак эле?! Эсиңдеби, сен Зуураны гордый кыз дегенсиң, ал бүгүн коштошкондо өзү колун сунду.

- Чынбы?

- Ой карганайынбы? Ал эле эмес, бүгүн Зуураны өптүм.

- Жаакка шак дедиби?

- Жок.

- Жок?

- Таарынган болду, кечирим сурасам жылмайып койду.

- Абдини жаакка чапкан.

- Эмне? Качан?

- Ага көп болду, күтпөгөн жерден өбөм деген ой менен бетине бетин жакындаткан экен оңор тийбеген.

- Өпкөнбү?

- Жоок. Аракет жасаган.

- Өмөк суранам, эч кимди жолотпо мен үчүн, мен келем.

- Качан?

- Диплом колго тиери менен. Зуура менен дипломду бир жууйм.

- Оо, али аны да сүйлөшүп койдуңарбы?

- Ооба эмне экен боло турган иш да!

* * *

Зуура адатынча акырын кирип бараткан, апасы ойгонуп кетти.

- Я Зуура, каяка бардың? Шашылып кеткен Зуура:

Эшикке эле чыккам – деди ичкери кирип баратып

Ал ордуна кирип жатканда гана үшүгөнүн сезди. Жылуу жууркан денесин балкытып уйкуга тартат, бирок Зууранын уктагысы келбей, бүгүнкү жолугушууну эсине сактап калгысы келгендей баарын кайра эстеди. Шакир өзүн көтөргөндөгү мүнөт, өпкөнү эсине түшкөндө уялып кетти денеси ысып, бети кызарып чыкканын, кимдир бирөө көрүп коё тургансып бетин жууркан менен жапты.

Зуура Нургүлдүн сүйлөшпөй калганына таң калбады, акыркы күндөрү тез-тез эле Зуурага себеби жок таарынып, кайра жазылып жүрөт. Зуура өзүнө ишенет, ал жөнүндө ушак айткан эмес, аны менен урушкан да жок.

* * *

Жаз күндөрү. Күн илеби жылып, талаалар ойгонуп, жерлер көгөрө баштады. Талаа жумушу башталып эгин-тигин эгилип жатат. Бүгүн үчүнчү ишемби, Шакир келбеди, Зуура капалуу төшөктө жатат, бирөө акыбалын сураса ыйлап жиберчүдөй, араң турат. «эмне болду? менден башка сулуураак кызды сүйүп калдыбы? Же колу бошобой жатабы? Суроо көп, жооп жок. Өмүралы да таң калат жооп бере албай: – Келет го, күт, – дейт. Капалуу жүргөндө жигиттерден да кат келе баштады, ачуулана тытып ыргытат.

Бүгүн күнгө ишенби. Зуура жакшы түш көргөнсүп көңүлдүү ойгонду. Үйлөрүн жыйнап, чайын ичти. Бөлмөгө кирип-чыгып коноздоп шифонердин күзгүсүнө каранып, кийинди сиңдисине карап:

- Жарашабы, – деп ары-бери басып айланып койду.

- Жарашат эле. Кайда жасанып? – деп сурады.
- Мектепке.
- Күндө жөн эле кетчү элең го, комиссия келеби?
- Жок.
- Анда форма фартукту эмне кийбейсиң?
- Жөн эле, ушуну кийгим келди.
- Апам көрсө урушат го?
- Урушпайт!- деди да сумкасын алып чыгып кетти.

Сабакта көңүлдүү отурду, бирок бир суроо жүрөгүн өйүйт – келбей калсачы?. Убакыт токтоп калгансып үйүнө тезирээк жеткиси келди. Өмүралы да унчукпайт, сурайын дейт, кыз намысы жол бербейт. Сабак бүтүп үйүнө келгенде сиңдиси: Сени бир жигит сурап кетти.

- Ким?- сыр бербегени менен жүрөгү кабынан чыгып кетчүдөй кага баштады.

- Кожа куртка кийген сулуу келген жигит экен, кечкурун келем – деди. Зуура иштерин тезирээк бүтүрүүнү чечип, апасын айттырбай бардык жумушту бүтүрдү, сиңдиси да жардам берип жатты.

Эл жаткан учурда эшик чертилди, шашып ачып Шакен болсо керек деген Зуура Шакирди көрүп чочуп кетти. Жигит күлүңдөп салам берди да:

- Күткөн эмес белең? – деди.
- Күткөм, бирок эшикти өзүң чертесиң деп ойлобогом.
- Сени көргүм келип шашылып чыгып келдим. Чыгасыңбы?

- Ооба азыр, күтө турчу. Кыз акырын ичкери кирип сиңдисине сенин пальтоңду кийсем болобу – деди.

- Кийе бер, – деп коюп башка ийинине бурулуп жатып кайра уйкуга кетти сиңдиси. Өзүнүн пальтосу жука эле, канча отурганын ким билет түнкүсүн суук бар эле. Экөө баягы тытта отурушат, ал акыбалын сурашып бүткөндөн кийин жигит кызга карап туруп.

- Зуура мага таарынган жоксуңбу? – деп сурады.

- Тарынганга жете элек элем, бирок ишенбей баратам. Менден башкасын тапса керек деп ойлой баштагам.

- Койчу. Мен ошондой жигитке окшоймунбу? Тапсам сага чейин төрт жылда табат элем го. Жүрөккө буйрук бере албайсың, болгону практикада жүрүп калдык, быйыл акыркы курс бир аз оор болуп жатат.

- Бүгүн кантип келдиң?

- Араӊ жооп сурадым. Сени ойлоп, таарынып башка менен кетип калбасын дегем, ошондуктан бир учурап көӊүлүмдү ток кылып, анан сага шартымды айтып кетейин түшүнөт го деп келдим.

- Түшүнөм, кат жазгандар көп болду.

- Анан эмне деп жооп бердиӊ?

- Жооп бергеним жок, катты ким берсе ошонун көзүнчө тытып таштап жаттым.

- Демек эмне деп жазганын окуган да жоксуӊбу?

- Жок.

- Ишенем сага сен гордый кызсыӊ.

- Ким айтты.

– Өзүм көрдүм го, сага жетиш үчүн бери жагы бир жылга жакын чуркаш керек, бир кат сени ойлонтпойт го. Түнкү суукка экөө теӊ ичиркене баштады.

- Басалыбы? – деди Шакир.

- Мейли. – Экөө жанаша басып баратышты.

Түнкү көчө тынч, чоӊ көчөгө чыгышып автобус токтоочу аялдамага жетишти. Жигит отуралыбы дегенсип аялдаманы көрсөттү. Мейли дегенсип башын ийкеген кыз да жанаша басып барып отургучка отурду. Жигит да жакын отуруп, кызды кучактады:

- Үшүдүӊбү?

- Ооба.

- Кел койнума, жигит курткасынын түймөлөрүн чечип ачты. Кыз жигитти белинен кучактай башын жүрөгүнүн тушуна койду. жүрөгүнүн соккону жон эле кабынан чыгып кетчүдөй дүкүлдөп кызды кулакка уруп жатты,

- Зуураш!

- Оов!

- Сүйлөбөйсүӊбү?

- Эмнени?

- Эмнени болсо да, үнүӊдү сагындым.!

- Койчу!

- Чын эле!

- Андан көрө өзүӊ ырдап берчи?

- Ырдап?

- Ооба, баягы Өмүралынын туулган күнүндөгү ырыӊды.

- Эсиӊде барбы?

- Ооба, жакшы ыр экен, бирок радиодон укпадым.

- Макул, ырдап берейин, ошондо да сага арнап ырдагам.

- Сезгем.

Шакир бир аз унчукпай калды да анан кыңкылдап ырдап кирди. Кызга жетпей боздогон жигиттин күйүтү, сүйгөн кызынын карагаттай көзү, жарашыктуу жылмаюусу, аккуудай болгон мойну, өзүнө жарашыктуу кериле басышы, жигиттин көз алдынан кетпей, же жигит ага жетпей сүйүүсүн айта албай Мажнун болгонун айтып турган ыр. Ыр да бүттү. Тынчтык өкүм сүрөт.

- Зуураш, уктадыңбы?

- Жок.

- Анда эмне унчукпайсың?

- Ырды угуп ойго батып кеттим.

- Ии, эмнени ойлодуң, экөөбүздүбү?

- Экөөбүздү да башкасын да.

- Мен Фрунзеде жүргөнүмдө жатып алып экөөбүз жөнүндө ойлоном.

- Эмне деп?

- Экөөбүз үйлөнүп, Фрунзеде жашап калсак, кечкисин кинотеатрларга барсак, дем аллышта бактарга сейилдеп ойносок.

- Секин, секин.

- Эмнеге?

- Көз тийип кетет.

- Ха-ха-ха, койчу жаным, эгер үйлөнүп калсак сөзсүз ошентебиз!

- Эгер үйлөнүп калсак?

- Үйлөнөбүз буйруса.

- Басалыбы? – кыз күтүлбөгөндөй сурады.

- Кайда? – таң кала сурады жигит.

- Буттар үшүп кетти го.

- Мейли басалы. – Экөө ордуларынан туруп, жай басып баратышты. Канчалык жай баспасын алар Зууранын үйүнө тез эле жетишкендей болушту. Экөө бирин-бири тиктеп жалдырай карашты. Коштошкулары келбеди.

- Зуураш, жаным!

- Эмне дейсиң?

- Мени күтчү, эгер кечиксем менден күмөн санабачы, дипломду алып алсам мен эркин, күнүгө жаныңда болом.

- Кантип?

- Үйлөнсөк жаныңда болбой кайда болом?

- Ии аның туура дечи.

- Эмне ишенбейсиңби?

- Ишенем. Бирок антип айтууга али эрте го.

- Ооба аның да чын.

- Мейли эмесе көрүшкөнчө – деп колун сунду кыз

- Көрүшкөнчө, – деп кыздын колун кармап өзүнө тартты.

- Бетиңден бир өпсөм болобу?

- Койчу адамды уялтпай.

- Кечирип кой жаным, мейли жакшы кал. Экөө коштошуп кыз тез--тез басып үйүнө кирип кетти, жигит кызды артынан карап туруп, ал көрүнбөй калганда артына бурулуп, жай гана Өмүралылар жакка басты.

* * *

Жаз. Талаада иш кызуу. Зууралар кечинде талаадан келип, жаңы эле чайга отурушканда кимдир бирөө атасын сыртка чакырды.

- А-о ким, кире бер! – Шакен келди.

- Сүйүнчү, – деп учурашып жатып Шакен күлүңдөдү.

- Эмне болду?

- Бакыт акем армиядан келди!

- Оо жакшы, жакшы. Чөнтөгүн көөлап акча чыгарып сунду.

- Рахмат, эртең кудай өткөрөбүз, сиздерди ошого чакырып келдим.

- Мейли, мейли барабыз.

- Чай ич Шакен. – Зууранын апасы чай куйду. - Салдат келип сүйүнүп калдыңарбы?

- Ооба баарыбыз сүйүнүп атабыз.

- Отпускага келген беле? – деп Зууранын атасы сурады.

- Жок.

- Оо, эки жыл өтүптүр да, анда кубанычтары койнуна батпай жаткан экен Токторалы акенин.

- Мейли, мен барайын.

- Барагой, оомин. – Пата тартып Шакен эшикке чыкты, узатып чыккан Зуурага карап:

- Шакир акем келген, Өмөк акем экөө сүйүнчүгө туугандарга кеткен, – деди.

Зуура унчукпай карап, уялыңкы жылмайып койду. Эртеси эрте менен Өмүралынын эжеси келип:

- Эже кызыңыз мага жардам берип койсунчу, – деп сурап алып кетти. Зуура барганда айылдаштар келип, учурашып кетип аты-

шыптыр, Өмүралылар көрүнбөйт. Кеткендерден бошогон идиштерди жууп кирген Зуурага Өмөктүн эжеси:

- Азыр экөөбүз борсок бышырабыз, колуң бошосо мына бу майды дактай бер макулбу!- деди.

- Макул эже.

Борсок да бышты, келди-кетти көп, күн пешим оогондо эл аягы суюлуп калган учурда Өмүралы менен Шакир келип калды, алар ичкери кирип баратканда Өмүралынын апасы:

- Төрт шорпо алып келгиле! – деп казан жакка карады. Зуура эки колуна эки чыныга шорпо көтөрүп кирип келгенде төрдө Өмөктүн атасы менен армиядан келген акеси Бакыт отурган экен, алардын оң жагында каптал жакта Шакир менен Өмүралы отурган. Атасы шорпону өзү албай:

- Экөөнө бер, булар курсагы ачып келди, биз эмеле ичтик, – деп Өмүралы менен Шакир жакты колу менен көрсөттү. Зуура экөөнө эки колундагыны сунганда, экөө бирдей колдорун кызды карай сунушту.

- Карма балам, ушул кызды сага алып берем, – дегенде кыз уялып кетип, сунулган колго кеселерди бербей дасторконго койду да, эшикке чыга качты. Ошол бойдон үйүнө кетип калды. Арадан бир, эки саат өткөндө чоң кесеге шорпо, эт салып, нан, борсок көтөрүп Өмүралынын апасы келип калды, Зуура болсо бекинип алды.

- Келиң эже, – деп Зууранын апасы тосуп алып, төшөктү өзү салып чай коюуну Зууранын сиңдисине буйруду:

- Ой, чай кой. Чай ичип кетиңиз, тез эле кайнайт. Меймандарды узатып алдыңызбы?

- Ооба. Сенин кызың кеттим дебей эле баса бериптир, шорпо ичпей, кечке кызмат кылып. Анан менин чалым иш кылганына ыраазы болуп тамашалап, келин кылып алайын деп койсо эле уялып, чыгып баса бериптир, ошонун устуканын алып келдим.

- Жөн эле койсоңуз болмок, ичпесе эмне, андай шорпону далай ичет.

- Кой, көргөн аштын күйүтү жаман, ичип ал десем анан ичем деп эле ичпей койгон.

- Жезде да кызык, кызга ошентип тамаша айтабы?

- Аны билесиң го. Келин-кыз дебей тамаша сүйлөп көнүп калган.

Сөз бара-бара көбөйүп отуруп чай да ичишти. - Сүйлөшүп отуруп алган турбайынбы, – деп шашып калды тиги аял.

Кечинде Өмүралы менен Шакир, Зуура үчөө көчөдө сүйлөшүп отурушат. Өмүралы атасынын сөзүн кайталап алып күлдү. Кыз уяла түшүп:

- Күлбөчү, – деди таарынгансып. – Мен уялганымдан кеселерди таштап жибере жаздап араң кармап калдым.

- Атам Шакир экөөңөрдүн сүйлөшүп жүргөнүңөрдү билбейт да. Бизди эмне дээр экен деп тамашалап айтканы. Сен кеткенде сени аябай мактап отуруп, Бакыт акеме да алып бермекчи болбодубу.

- Мен ошондо аз жерден ал мени ки деп жибере жаздадым, – деп күлдү Шакир.

- Эгер мен болбогондо айтмаксың, өңүң башкача болуп кеткенин көрүп калып, шашылып мен сөзгө аралаша түштүм.

- Ооба сен болбосоң айтат эле болчумун. Үчөө көпкө чейин сүйлөшүп, тамашалашып отурушту.

- Мен бара берейин эми, – деди Өмүралы.

- Кайда? – таң калды Зуура.

- Чын эле кайда шашасың? Чогуу эле кетебиз.

- Силерге тоскоол болбоюн.

- Жинди го! – Зуура наараазы боло сүйлөдү. Ошентип, дагы жарым саат чамасы отурушуп, анан коштошуп чогуу тарашты.

* * *

Күн ысык. Балдар кереэлден кечке кичине каналдан чыкпай, курсагынын ачканына да карабай киринип жүрүшөт. Апалары талаада, эжелеринин тилин албайт. Күндө чакырса келбеген жаш балдар, бүгүн жылаңаяк, жыңалач кийимин колуна кармап чуркап келип жатышат. Өңдөрү бир укмуш корккондой көздөрү алаңдап бoжурашат, биринен бири сөз талашат.

- Шакен акенин атасы болсо...

- Атасы эмес Бакыт акеси.

- Сен коё турсаң....

- Ой эмне болуп кетти бириң сүйлөсөңчү?

- Мен айтам...

- Нургүл эже мен айтайын да.

- Ии сен айтчы.

- Тиги, тиги Шакен акелер машина алып келишти, анан болсо машинанын радиосу бар экен.

- Кыздын сүрөтү бар! – чыдабай башка бирөө аралашты.

- Сен жөн турсаң мен айтам....

- Мен деле айтам.

- Машинанын артындагы айнеги бар го?

- Ии.

- Ошол айнегине сулуу кыздын сүрөтүн жабыштырып коюптур.

- Анан болсочу, ал кыз көзүн кысат экен, – деп сөзгө дагы бирөө аралашты.

- Сен жөн турсаң мен айтып жатпаймынбы?

- Айта бер, ии анан? – деп сурады Нүргүл.

- Ал кызды карап турса ырсайып турат, анан моминтип көзүн кысып коёт экен.

- Койчу?

- Чын.

- Чын эле.

- Биз көрбөдүкпү.

Балдар ызылдап жатканда Зуура келип калды.

- Ой эмне болду?

- Зуура эже, Зуура эже. Эми Зуурага биринен бири сөз талашып, Өмүралылар алып келген машинаны жомоктоп айтып жатышты.

- Чынбы? – Зуура Нүргүлдөн сурады.

- Билбейм мен көргөн жокмун.

- Чын!

- Чын!

- Биз көрүп келбедикпи!...

- Макул, макул. Биз ишенебиз, болду ызылдабагыла. – Балдар кетишти.

- Ой тобо, балдар эч машина көрбөсө керек.

- Сен да жанагы сүрөттү көргүң келип турат го, кичинекей кыз болсоң ошолор менен кошо чуркамаксың, – деп күлдү Зуура.

- Аа өзүңчү?

- Бир аз ишенбей турам, көрүш керек экен.

- Кантип?

- Билбейм.

Зуура үйүн көздөй басты. Нүргүл бир аз балдар кеткен жакты карап туруп, анан кирип кетти.

Эртеси эрте менен Зуура пахта талаасына барар алдында Өмүралыга кайрылды. Дарбаза ачык экен, ичкери баш бакты, эч ким көрүнбөйт, Ортодо көк түстөгү «Москвич» турат. Жаңы экен, арткы айнегинин оң

жагында сүрөт жабышып турат, алыстан даана көрүнбөйт. Зуура үйгө кирип, коридордон сол эшикти черткиледи, Өмүралынын эжеси чыкты.

- Кел, кир-кирегой.

- Жок кирдим. Мен Өмүралыга келдим эле.

- Ии, ал тиги короо жакта жүрсө керек, эрчише басып Зуура менен кошо чыкты, экөө эрчише басып «Москвичтин» жанына жеткенде, Өмүралы акеси экөө көрүндү.

- Ии тигине өзү келе жатат, анан үйгө кирип чай ичип кет.

- Рахмат. – Зуура Өмүралыны күтүп турганда акырын машинага көз чаптырды, чын эле кыздын сүрөтү ырсайып турат, кичине кыймылдай койду эле жанагы кыз эми ырсайбай жылмайып, бир жак ээгин кыйшайта көзүн кысып койду. Тим эле тирүүдөй кайра акактай тиштерин көрсөтүп, ырсайып карап турат. Күлкүсүн тыйып араң тур ганда Өмүралы жетип келип:

- Кел, Зуура кайдан? – деди.

- Үйдөн эле, талаага баратам.

- Жөн-жай элеби?

- Ооба. Жакшынакай «Москвич» экен жаңы алгансыңар го.

- Бир орустан сатып алдык, ичинде японский магнитафону менен көрөсүңбү? Өмүралы кабинаны ачып музыка коюп койду.

- Баса сулуу кыз менен тааныштырбайсыңбы?

- Японка?

- Татынакай экен. Машина кут болсун.

- Рахмат!

- Өмүралы, сен бүгүн талаага барбайсыңбы?

- Жок. Эмне эле?

- Бир азыраак жүк бар эле мотоциклиң менен барсаң ала кетесиңби дедим эле.

- Барам го, бирок кечирээк, эгер оор болсо үйдөгүлөрүңө дайындап кой. Кетеримде кайрылам, алып чыгып берсе ала кетем.

- Макул, анда нанды өзүм ала кетейин калганын алып барып таштап өтөрсүң. Мейли эмесе, – деди да кыз дарбазага карай жол алды, узата чыккан Өмүралы Зууираны карап туруп калды.

* * *

10-класстарды тала жумуштарына жапкан жок. Экзаменге даярдануу үчүн консультацияга катышып жетишпей калган программалар менен таанышуу керек эле. Зуура адатынча консультациядан

келип үй жумушу менен алек болуп жүрүп, эшик алдында суу чачып, шыпырып коёюн деп челек алып арыкка чыга калат. Эмнегедир көзү Өмүралылардын үйүнө бурулат да ашканасынын үстүндө отурган экөөнү көрө калып, аптыгып кетти, өзүн токтотуп, ал бүгүн келбейт, – деп кайра карайт. Шакирди көрүп таң калат. Кечинде Шакир Өмүралы экөө келет, кыз эптеп чыгып үчөө баягы эле жол жээгине кулаган тытка барып отурушту. Зуура ортодо жигиттер эки жагында отуруп аны-муну сүйлөшүп, тамаша күлкү аралашып түн ортосуна дейре отурушту. Бул жолу Өмүралы мен кетейин дебеди. Үчөө коштошкондо Шакир кармалып, Зуура менен көпүрөнүн жанында калды. Өмүралы нары барып, Шакирди күтүп турду. Шакир кыздын эки колун кармап коё бербей турат.

- Зуураш, сүрөтүң болсо бербейсиңби? Сагынганда өзүңдү көрүп турайын, азыр диплом менен болуп тез-тез келе албайм го.

- Азырбы?

- Анан качан.

- Азыр кайра чыга албайм да, эртең эрте менен болобу?

- Мейли, Шакенди жөнөтөйүн.

- Макул, жакшы бар эми, Өмөк да күтүп калды.

- Ал түшүнөт. Мейли көрүшкөнчө.

* * *

Нургүл кыялын карматып, дагы сүйлөшпөй тескери карап басып калды. Зуура бул эмне деген жорук, же мени жигити жөнүндө айтпайт деп, же кечинде жолугушууга мени да чакырбайт деп таарындыбы, анда эмне үчүн ачык айтпайт. Адатынча өзү сүйлөйт деп тим койсо да болмок, бирок качанга чейин ушинтип жүрмөк. Зуура сурап билгиси келди да, Нургүл каналга сууга баратканда кошо жөнөдү. Нургүл алдыда Зуура артында баратты.

- Нургүл! – Зууранын үнүн угуп аркасын карады.

- Токто, чогуу басалы. Нургүл көңүлсүз кадамын басаңдатты., Зуура жете келип жанаша басты. Экөө унчукпай баратышкан. Сөздү Зуура баштады.

- Нургүл сенден бир нерсе сурайын дедим эле.

- Сура, – көңүлсүз күңк этти.

- Сен экөөбүз доспузбу?

- Ооба, – кыска жооп берди, дагы деле Зуурага карабай бутунун учун тиктеген калыбында баратты.

- Сырдаш да болсок керек.
- Эмне болуп кетти?
- Деги сурап жатам да. Менин байкашымда сен менден капа болуп жүрөсүң, чынбы?
- Жок.
- Анда неге салам бербей менден качып жүрөсүң?
- Качканым жок.
- Эмне, бирөө мени сен жөнүндө ушак айтты дедиби?
- Жок.
- Же сен экөөбүз уруштук беле?
- Жок.
- Анан эмне болду, беш жыл жакшы эле курдаш элек, эми минтип кээде себепсиз таарынып, кээде жазыласың. Мейличи деп жүрө берет элем, чыдабадым. – Нүргүл унчукпай, ойлуу бара жатты. Экөө канал жээгиндеги таштарга барып отурушту. Зуура Нүргүлдүн эмненидир айта албай кыйналып жатканын сезди.
- Таарынычың болсо ачык айт.
- Зуура... – Сөзүн үзүп көзүн ала качып, - сен Шакир менен жүрүп атасың!
- Эмне болуптур?
- Сен аны сүйбөйсүң чынбы?
- Сага ким айтты?
- Мен билем.
- Эмнени билесиң?
- Сен ал байкушту качандан бери жалдыратып келесиң, сүйсөң андай кылмак эмессиң.
- Сен кайдан билесиң, сүйгөн-сүйбөгөнүмдү, ким айтты жалдыратат деп?
- Мен Шакир экөөң жолугушканда аңдып жүрөм.
- Кай жерден?
- Тыттын дүмүрүнүн чуңкурунан.
- Аңдыганың чынбы?
- Чын.
- Эмнеге андай кыласың, жакшы адам антпейт.
- Анткени мен да Шакирди сүйүп калгам.
- Качан?
- Ошол кечеде.
- Анан сүйлөшүп да жүргөм дечи.

- Жок. Ал менин сүйгөнүмдү билбей, сага жалынып жүрбөйбү.
- Ал мени тандаганы үчүн күнөөлүү эмесмин да.
- Жок.
- Анан эмне дейсиң?
- Сен дос үчүн жанымды берем дегенсиң.
- Анан менин жаным керекпи сага?
- Жаның керек эмес, бирок Шакирди бер.

Зуура сөз таппай ичи ит тыткандай ачышты. Дос ушубу деп Нүргүлдү тиктеп турду. Нүргүл Зуурага тике карай албады. Зуура эмне деп жооп айтарын билбей, ыйлап жиберчүдөй үнү титиреп, өзүн араң кармап туталанып:

- Ал, ал мени сүйөт да, мен... аны... – Челегин колуна алган бойдон үйүнө шашыла басып кетти. Жолдо ыйлап бара жатты, ал достон угар сөзүм ушубу, Нүргүл доспу, же душманбы үйүнө жетээрде токтоп, көзүн аарчып эс алып, ыйын токтотту да, сыр билгизбей үйүнө кирди. Ал кечке өзүн жемелеп жүрдү, эмнеге сүйлөштүм, – жөн койсом болмок, өзү сүйлөшмөк мурдагыдай. Өзүмдү-өзүм азапка салып алдым! «Мага бер» деген Нүргүлдүн сөзү улам кулагына угулат. Оюу чачырайт. Эми кантет Нүргүл досу, Шакир сүйгөнү, кимисин тандайт. Чын эле Нүргүл да сүйүп калдыбы? Сүйбөсө айтмак эмес. Эмне үчүн бүгүн айтты, мурда бир жыл мурда эмне үчүн айтпады? Же анда сүйө элек беле? Кантип уялбай аңдыды экен. Демек, баарын билип, көрүп, угуп жүргөн экен да. Кечинде да уктай албады. Ары-бери оонап жатып эртең менен чарчап калыптыр, араң турду, башы ооруп көзү шишип калыптыр.

- Сага эмне болду? – апасы чочуркап сурады.
- Эчтеме, эмнегедир башым ооруп жатат.
- Суук тийген го, көзүң шишип калыптыр, же бөйрөгүң ооруп жатабы?
- Билбейм. – Апасы даарысын көтөрө чуркап:
- Ич мобу дарыларды, анан тердеп жат,- деп башын кармады.
- Ысытма жок, чайыңды ичип жат терде!

Сиңдиси жай салып берди. Зуура жатаары менен уйкуга кетти. Түш чамасында апасы кирип келип, жуурканды акырын көтөрүп, Зууранын тердегенин көрүп көңүлү тынчый түштү. Сиңдисине буйрук берип, сүзмө эздирип, кайнак суута чагырмак жастып берди.

Кеч кирди. Күн батар мезгилде Зуура ордунан турду, бирок көңүлү ачылбады, башы дале ооруп тургансыйт. Зуура көп ойлонду сыр-

дашар, кеңешер эч ким жок. Аябай кыйналды, Өмүралыга айтпады, ал эмне демек эле. Шакир келе электе Нүргүл экөө ысык дос эле, эми бир жигит деп достон кечеби? Дос үчүн сүйүүнү курмандыкка чалабы? Экөө тең кымбат сезилет. Апасына айта албады, балким ал туура кеңеш берер беле. Экөөнү тең кечкиси жок. Көңүлү чөгүп эмне кыларын билбей жүргөндө Нүргүл да жок, кайра сүйлөшүүгө. Балким тамашалагандыр, досун сынап жүрбөсүн. Анда неге келип: – Дос мени кечирип кой, мен жөн эле тамашалагам, – дебейт. Өмүралы да талаада иши көп, үйүндө турбай ошол жакта кепесинде жатып иштеп калды. Бул эмнеси, кыз өзүн аябай жалгыз сезип жүргөн. Кеч кирип жат-жатка келип калган убакыт. Зуура экзаменге даярданып, китеп карап отурган. Оюнда дагы эле Шакир менен Нүргүл. Эшиктен кирген сиңдиси:

- Сени Өмүралы аке чакырып жатат, – деди. Жалт караган Зуура үнсүз ордунан туруп сыртка чыкты, Өмүралы менен учурашып:

- Кел, жөн-жай элеби? – деп сурады.

- Ооба. Сыртта Шакир күтүп атат сени, – деп жылмайды. Эмнегедир Зуура кубанбады.

- Азыр, – деди да бутуна апасынын көлөчүн илип, Өмүралынын артынан ээрчий жөнөдү. Шакир үйдүн бурчуна жашынып алган экен, Өмөк өтүп кетиши менен Зууране кучактап калды.

- Коркподуң го?

- Кимден?

- Сени чочуур бекен деп!

- Мен чочубайм, болгону жүрөгүм шуу деп, үнүм чыкпай калат.

- Азырчы?

- Чочуган жокмун.

- Эмнеге?

- Сенден неге чочуюн?

- А менден башка бирөө болсочу.

- Анда тумшукка жемек.

Жигиттерге бул сөз жактыбы каткыра күлүп жиберишти. Арыктан өтөр замат:

- Мен кеттим, – деп жооп күтпөй Өмүралы кетип калды. Экөө эрчише басып, эски ордуна келди да отура кетишти. Зуура качан келдиң деп сурайт го деп күткөн Шакир эмнегедир кыздан сөз чыкпаганына таң калды.

- Зуураш, окуулар кандай?

- Жакшы эле, – суз жооп берди.
- Эмне, бир жериң ооруп турабы?
- Жок.
- Анда неге капалуусуң.
- Жөн эле. – Өзүн араң кармады.
- Эмне, мага таарындыңбы?
- Жок.
- Анда эмнеге мынча ойго чөгүп калгансың, бирөө капа кылдыбы?
- Жок, Шакир...
- Ов жаным.
- Шакир, сени Нүргүл сүйөт экен.
- Эмне? Аны мен сүйбөйм да.
- Сүйгөндү сүй, сүйбөгөнгө сүйкөнбө, – деген сөздү билесиңби?
- Ал эмне дегениң, же сен мени сүйбөйсүңбү?
- Билбейм жакшы көрсөм керек.
- Зато мен, сени сүйөм да!
- Ал менин досум да.
- Эмне болуптур.
- Ал кыйналып жүрөт, сен үчүн
- Айла канча, акыры унутат, өзүн сүйгөн бирөө жолукса унутат да тез эле.
- Унутпасачы.
- Койчу аны! Сен өзүңдү, мени ойлочу. Сен али сүйүү эмне экенин билбейсиң. Ойлончу жакшылап!
- Мен Нүргүл сени сүйөрүн уккандан бери ойлоно берип, ооруп да калдым.
- Сен али жашсың, кийин өкүнүп бармак тиштебей турган болуш керек. Эгер Нүргүл чыныгы дос болсо сени аяп, айтмак эмес.
- Ал айткан жок мен сурадым.
- Эмне деп?
Зуура бир аз унчукпай калып, анан анын жоругун айтып берди.
- Демек, ал эси жок кыз экен, анын үстүнө сүйүү эмне экенин түшүнбөйт.
- Ал мени деп сени унутууга аракет жасап жүргөндүр.
- Жок, баары бир мага ал кыз жакпайт.
- Ал сулуу кыз, сүйүп каласың.
- Эмне деп жатасың Зуураш? – Шакир күйүп-жанып Зуурага түшүндүрүп, анын сөзүн жокко чыгаргысы келди. Зуура деле баарын

билип турат, азыр Шакирдин мойнунан кучактап ыйлап «Мени азыр алып кет сени эч кимге бербейм жаным, сени сүйөм» дегиси келет. Анте албады. Кыз намысы жол бербеди, өзүн кармады, тескерисинче түшүнбөгөн же чын эле сүйбөгөн, жүрөгү таш кыздын кейпин кийип отурду. Шакир ыйлап жиберчүдөй аянычтуу үн менен кызга жалынып жатты:

- Зуураш, сен экөөбүз бири-бирибизди сүйсөк, бизди эч ким ажырата албайт. Ал кыз мени сүйбөйт, болгону экөөбүзгө суктанат, көрө албайт. Мени айтты дээрсиң, экөөбүздү ажыратып тынат. Нүргүл сага дос болсо, сага бакыт каалап, жардам бермек.

Зуура ыйлап жибере жаздады. Эми өзүнүн кайратына өзү ишене албай баратты. Эгер дагы беш мүнөт отурса Шакирди кучактап ыйлап жалынып, «мен сени сүйөм, мен сендикмин» деп жиберишине көзү жетип, кетип калууну чечти.

- Шакир эгер сен Нүргүлгө үйлөнсөң – экөөң менен тең дос болом, эгер үйлөнбөсөң – экөөңө тең салам бербейм, – деди да чуркап үйүнө кирип кетти.

* * *

Караңгы түн. Кулаган эски тытта жалгыз Шакир отурат. Кыймылсыз, Зууранын кеткен жагынан көзүн албайт. Жүрөгү ачышып, көңүлү азып, тамагына бир нерсе тыгылып, деми кыстыгып, аба жетишпей, көзүнөн мончок-мончок жаш тоголоп бетинен ылдый агып жатты. Мындан бир нече мүнөт мурда айткан сөзү кулагына кайталанып жаңырат. Бул эмнеси? Зуура мени сынаганыбы? Анда эмнеге качып кетти? Балким мендей эле кыйналып жаткандыр, бирок билгизгиси келбейт, же чын эле мени сүйбөйбү? Сүйбөсө мага макулдугун кантип берди? Жок-жок, ал мени сүйөт, мен ишенем! Зуура достукту сыйлаган кыз экен. Дос үчүн сүйгөнүнөн баш тарттыбы? Бул кандайча? Денеси оорлошуп ордунан тура албай кыймылсыз айсыз түндө жалгыз отурат. Жигит үмүт үзбөй кыз кеткен тарапты тиктейт. Балким кайра чыгып келер, чыкса экен дейт. Бирок Зууранын караанды көрүнө бербеди. Айлана жансыз тынч, жада калса иттер да үрбөй, Шакирди аяп, кайгысын тең бөлүшүп жаткансыйт. Жашоо токтоп калгансыйт, өзүнүн тирүү же өлүк экенине ишене албай жигит баардык жыргалды Зуура өзү менен алып кетти, эми жашоонун кызыгы калбады го деп эмне айла кыларын билбеди. Ал канча отурганын билбеди, ал жөнүндө ойлогусу да келбегендей кө-

рүнөт. Бир мезгилде жансыз отурган жигиттин бетине муздак жел эсин жоготкон адамга себилген муздак суудай тийди, селт дей түштү. Ушул учурда Өмүралыны эстеп, ага жетип жардам суроону эстеди. Оор денесин араң көтөрүп турду да, секин басып, Өмүралынын үйүнө баратты. Жигит дагы деле үмүтүн үзбөй, кыздын үйү тарапка көз чаптырат. Эшик алдынан үрүп келип эркелеген итке да көңүл бурбады. Күндө эркелетчү Шакирдин бүгүн карап да койбогонуна ит да таң кала карап отуруп, анан таарынгансып ороло жатып, көзүнүн үстүнөн карап коюп, көзүн жумуп алды. Шакир ичкери кирип өзүнө салган орундун үстүнө оор үшкүрө отурду да эки тизесин куушура кучактап, кайгылуу көздөрү менен дубалды кыймылсыз тиктеп калды. Бир учурда бурулуп, уктап жаткан Өмүралыны суктана тиктеди да ичинен «кандай бактылуу» деп улутунуп койду, ширин уйкусун бузгусу келбей кайра бурулуп дубалды тиктеп терең ойго батты. Бир оокумда Өмүралы козголуп оңдолуп бир капталына оодарылды, жаздыгы оң келбедиби, саал башын көтөрүп, бир колу менен жаздыгын ары-бери козгоп кайра жата кетти. Уйкусу качтыбы же уйку-соонун арасында оюна Шакир түштүбү, көзүн ачып, Шакир жатчу орунду тиктеди. Шакирдин отурганын көрүп, таң кала башын көтөрүп, саатка карады, саат түнкү он экиден он беш мүнөт өтүптүр. Шакир тиктеген жагынан көз албайт. Өмүралы башын саал көтөрүп, чыканагын таянып үн каты:

- Шакир! – Үн жок

- Шакир! – Акырын белине чапты. Шакир күтүлбөгөндөй өзүнө тийген колдон чочуп селт эте бурулду.

- Сага эмне болду?

Жооп жок. Үнсүз кайра дубалды тиктеди.

- Ой Шакир, эмне жооп бербейсиң, бирөө менен урушкансың го?

- Жок.

- Чынын айтчы? Урушсаң азыр эле өзүм жараштырып коёюн.

- Ал келбейт.

- Ой эмне болду деги, Кудай жалгагыр айтчы деги.

Шакир эмнеден баштарын билбей катуу үшкүрүп алып, Өмүралыны тиктеп туруп:

- Нургүлдү билесиң да, – деди.

- Билем, эмне экен?

- Ошол Нургүл Зуура экөөбүздүн ортобуздагы коко тикенек боло турган болду.

- Эмнеге? – таң кала сурады Өмүралы.

- Ошол кыз мени сүйүп калган имиш.

- Сүйсө сүйө берсин, сүйсө болбойбу? Аны ким айтты, өзүбү?

- Жок Зуура айтты.

- Зуурага ким айтыптыр?

- Нүргүл өзү айтып, эгер чыныгы дос болсоң Шакирди бер мага дептир. – Шакир дагы бир жолу катуу үшкүрүнүп алып, анан болгонун болгондой төкпөй-чачпай айтып берди. Өмүралы ыргып туруп, кийине баштады.

- Сен кайда? – Өмүралынын аракетине таң кала сурады Шакир.

- Мен эмес экөөбүз. Азыр эле ошол кызга барабыз.

- Жети түндөбү? Аны ким чакырып берет?

- Аны чакырыш оңой, ал өзү эле чыгат.

Экөө ээрчишип сыртка чыкканда мотоциклине тез жетип көчөгө сүйрөп жөнөдү. Экөө үнсүз-сөзсүз учкашышып баратышты. Нүргүлдүн тай атасы жашаган көчөнүн жарымына келгенде газды катуу берип туруп, холостойго салып, өчүрүп койду. Коңшу үйдүн тушуна токтоп, мотоциклден түшпөй, буту менен жер таяп туруп калды. Веранданын свети күйүп турган экен. Айланасы айнек болгондуктан ичиндеги кыймыл көрүнүп турат, кыймыл эткен жан жок. Ичкери бөлмөдө свет жок эле, бир аз убакыт өттү.

- Уктап калса керек, айнектери караңгы го.

- Унчукпай тур.

Аңгыча верендада өзбекче тигилген шифон көйнөк кийген, чачын экиге бөлүп өргөн, көкүлү коюу кыркылган узун бойлуу кыз көрүндү.

- Чыкты, – деди жылмая Өмөк.

Кыз түз эле сыртка чыгып эки жакты анан көчө жакты бир карап алып, жүзүм тактын астына курулган узун стол тарапка басты, ал жерден көмөрүлгөн эки челекти алып көчө жакка басты, жол жээгиндеги кичинекей арыкта аккан суудан сузуп алып кайра кетти эшик алдына сээп, шыпырып кирди мусорду чогултуп чыгарды да көчөнүн аркы бетиндеги төгүлгөн чамындыны көздөй басты.

- Нүргүл, – деди акырын Өмүралы.

- Кимсиң? – деп Өмүралылар турган жакты шыкаалап карады.

- Биз эле, сага келдик эле.

- Ии жанатан бери эле турасыңар го чамасы, бирөө тургандай сезилет, бирок кыймылдабайт, – деп кылыктана күлдү.

- Аа сага келип чакыра албай турдук да ха-ха-ха, – деп жасалма күлүп, Өмөк Нүргүлгө учурашуу үчүн кол сунду. Нүргүл да колун учурашууга сунуп баратып экинчи жигитти көзүнүн кыйыгынан карады. Шакирди тааный койду, жүрөгү шуу дей түштү да бир нерсени сезгенсип көкүрөгүн тебе дүкүлдөдү. Эмнеге келди, Зуура билеби же билбейби? Оюн Өмөк бузду:

- Я Нүргүл, жети түндө эл ширин уйкуда жатса, сен эшик шыпырып катуу киришкенсиң го?

Кино көрүп бүтүп эшикке чыгып... түн салкын экен, уйкум качып эрмек кылып, уйкум келгенче деп эле. Өзүңөр кайдан, кимге келдиңер?

- Бизби? Сага келип калдык эле сүйлөшөлү деп.

- Эмнени сүйлөшкөнү, ушунча шашылышпы? Эрте келбей же эртең келбей?

- Сөз бар да, эртең Шакир Фрунзеге кетет.

- Кулагым силерде, айта бергиле. – Жүрөгүнүн дүкүлдөгөнү басылбай, бети ысып чыкканын сездирбей акырын өзүнүн аяк быягын каранып, оңдонуп койду.

- Нүргүл, биз сенден бир-эки суроого жооп алганы келдик.

- Сурай бергиле?

- Сен Зууранын досу элең, чынбы?

- Ооба.

- Азырчы, дос болбой калгансыңарбы?

- Доспуз.

- Досуңа бакыт каалайсыңбы?

- Каалайм.

- Ишенбей турабыз, анда эмнеге анын сүйүүсүнө тоскоолдук кылып атасың?

- Эмне кылып?

- Сен ага Шакирди мен сүйөм дегениң чынбы?

- Зуура Шакирди сүйбөйт, калп эле өзүн да, Шакирди да кыйнап атат, ошон үчүн айтканым чын.

- Сен аны сүйөр-сүйбөсүн кайдан билесиң, же Зуура өзү айттыбы? Жок, өзү айткан эмес, бирок ал мурунтан эле «жигит сүйбөйм мен окушум керек»- дечү.

- Ал мурда айтып жүргөн, жүрөккө буйрук бере албайсың да, ал азыр Шакир менен жүрүп атканына бир жылдан ашып калганын билбейсиңби?

- Билем, бирок ушул убакка чейин Зуура «сүйөм» деп айткан жок, калп эле Шакирди кыйнап, жалдыратып келет, жалганбы?

- Сага ким айтты?

-Өзүм көрүп, угуп жүрбөймүнбү.

- Кай жерден?

- Шакир Зууранын жолугушууга чакырганда көрүнбөй барып тыттын тамырынын ордуна чуңкурга бекинип алам.

- Сен али уятың жок кыз экенсиң.

- Эмнеге?

- Аңдыган уят болорун билбейсиңби?

- Мен аңдып бирөөлөргө ушактаган жокмун.

- Сен дос эмессиң, достуктун баркына да жетпейсиң.

- Сен мени басынтпай сүйлөчү Өмөк!

- Сени басынтып эле эмес сөгүп, токмоктоп ташташ керек экен!

Сөзгө жанатан бери унчукпай тиктеп сынап турган Шакир аралашты:

- Чоң кыз, сен жашсың, өңү-түсүң деле жакшы! Сени да сүйө турган жигит бар го дейм. Эртеби, кечпи жолугат, ошондо азыркы өзүңдүн кылыгыңды эстеп, өзүңө-өзүң капа болуп өкүнөрсүң.

- Мен эч өкүнөрлүк жаман иш кыла элекмин.

- Бузукулугуңчу, – сөзгө Өмөк аралаша ачуулу сурады.

- Мен бузган жокмун, менсиз деле Шакир Зуура менен бактылуу болбойт. өмүр бою өкүнүп өтөт.

- Ал сенин ишиң эмес, – деди Өмүралы.

- Сага ыйлап келбейм, күтпөй эле кой, мен үчүн сен күйбөй эле кой. Сага окшогон мени сүйгөн менен жашагыча Зуурага өмүр бою жалынып жашасам ыраазымын!

- Шакир, ал сага ылайык эмес, - деди Нүргүл. Өмүралы мыскылдай күлүп:

- Сен ылайыксыңбы? – деди.

- Ал сулуу да эмес, сүйүү эмне экенин да билбейт

- Сен билесиңби? – кыйкырып жиберди Өмөк.

- «Сулуу, сулуу эмес, сүйгөн сулуу» деген макалды уктуң беле?

- Ал гордый.

- Эмне болуптур? – Шакир кызга жийиркене карады да жерге түкүрүп койду.

- Сен өзүңдү сулуумун деп жүрөсүңбү? – деди Өмөк.

- Урдум ушунун сулуулугун, – деди Шакир кызга карабай баш бармагы менен кайрып Нүргүлдү көрсөтүп, өзү Өмөккө карап.

- Оозуңа, карап сүйлө, – деген Нүргүлдүн ачуулу үнүн угуп Өмүралы таң калды. Ал оюнда кызды чуркап үйүнө кирип кетет го деп күтүп турган, Нүргүл козголгон жок. Ал азыр жигиттер кечирим сурайт деп күтүп турганын көрүп:

- Сенде уят эмес, акыл да жок турбайбы, сенин ордуңда мен болсом...

- Эмне кылмаксың? – сөздү бөлдү Нүргүл. Жигиттер бири -бирин карап бырс күлүштү да Нүргүлгө караштьы.

- Кыскасы Нүргүл! Эгер Зуурага дагы бирдеме деп бузуп, экөөбүзгө жолтоо болчу болсоң анда мага таарынба, макулбу? – деди Шакир.

- Ооба Нүргүл! Бүгүн сага эскерткени келдик. Эгер бузукулугуңду, аңдыганыңды койбосоң анан тарынбайсың, деп кошумчалады Өмөк.

Нүргүл ызаланып, сөз таппай, жерди бутунун учу менен тепкилеп туруп калганда жигиттер өздөрүнчө ымдашып, мотоциклди бурушту да жүргүзүп учкашып, коштошпой кете беришти. Нүргүл алардын артынаи тиктеген бойдон нары ызалуу, нары ачуулуу жек көрүү көз караш менен узатып туруп калды. Ал Зуурага ачуусу келип тура берди, капысынан жакын жерден иттин үргөнү угулганда чочуп кетти, шашыла эки жагын карады. Короодон чыга албай ары бери басып, коңшусунун ити үрүптүр. Аны да бир ачуу тиктеди да Нүргүл үйүнө кирип төшөгүнө жатты, бирок уктай албады. Кимдидир жек көрүп, кимгедир таарынып жаткандай ызалуу да, ачуулу да ыйлагысы келет, бирок ыйлай албады. Канча жатканын, качан уктап кеткенин өзү да билбей калды.

* * *

Зуура чуркаган бойдон артына бир карабай үйдүн каалгасына жетип токтоду, демин басып алыш үчүн бир аз туруп калды. Үйгө киргиси жок, кандайдыр бир күч аны үйгө киргизбей артка тартып жаткансыды. Өзүн зордоп үйгө акырын кирип, ордуна жатты, эч нерсени ойлогусу келбеди. Бирок көз алдынан Шакирдин аянычтуу жалдырап турганы элестеди. «Сен али жашсың, кийин бармагыңды тиштеп өкүнөсүң, ошондо кеч болуп калат» деген Шакирдин сөздөрү кайталанып угулуп жатты. «Эгер биз бири-бирибизди сүйсөк, эч ким бизди ажырата албайт». Капысынан «сен дос үчүн жаныңды берем дегенсиң» деген Нүргүлдүн үнү угулду. Зуура чочуп кетти. Жүрөгү ачышып, көзүнө ысык жаш келип, кулагын көздөй ага баш-

тады. Сүйүү, достук – эки кымбат нерсесин эки алаканына салып, бирин көзүн жуумп ыргытыш керек. Экөөнү тең кыя албай кыйналып жаткан Зуура буркурап ыйлап жиберди. Жуурканды чүмкөнө жатып, оодарылып көмкөрөсүнөн жатып жаздыгын кучактады.

Көз алдында Нүргүл менен таанышкан күнү тартылды. Анда бул айылга жаңы көчүп, келип эч кимди тааныбайт эле, мектептин да жолун билчү эмес. Ошондо ушул Нүргүл ээрчитип барып, Зуура окуган классты көрсөтүп анан өзүнүн классына кеткен, себеби анда Зуура бешинчи класста, ал эми Нүргүл төртүнчү класста эле. Ошол күндөн ушул күнгө чейин экөө бирдеме талашып урушуп же айтыша элек. Талаада да, үйдө да чогуу жүрүшөт. «Шакир, мен жигит сүйбөйм, жигит менен жүрбөйм, мен окуйм» дебедим беле. Кантип сүйүп калдым, балким бул сүйүү эместир? Жок! Эгер сүйүү болбосо мен азыр кыйналбайт да, ыйлабайт да болчумун, кимисин кечем? Зуура кыйналып ыйлап жатып, Шакирди элестетти, кайра чуркап чыгып, кечирим сурамак болду. Ордунан туруп баратып, ал жок, кетип калды, мени күтпөйт, анткени мен катуу айтып, коштошпой же келем дебей качып баса бердим. Бүттү, катуу үшкүрүп кайра шылк деп жаздыкка кулады. Жашоо кызыксыз, өзүн сооротуп балким эртең эмне болорун ким билет, балким бактым али алдыдадыр. Жара айыгат эмеспи, көргөн түшчө бул да унутулар эми. Эми үмүт пайда болгон жүрөгү эс ала түшкөндөй жай сого баштады. Өзү ширин кыялга батты. Айнектен асмандагы көп жылдыз жымыңдап, кыздын көңүлүн өздөрүнө бурат, жылдыздарга алаксый түшкөн Зуура эмнени ойлоп жатканын унутту. Жылдыздар кооз, бири чоң, бири кичинекей. Зуура жылдыздардан суурулуп, өзүн карай кол сунуп келе жаткан Шакирди көрдү, ал жакындай берди. Эми аябай жакын келип Зуурага жалдырай тиктеп: – мен сени сүйөм жаным, мени таштабачы, – деди. Зуура дем ала албай буулугуп кетти. – Шакир, -деп колун элести карай сунду Шакирдин элеси көздөн кайым болду. Эми Зуура куса боло түштү, Шакирдин элесин издеп ыйлап жатты.

Эртең менен Зуура апасы ойготкондон кийин үй иштерин бүтүрүп мектепке кетти. Жолдо Өмүралынын үйүнүн тушуна келгенде жүрөгү ойноп тыбырчылай баштады. Зуура кимдир бирөө кармап калчудай шашылып басып, узап кеткенден кийин секиндеп басты да мектепке жеткенде алаксып унута түштү. Бүгүн Нүргүл жок. Ал талаага кеткен болсо керек. Анткени онунчу жана сегизинчи класстар гана бошотулган эле.

Шакир менен Өмүралы түшкү тамакта гана ойгонушту. Экөө таң агарганда уйкуга кетип, ойготкон бирөө болбогондуктан эми гана турушту. Шакир Тамактан кийин жолго аттанды, Өмүралы Шакирди узатып жолго чыкты. Экөө унчукпай капалуу баратышты.

- Өмөк, мен бүгүн кетпесем болот эле, бирок окуума жетип барбасам, азыр практикага катышпасам болбойт, эми сенден сураныч, Зуурага көз салып жүрчү, башка жигиттер сөз салып жүрбөсүн. Сага ишенем. Эгер эптесең Зуура менен сүйлөшүп көрчү. Эгер жакшы кабар болуп калса мага кат жазып жибер. Эгер зарыл болсом телеграмма жибер, келип калам.

- Макул, ал жагынан кам санаба. Баары жакшы болот, сөзсүз сүйлөшөм. Экөө аялдамага жеткенде алыскы бурулуштан автобустун бурулганы көрүндү.

- Мейли, көрүшкөнчө жакшы кал, – деп колун сунду Шакир, жерди бир карап анан автобуска карап катуу үшкүрүп алды.

- Капа болбой кет, баары алдыда. Мындай тоскоолдордун далайы болот, бул эчтеме эмес. Кош жакшы жетип ал.

Шакир автобуска отурган соң азыр өзү келген жолго айнектен тиктеп, Зуура бир көрүнүп калса, азыр түшүп калат элем деп элесин издеди, бирок көрө албай жерге башын салып капалуу отуруп, эч жакка карагысы келбей ойлуу кете берди. Өмөк кол булгалайын деди эле Шакир карабады. Тууганынын акыбалын көрүп аяп тиктеп турду.

* * *

Күн ысык талаада иш кызуу жүрүп жатат. Пахтаны от басып кетти онунчу классты убактылуу талаага айдады. Зуура бүгүн эрте туруп, иш кийимин кийип, башына корея шляпасын кийип, колуна чакан кетменин алып, көчөгө чыкты. Эки жакты карап талаага бара жаткандарды издеди. Бирок эч кимди көрө албай, кеч калган экенмин деп шашыла чоң жолго карай басты. Көп узабай өзүн чакырган үндү угуп, бурулуп Нүргүлдүн чуркап келе жатканын көрүп токтоп калды.

- Сен да кечигип калдыңбы?

- Жок, али убакыт эрте эле, сага кирсем аяш апам сени азыр кетти дебедиби.

Экөө аны-муну сүйлөшүп, Ош-Фрунзе жолуна жете бергенде мотоциклдин үнү угулду. Зуура артын бир карап алып:

- Ии Өмүралы да келе жатат, экөөбүздү алып кетет. Жакшы болду, – деди.

- Ии мен азыр бул жакка кирип чыгайын.

- Кайда?

- Азыр. Нүргүл шашылып, тыт катардын ары жагына өтүп кетип, көздөн кайым болду. Өмүралы Зууранын көрүп секиндеп келип токтоду.

- Кандай? – деп кол сунуп учурашты да: – отур, – деди

- Азыр, Нүргүл чыксын.

- Нүргүл?

- Азыр чыгам деп бул жакка кирип кетти.

- Отур биз кете берели, ал чыкпайт.

- Эмнеге, кетип калсак капа болбойбу?

- Ал чыкпайт.

Экөө күтүп турушту, Нүргүл чыга бербеди, аңгыча Өмөк:

- Тетигинде кетип баратат окшойт, деп калды.

- Кана?

- Тигине, комсомол бригадасынын шыйпаңында, жол кесип баратат.

- Чын эле ошо го, жинди болгон го. Бизди күттүрүп коюп.

- Мен сага айтпадымбы?

- Эмне, сени менен урушканбы?

- Жок. – Чочуп кетти Өмүралы.

- Анда эмесе сенден качып кетти го?

- Билбейм, өзү эле качып жүрөт, кеттикпи.

- Кеттик. Экөө учкашып жөнөштү, лес менен тике өйдө шыйпаңга жеткиче таштак жол эле. Өмүралы этияттап секин айдап отуруп шыйпаңга жеткенде Нүргүл да кыска жол менен чыгып барып калды. Зууралларды көрүп шашылып, жакынарак жерде турушкан кыздарга тез басып жетип, учурашып туруп калды. Зуура досунун бул кылыгына таң калды. Шыйпаңда окуучуларга өтүүчү линейка бүтүп калган экен. Ар бир класс өз эжеке, агайларын ээрчип жөнөштү. Зууралар да мотоциклин чекеге койуп, шашыла басып өз классташтарына жетип алышты. Табелчи көрсөтүп бөлүп берген жөөктөргө класс-классы менен бирден жөөк алып, чабыкка киришишти. Нүргүл менин жаныма түшөт го деп ойлогон Зуура. Андай болбоду, кызык ал кайда? Карап таппады, аңгыча жан жактан:

- Кандайсыңар? – деди Шакен.

- Жакшы, Нүргүлдү көрдүңбү?

- Көрдүм, тетиги «б» класстардын катарында жөөккө түштү.

- Ии. – Зуура өз ишин улады, этеке жетип эс алууга эми отурганда Шакен жанына келип отура кетти.

- Нүргүл менен сүйлөшүп атасыңбы?

- Ооба, эмне экен?

- Деги да, – унчукпай туруп анан: – Шакир акем тууралу экөөң урушкан жок белеңер? – деп сурады.

- Жинди бекенбиз урушуп, эмнеге сурадың?

- Жөн эле, өткөндө Шакир акем келгенде силер жөнүндө угуп калдым да.

- Эмне деди?

- Нүргүл Шакир акемди сүйөт имиш го?

- Эмне болуптур?

- Шакир акем аябай капа болду.

- Кимге, магабы?

- Жок, Нүргүлгө. Сен сүйлөшпөй кирип кетипсиң го.

- Ооба.

- Ошондо Шакир акем аябай жаман болду, ыйлады окшойт саат он бир менен он экинин ортосунда келип, Өмүралы акемди ойготуп бир аз сүйлөшүп, анан чыгып кетишкен, мен сага кетти деп ойлогом, көрсө Нүргүлгө барышыптыр.

- Анан эмне болуптур, Нүргүл чыгыптырбы?

- Оо ал өзү чыгыптыр, чакыртпай эле... Шакен болгонун болгондой айтып берди. Зуура өзүн күнөөлөп отурду. Өзүм чечсем болмок. Шакир мени чын эле сүйөт, мен ага ишенем мен анын сүйүүсүн баалай албадым, акыркы сөздү айтпай эле койсом болмок, эми кантип бетине карайм, деп өзүнө капа болду.

- Өмүралы туура эмес кылган.

- Эмнеге?

- Нүргүлгө барбаш керек эле, кыз баланы сөккөн жакшы эмес да.

- Этекке чыгып эс алганы келгендер сөздү үздү. Шакен дагы бир деме айтайын деген эле.

- Эй рекорд койсоңор керек, – деди бир кыз.

- Жок мунун жөөгүндө от аз экен да, – деди дагы бир кыз.

- Чырмоок көп экен, бирок чым аз экен.

- Ошондой, биздикиндей чым болсо көрөт элек, – деди тиги кыз.

Обед учурунда Зуура Нүргүлдү араң издеп тапты.

- Нүргүл!

- Я, – деп чоочуп кетти Нүргүл, капысынан жанына келген Зууранызы байкабай калган экен.

- Сен эмне качып жүрөсүң Өмүралыдан? – билмексен болуп сурады Зуура. – Азыр чыгам деп коюп баса берипсиң.

- Жөн эле, мен батпайт болчумун, сени эле учкашсын деп кетип калдым.

- Ал оюма келбептир. Бизди күттүрүп коюп басып кеткениң жарабайт да.

- Кечирип кой, – деди да Нүргүл ары басып кетти.

Зуура да сеткасынан кесесин алып, тамак куйдурганы ашканага жөнөдү.

- Зуура-а-а, – деп бирөө чакырды. Кыз бурулуп столго эки бет отурган классташтарын көрүп күлүп койду.

- Сага орун алып койдук, бул жакка кел, – деди дагы бир кыз.

- Азыр.

Кечинде Өмүралы Зууранын үйүнө ала келди. Үйүнүн тушуна келгенде Зуура бирдеме дейби деп күткөн, бирок кыз:

- Мейли рахмат, – деди да үйүн көздөй басты. Өмүралы күтүп тургансып Зууранын узата тиктеп турган. Арыктан өтүп Зуура капысынан артына карады да.

- Өмөк, кечинде бошсуңбу? – деп сурады. - Жолугуп сүйлөшө турган сөз бар эле.

- Мейли, канчага?

- Саат ондорго келе аласыңбы?

- Андан эрте деле келе берем.

- Жок, мен үйдөгү иштерди бүтүрүп, нары үйдөгүлөр уктаса, анан чыгам.

- Мейли. – Зуура шашып кирип кетти. Күнүмдүк кылып жүргөн иштерин сиңдиси менен эрте бүтүрүштү. Апалары телевизор көрүп отурушат. Эмне кылса. Акырын басып, көчө жакка чыкты, арыктагы суунун жээгине отуруп, Өмүралынын үйүн карады, жигит көрүнбөдү. Бир аз отурду да кайра үйүнө кирмек болуп ордунан турду, эки жакты карады, көчөдө ойноп жүргөн балдардан башка эч бир адам жок. Эми үйүнө жете бергенде Өмүралы менен дагы эки-үч жигиттин үнү угулду, үн чыккан жакка бурула караганда чоң көчө жактан келе жаткан үч жигит көрүндү. Чын эле Өмүралы, бирөө Таштан деген өзбек жигит, үчүнчүсүн Зуура таанybaды.

Жүрөгү лыпылдап же сүйүнгөнү же корккону белгисиз туруп калды. Кыз бала жигитти өзү чакырса, жанындагы жигиттер эмне деп ойлойт. Шашылыш арга издеди. Таппады тууганынын үйүн көздөй басты, алардын үйү ошол жигиттер жакта эле. Өмүралы өзүнө караса эле ымдап чакырып алмак. Зууранын ойлогон оюу ордунан чыкты. Өмүралы көрдү, көрмөк тургай ымдатпай туруп эле өзү биринчи чакырды.

- Зуура! – Кыз токтоп бурулуп карады. – Токтоп турчу, деп Өмүралы эки жигит менен шашыла коштошту да Зуурага карай басты жете келип: – Бошсуңбу? – деп сурады.

- Бошмун.

- Сүйлөшсөк болобу?

- Болот.

Экөө эрчише басып жолду кесип өттү, эми кичинекей каналды көздөй басышты, экөө тең эле унчукпай баратышты. Өмүралы Зуура өзү сөз баштасын анан мен айтам деп ойлонуп баратты. Зуура болсо Өмүралы баштайбы же өзүм эле баштасамбы, эгер баштасам эмнеден баштайм, деп ойлоп келе жатты. Канал жээгинде чоң-чоң таштар көп эле. Зуура өзүнө ыңгайлуусун таап отурду. Өмүралы кичинекей ташка отурду.

- Өмүралы, – деди Зуура, Өмөк жалт дей Зуурага тигилди. – Силер Нүргүлгө барганыңар чынбы? Өмүралы: – Нүргүл айтса керек, ал кыз эми кошуп-ташып бизди жек көрсөтүп койгондур, – деп ойлоду да бир аз тайсалдай:

- Ооба, барганбыз сүйлөшөлү деп, – деди.

- Эмнени?

- Шакир менен сен жөнүндө.

-Сүйлөштүңөрбү?

- Ооба.

- Эмне деди?

- Сага айткан сөзүн эмне максат менен айтканын билгибиз келген.

- Сүйүп калса ал күнөөлүүбү?

- Ал сүйүп калган эмес, көрө албайт.

- А балким чын эле сүйүп калган болсочу?

- Сүйгөн кыз жок дегенде бизге андай мамиле жасабайт болчу.

- Эмне кылды?

- Эми аны айтып кереги жок, андан көрө Шакир экөөң жөнүндө сүйлөшөлү.

- Экөөбүз жөнүндөбү? – кыз сөз таппай такала түштү.

- Зуура сен ойлочу. Бузукулар аялы менен күйөөсүн да уруштуруп коёт, чынбы? Нүргүл тиги жигит менен, бул жигит менен жүрүп көнүп калган, ал сага дос болсо Шакир сени сүйгөнүн укса, сүйүнүп сен көнбөсөң сага акыл айтып, сени көндүрүп, экөөңдүн бактылуу болушуңарга жардам бермек. Ал эми Нүргүл антмек тургай силердин сүйүүңөрдүн отуна суу чачат.

- Ал суу чачкан жокко?

- Сага айткан сөзү, Шакирге айтканычы?

- Эмне деди.

- Зуура сени сүйбөйт жөн эле шылдыңдап жүрөт, – дебедиби.

- Чын эле ошол сөздү Нүргүл айттыбы?

- Ооба, ишенбесең азыр беттешебиз. Ал сөз үчүн эгер эркек болгондо урушмакмын.

- Сага ишенем.

- Зуура түшүнсөң, Шакир сени сүйбөсө бир жарым жыл сенин артыңан жүрбөйт эле, нары Фрунзеден жол арытып келбейт эле. Ал чын жүрөктөн сүйөт, андай сүйүү аз... Өмүралы күйүп-бышып сүйлөп жатты. Экөө көпкө сүйлөштү, бир учурда Өмүралы:

- Зуура мага айтчы, Шакирди сүйөсүңбү?

- Сени сурап бер дедиби?

- Жок. Эгер сен аны чын сүйсөң кызганып, башкага бербей, бузукулардын сөзүнө тез алдырбайт элең да. Анан мен сенден дос катары гана сурап жатам, бул экөөбүздүн ортобузда гана калат, мен сага сөз берем.

- Эркекчеби?

- Анан эмне.

- Мен сүйөрүмдү өзүм билбейм, мурда жигит сүйгөн эмесмин, бирок Шакирди жигиттерден ашыкча көрөм. Көрбөй калсам сагынам, кызганам, бирок көрсөм уяла берем.

- Ошонун баарын чогултсаң бир сөз чыгат.

- Кандай сөз?

- Сүйүү деген, демек сүйөсүң.

- Ким билет.

- Өткөндө эмнеге качып кеттиң?

- Ыйлап жибере жаздап, өзүмдү араң кармап отургам, анан билбейм..

- Сени кайра чыгабы деп Шакир отура бериптир, ыйласа керек,

мага айткан жок. Бирок көзү кызарып калыптыр. Эртеси айласыз кетти окуусун таштай албай. Азыр кантип атты экен байкуш? Күн өтпөй, окууга да көңүлү келбей, мойнунан байлаган иттей болуп жүргөндүр...

Экөө тең бир топко чейин унчукпай отурушту. Бир оокумда Зуура ордунан турду да:

- Кой барайын, үйдөгүлөр издеп калбасын, – деп жай басып, үйүн көздөй жөнөдү, артынан Өмүралы да жөнөдү. Экөө дагы деле үн-сөзсүз баратышты, жолго жеткенде Зуура бурулуп:

- Мейли жакшы эс ал, – деп кол сунду.

- Өзүң да жакшы түш көр, анан сенден сураныч ойлочу жакшылап, мен сага да, Шакирге да бакыт тилейм, колумдан келген жардамымды берем.

- Мейли.

- Эртең мени күт чогуу кетебиз.

- Мейли. – Зуура шашылып үйүнө кирип кетти.

***

Айсыз түн. Үйдүн ичи караңгы, айнектин пардасы ачык. Асманда жылдыз толо, чачылган мончоктой тартипсиз жайнап, асмандын бетин ээлеп жылтылдайт. Зууранын уйкусу качып, өзүн жалгыз сезип жаты, сиңдилери ширин уйкуда жатышат. Зуура кичинекей сиңдисин тиктеп жатып анын балалыгына суктанып, ошонун ордунда болууну каалап: – Оо, Жараткан! Эмнеге кичинекей бойдон калтырбадың экен, – деп улутунуп койду да айнектен өзүн тиктеген жылдыздарга карап жатып ойго батты. Ойлон! – Өмүралынын үнү угулду. – Эмнени ойлонмок элем? – Ал сени сүйөт, мен башында да сенден айныткам, ал болбой койгон эмнегедир Зууранын элеси көз алдымдан кетпейт деп. Мен аны жашынан билем, сенчелик кызды жактырганын көрбөгөм. Көп кыз менен сүйлөшкөн бирок сага жеткиче шашылгандай шашылган эмес. Кыз үчүн кайгырган эмес, ушул убакка келип бул же тигил кызды сүйүп калдым дегенин укпагам. – Өмүралынын үнү угулбай бир азга тынчтык өкүм сүрө калды, эмне кылсам, деп үнүн чыгара сурады, бирок жооп угулбады. Нүргүл эмне үчүн Шакирге мени сүйбөйт деди экен, мен ага эч нерсе айта элек элем го. Шакир менен тааныша электе Нүргүл башка жигит менен жүрчү эле, ал кайда? Таштап кеттиби, же Нүргүл Шакирди көргөндө аны өзү кууп жибердиби. Нүргүл Шакирдин эмнесин жактырды

экен, галстугунбу же кымбат костюм шымынбы, түшүнбөйм. Зуура катуу үшкүрүнүп, оң ийнине оодарылды, укташ керек, деп өзүн зордоп көзүн жумду, уйкусу келбеди. Ойлонбойм деп өзүн зордоду ага да болбоду, кайра айнек жакка оодарылып, жылдыздарды санай баштады...

- Зуура тур! – деген апасынын үнүнөн чочуп ойгонгон Зуура көзүн ачып айнектен асманды карады, жылдыздар жок, таң аппак атып, чыгыштан күндүн нуру чачырап, кооз көрүнөт.

- Тур, талаага барасыңбы? – деп апасы Зууралар жаткан үйгө кирди. Зуура араң турду.

Зууралар көчүп кетет имиш, деген сөз тез тарады. Өмүралы да угуп алдынан тосуп чыкты.

- Зуура кайдан? – Учурашууга кол сунуп атып сурады.

- Талаадан, огоротко баргам.

- Көчөт имишсиңер, ушул чынбы?

- Чын.

- Кайда?

- Шаарга.

- Качан?

- Билбейм, быйыл күздө болсо керек, огоротту жыйнаганда билинет го.

- Мен болсо жакында кетет окшойт деп коркуп кетсемчи.

- Эмнеге?

- Сен кетсең адресиңди билбей, Шакир келсе сени таба албай калсак...

- Али аныктала элек, балким келерки жылы көчөрбүз. Азыр атам кеткен, сатып алганга үй караштырам деп.

- Кетер күнүңдү айтып кой, макулбу?

- Макул, мейли мен барайын.

- Мейли.

Зуура коштошуп үйүнө кетти. Өмөк узата тиктеп үйүнүн тушунда чөнтөгүнө колун салып бир аз туруп калды. Эмне кылсам, Шакирге кат жазсамбы? Жок азыр эрте, анығын билейин анан жазам, деди да бурулуп үйүнө кирип кетти.

Экзамен бүтүп, чоң класстарды чөпкө алып кетти. Он – он беш күн чөптө жүрүшүп кайтканда Өмүралы үйүнө келип Шакирдин келип кеткенин укту. Үкөсү ага Шакирдин калтырган катын берди, шашыла катты ачып окуй баштады.

«Саламатсыңбы, Өмүралы. Кандай, ден-соолугуң жакшыбы? Экзамендериңди тапшырып алдыңбы? Келсем сени чөпкө кетти дешти. Качан келериңди эч ким билбейт экен, ошондуктан күтпөй кетип жатам. «З» качан кетет экен? Качан жана кайда кетерин, адресин алып кал, сенден суранаарым ошол. Менден ысык салам деп кой. Сөзсүз адресин алып кал, деп сага ишенип калуучу Шакир»...

* * *

Күз. Пахта терим кызуу башталып, талаа шаңдуу. Бир жагында теруучу комбайндар, прицеп улаган тракторлор, башка жагында окуучулар, келин-кыздар өздөрүнүн ыр-күлкү тамашасы менен талаанын көркүнө көрк кошушат. Зуура поварлык кылып шыйпаңда тамак бышырып жатты. Сөрүдө бригадир, мектеп директору, механиктер сүйлөшүп отурушат, жандарында демделген чайы менен чайнек, пиялада куюлган ысык чай турат. Тигилер чайын унутуп калгандай кызуу бир нерсени талкуулашып отурушат. Айланадагы кичинекей балдардын ызы-чуусу да аларга тоскоолдук бербечүдөй.

Зууранын апасы пахтанын арасынан чөп оруп жүрөт, огорот орулуп жыйылып бүткөн. Бүгүн-эртең машинанын келишин күтүп жатышат. Атасы, үч сиңдиси шаарга кеткен. Эми машина жөнөтсө Зуура апасы, эки сиңдиси менен кетишет. Өмүралы иштерин бүтүрүп, үйүнө келгенде Зуурага кайрылды. Зуура мотоциклдин үнүнөн эле Өмүралынын келе жатканын билди. Өмүралы моторун өчүргөндө Зуура жылмая басып келип учурашып:

- Кайдан? – деп сурады.

- Агороттон эле, сага учураша кетейин, – дедим эле.

- Жакшы кылыпсың.

- Иштериң кандай?

- Жаман эмес.

- Качан көчөсүңөр?

- Бүгүн-эртең деп турабыз, атам машина жөнөтмөк, ошону күтүп атам.

- Адресиңди бересиңби?

- Мен өзүм билбейм, шаарга экенин билем, кайсы көчө, канчанчы үй, анысын билбейм, билсем айтмакмын.

- Апаңчы, билбейби?

- Билсе мага айтат эле го. Биз барган эмеспиз.

- Анда кантип сенден адрес алам?
- Эмне кылганы?
- Барып калсак сени кантип табабыз.
- Билбей калдым мен дагы.
- Сен барганда мага кат жазбайсыңбы?
- Көрөм го.
- Көрбө сөзсүз жаз., кат күтөм.
- Макул.

Экөө дагы бир аз аны-муну сүйлөшүп турушту. Анан жылуу коштошуп, Өмүралы мотоциклин жүргүзүп чаң жол менен зуулдаган бойдон алыстап кетти. Зуура узата тиктеп турду да, өздөрү көчүп барчу адрести бере албагандыгына өкүнө үшкүрүп койду.

Чаң жолдун чаңын асманга көтөрүп алыстан кандайдыр бейтааныш машина шыйпаңды көздөй келе жатты. Зууранын апасы, бригадир дагы эки-үч адам ошол жакты тиктеп калышты. Эми кабинасы көрүндү, кызып түстөгү КамАЗ экен.

- Бизге келе жатабы?
- Ошондой окшойт, чоочун го. Биздин совхоздо мындай КамАЗ жок, – деди бригадир.

Машина уламдан улам жакындай берди. Зууранын жүрөгү кабынан чыгып кетчүдөй тыбырчылай баштады. Чын эле кетебизби? Көнгөн жерин таштагысы келбеди, көз алдынан кыска-кыска балалык күндөрү, классташтары, анан Шакир менен жолуккан түндөр өтө баштады. Ошолор баары ушул жерде калып калчудай сезилип ыйлагысы келди. Шакир да ушул жерде калып калчудай сезилди. Машина шыйпаңга келип токтоду. Шофёр менен бир киши кошо түшүп келди да турган эркектер менен кол алышты:

- Кандай жеңе, отурасызбы, аман-эсен? – деп зууранын апасы менен да учураштты.
- Отурам. Кудайга шүгүр, өзүңөр кандайсыңар?
- Жакшы эле. Тиги жерден сураштырып атып араң таптык сизди, – деп чоң жол жакты көрсөтүштү.
- Үйгө киргиле! – жол көрсөттү Зууранын апасы. Меймандар үйгө киришти.
- Чай алып кел Зуура ! – деди апасы.

Шашылып чокто турган сууну асып от жагып коюп дасторкон салып, чай ичилип ал акыбал сурашып отурушту. Зууранын атасы жөнөткөн экен. Тиги кайра-кайра жеңе деп сүйлөгөн өзүнүн тууга-

ны экенин бүгүн билген Зуура дагы мен таанибаган туугандар көп окшойт ушул күнгө чейин бул кишини көрбөптүрмүн, деди ал оюнда, бирок апасы тааныйт окшойт ал жактагыларды, ошол кишинин аялын үкөлөрүн сурап отурду. Чай ичилип бүттү, бригадир эшикке биринчи чыгып ары жактан эки-үч жигитти чакырып, жүктү жүктөгүлө деп буйрук берди. Агароттогу паялар жүктөлдү. Үй ичин Зуура апасы экөө нары-бери таңа салышты эле машинаны жакын коюп, жанагы жардамчы жигиттер жүктөп, аркан менен таңып коюшту. Машинанын кабинасына Зууранын эки сиңдиси менен чыгарып отургузуп коюп, коштошкону келген аял, эркектер менен кол алышып коштошуп, анан жүздөрүнө пата тартышты. Ак жол тилешип бүткөндө апасы да кабинага отурду. Жанына жанагы тууганы отуруп, эшигин катуу жаап койду шофёр баарынан кеч рульга отурду да: Кеттикпи? – деди.

- Кудай колдосо кеттик.

Машина ордунан жылды, узаткандар кол булгалай башташты. Зууралар да кол булгалашты. Эми КамАЗ бурулуп, жанагы кол булгалагандар көрүнбөй калды. Зууранын апасы да бир оор үшкүрүп алды. Ал да бул көнгөн айылын кыя албай баратканы сезилип турду. Жаңы конуш деген жаңы конуш да, ал жерге көнгүчө убакыт керек. КамАЗ чоң асфальт жолго чыкты.

- Оомин Кудай өзү жар болсун аман-эсен жетип алалы, Алаху акбар, – деп бата тиледи Зууранын апасы.

Чоң жолдо КамАЗ зымырап учуп барат. Артта айыл, пахта, пияз эккен колхоз талаасы зуулдап калып жатты. Зуура эсине ушул көрүнүштү сактап калгысы келгенсип эки жагын карабай тиктеп баратты. өзүнчө ичинен баары менен коштошуп баратты. Эми качан келет, келгенде мурдагыдай болобу?. КамАЗ канча тез жүрбөсүн, эмнегедир жол арбыбагандай эми Зуура таанибаган бейтааныш жол, бир тарабы аска-тоолор болсо, бир тарабы суу. Тоо борунда кетип баратышат. Шофёр отурган жакты тиктесе баш айланат, тике ылдый, анан көкмөк суу коркунучтуу көрүнөт.

- Бул биринчи тунел, тиги ГЭС, – тааныштырып койду жанагы тууганы. Андан ары суу шырылдабай тынч жатат. Көлгө окшош, дагы көп убакыт өттүбү, өтпөдүбү айтоор Зуурага жол аябай узарып кеткендей туюлат. Чоңдор өздөрүнчө сүйлөшүп баратышат. Зууранын ою артта калган айылда. Эми катар-катар тунелдерден өттүк, деги качан жетебиз, көпкө жол жүрүп жадагандай өзүнчө сурап коёт.

- Кудай буйруса аз калды. – деди апасы Зууранын суроосун угуп койгонсуп.

- Аа акемдер да жол карашып аткандыр.

- Ооба, саатын карап божомолдоп, мынчада кирип келет го деп жолго улам көз салып атышат да. Күткөн жаман.

Зуура Өмүралыны эстеди. «Күтөм сөзсүз жаз» дебеди беле. Менин катымды күтөт го байкуш.

* * *

Шаар. Төрт тарабы тоо менен курчалган кичинекей шаар экен, шаар чекесиндеги жолдо Зууралардын КамАЗы баягы калыбынан жазбай баратты. Бир мезгилде:

- Көпүрөгө жетпей оңго бурул, – деп колу менен тоо жакты көрсөтүп койду жанагы тууганы, шофёр башын ийкеп түшүндүм деген белги берип, көпүрөгө жетпей өйдө тоо аралап кеткен жолго салды. Эми доку-дуку көбөйдү, ансыз да араң келе жаткан Зуура эми жөн түшүп алгысы келди бул жаман жолдо көп деле жүргөн жок, машина бир үйдүн алдына келип токтоду. Үйдөн Зууранын үч сиңдиси, артынан атасы чыкты:

- Апа-аа, апам келди, – кыздар ызылдап чуркашты. Зуурапар кабинадан түшкөнчө кыздар келип апасын кучактап калышты. Аларды өөп эркелетип бүткөнчө атасы күлө карап турду.

- Келгиле, кыйналбай келип калдыңарбы?

- Ооба. Кудага шүгүр, жетип келдик. Отурасыңарбы? – кол сунган атасы менен апасы учурашты. Зуура да тууганынын жар дамы менен араң түшүп келип, сиңдилери менен анан атасы менен учурашты.

- Үйгө киргиле, – деди Зууранын атасы жанагы тууганына кол сунуп жатып. – Кандай барып келдиңер, үйгө киргиле, тамак даяр, жүктү тамак ичип алып түшүрөбүз.

Зуура айланага суктанып карады. Тоо этегинде жайгашкан үй, огороту чоң, абасы таза, айланасы кооз жер экен. Жакшы эле жер экен, деп суктанып тиктеп турду. Сиңдилери биринен бири талашып эжесине айылын тааныштыра кетишти.

Зуура ушул шаарда ПТУга кирип окуп калды. Күндөр өтө берди. Шакирди көргүсү келет. Жолугушкан күндөрүн эстейт, эңсейт. Кээ бир күнү жатаарда түшүнө киришин тилеп жатчу да болду. Өмүралыга эмне деп кат жазарын билбей жүрдү, эмне дейт жигитке кат

жазып көрбөгөн кыз, канча аракет кылса да ручка кагаз колго алганда уялып, сүрдөп кайра жыйнап коюп жүрдү. Бирөө жолугуп калса берип коём, болбосо дарбыз сатып келип калса өзүм деле базардан көрүп калам, деп ойлоп коёт.

***

Жайдын ысык күндөрү башталды. Училищада окугандарды Заводко практикага жөнөткөн. Зуура да Заводдо иштеп жүрөт, эки-үч күнгө жооп сурап үйдөгү иштерге жардам берип жүрдү. Бүгүн үчүнчү күн эле, апасы Зуурага акча берип, эмне керек экенин тизмелеп айтып базарга жиберди. Зуура базарга жөнөдү.

***

Шакир борбордон үйүнө келгенде апалары алдынан тосуп чыгышты, бир туугандары, эже, жезделери, жээндери аке-эжелери, тагалары, авалары баары үйдө экен, телеграмма келээри менен атасы барын чогултуп, күтүп отурган эле, короодо чоң кой маарап байлануу турган.

- Кел, кел балам, дипломуң кут болсун! – атасы кучактап көрүштү.

- Рахмат ата! - Айланасын ороп калган туугандары да кучактап жатышты, аңгыча акеси:

- Ой Шакир көрсөтчү дипломуңду көрөйүн, – десе апасы:

- Шашпай коё турчу, үйгө кирсин. Суу, кокуй суу алып чыккыла! Суу айлантып коёюн, – деп колун сунуп, келиндерине карады. Ары жактан бир келини суу узатты.

- Байке мынаңыз ушул дипломаттын ичинде деп колундагы кара дипломатты агасына сунду. Агасы дипломатты алып ача кетти.

- Оо айланайын эңкейчи, – деп сууну Шакирдин башынан айландырды апасы.

- Балакетиңдин баары ушул суу менен кетсин, кана түкүрүп койчу. – Түкүргөн соң:

- Эми артыңа карабай үйгө кир, – деди апасы. Баласы кирип кеткенде, чыныдагы сууну чачып жиберип, идишин дарбазанын сыртына көмөрүп ичкери кирди. Дасторкон жасалган, үйдүн ичи бака-шака тамаша күлкү.

- Ой биз деле көрөлү, дипломун бери узатчы?

- Көрүмдүгүн даярдап койгула, анан көрсөтөмүн. - Болот көрүмдүк, биринчи көрөлүчү. Шакир күлө карап отурганы менен ойу баш-

ка жакта. Өмүралы жокко, эмнеге келбеди экен же менин келеримди билбейби? Жолдо ойлогон оюн эстеди: Зуурага барыш керек, аны алып келем ошондо гана ал менин сүйүүмө ишенет, – деди өзүнчө. Чай ичилип бүттү, атасы койду сойдурмак болгондо Шакир токтотту:

- Ата Өмүралылырга кабар бердиңерби?

- Жок ал жакка жетишпедик.

- Азыр койду сойбоң.

- Эмнеге?

- Мен сүйлөшкөн кызымды алып келем, анан сойосуз.

- Качан?

- Бүгүн. Өмөккө барып ошонун машинасы менен алып келем.

- Мейли, бирок менен эки коён атабыз, – дешти туугандары.

Шакир жолго чыгып машина тосту да тез эле Өмүралыга жетти. Ал үйдө экен, аны менен сүйлөшүп оюндагысын айтканда Зууранын адреси, жок кантип табабыз? – деди.

- Табабыз, шаар кичине, издесек табабыз, -деди Шакир. Экөө Өмөктүн атасынан сурап, «Масквичти» минип зуулдап Зуура жашаган шаарга жетишти. Бүгүн үчүнчү күн шаардын көчөсү калбады. Танца площадка, киноклуб, училища, институт. Заводдордун эшиктерин үч күн, үч түн андып издеп таппады. Зууранын карааны көрүнбөдү, же сиңдиси көрүнүп калсачы, кимден сурайт. Баштары катып базарга келип машинаны токтотуп Шакенге келишти. Шакенге базарга келип калса сөзсүз адресин билип ал деген эле.

- Шакен, келдиби?

- Жок.

- Ушул шаарга көчүп келген беле?

- Ооба, мен өзүм сурагам, – деди Өмүралы.

- Анан эмнеге таппайбыз, чөп арасынан ийне издегендей эле болдук ко.

- Таппадык кете берелик.

- Жок. Дагы кай жери калды, биз издебеген.

- Калбады го кете берели – деди Өмөк.

- Жок бүгүн да издейли!

- Ой Шакир сени да күтүп атышат, мени да. Агоротто иш көп, атам да ачууланып жаткандыр.

- Өмөк дагы издейличи.

- Кайдан?

- Билбейм...

- Кой сага койсом айлап жылдап издейсиң. Кеттик! Тагдыр кошпогон соң кантип кошуласың?

- Мен табышым керек, түшүнчү мени.

- Сени түшүнүп турам, бирок колумдан келбейт, аны таап бериш, сен да мени түшүн, агорот өлөт биз жүрө берсек.

- Кой олтур машинага, – деди буйрук менен

- Өмөк!..

- Жок, ашык бир минут тура албайм.

- Бүгүн кечке издейли, анан болбосо мейли.

- Жок. Кайдан издейсиң?

- Жок дегенде ушул базардан, бул жерге эл көп келет эмеспи, үч күндөн бери үйүнөн чыкпаса да бүгүн чыгар, продукта керек болбойт дейсиңби?

- Ой аның айылдап кеткен же катуу ооруп төшөктө жаткан.

- Койчу оорубасын, анда больницадан сураштыралы.

- Жок. отур машинага болбосо өзүм кете берем. Шакир айланадагы эл арасын жалдырай тиктеди. Тигине, жок ал эмес Кайдасың Зуурам, көрүнчү, – деп ичинен сыздайт.

- Бол дейм, отурбайсыңбы? Же... Өмүралы машинага отуруп моторун от алдырды. Шакир машинанын эшигин көңүлсүз ачты көрүнүп калабы деп дагы эл ичин башын көтөрүп, мойнун созуп кыдырата карады, жок. Жүрөгү кысылып, көкүрөгү ысып тамагын, бир деме бууп алгансып аба жетпей, көзү тунарып, көзүнөн ысык жаш шорголоп, жүзүн жууп ылдый акты.

- Отур! – буйрук берди Өмүралы. Шакир бир бутун ичкери киргизип отургучка отурар-отурбас кайра ыргып туруп эл аралата көз чаптырды, эми көзүн жаш баскандыктан айлана бозоруп жакын турган адамдардын да өңү таанылбай калды. Аргасыз боюн машинага таштап эшикти тарс дедирте жапты да башын ылдый таштады. Сырттан караган адамга Шакир көрүнбөй калды. Машинада Өмүралы гана бараткандай эле.

Зуура базарга кирип келди эмнегедир жүрөгү туйлап жатты. Өзү түшүнбөй токтотууга аракет жасайт, болбоду. Ал базар аралап картошка, пияздын бааларын сурап тандап жүрдү, алган жок. Бир сыйра кыдырайын анан алып кетейин деди өзүнчө.

- Зуура-аа – деп өзүн чакырган тааныш үн угулду, эки жагын карап бүтпөй кайра ошол үн атын атады. Анделек саткан жакты ка-

рады, кимдир бирөө кол булгалап чакырды. Жакыныраак барганда, Шакен деди ичинен. Жетип барып жылмая кол сунду.

- Жакшысыңбы, соода болуп жатабы?

- Рахмат, өзүң кайдан?

- Үйдөн эле, продуктага келгем.

- Туу десе!

- Эмне болуп кетти?

- Бир саат эртерээк келсең болбойт беле.

- Эмнеге?

- Шакир акем, Өмүралы акемдер сени үч күн издеп отуз-кырк мүнөт мурда кетип калбадыбы. Шакир акем бүгүнчө дагы издейли деген, жүрөгү сезген экен, кайран Шакир акем. Өмүралы акем көнбөй алып кетти. Зууранын кулагы тунуп чыңылдай баштады, мээси ысып көкүрөгү күйүп, жүрөгү кысылды. Ал Шакендин сүйлөп жатканын укпады. Аба жетишпей тамагы кургап, көзүнөн жаш куюлуп ылдый көздөй шорголоду, жаш эмес кан куюлуп жатты. Жүрөгү жарылып кетчүдөй ооруп чыкты, эмнеге келгенин унутуп, эл аралап баратты. Кайда баратат өзү билбейт. Кыялында Шакирлер кеткен машинаны кубалап жетпей, артынан «Шакир!» деп кыйкырып баратты. Бул эмнеси, оо, Жараткан, сен ушундай таш боор белең? Эмнеге, эмнеге мени сүйгөнүмө жолуктурбай койдуң?.. Зуура артынан жеткиси келди, бирок кайда, кайда барат? Шакир кай жерде кайсыл көчөдө жашайт, адресин билбейт да ушунча жолугуп бир ооз сураган эмес. Зуура үчүн азыр кең дүйнө тар, жарык дүйнө караңгы, мындан ары жашоо жоктой сезилди. Кусалык түшүнүксүз сезим. Жүрөгүн, көкүрөгүн оорутуп баратты. Чоң жол кыз кайда бaратканын билбейт, тез-тез баскан кадамы кимдир бирөөнү кууп жеткиси келгендей, же кимдир бирөөгө жеткирбей качып бараткандай сезилет.

200-00

# *Мазмуну*


**Жетимишинчи жылдардын илеби** . . . . . 3

**ЫРЛАР**

Тагдыр. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 6
Кыргыз көнгөн тоо-ташка . . . . . . . . . . . . . . 6
Ар бир жанга келет өлүм кезеги . . . . . . . . . 7
Кимде күнөө . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 7
Оо турмуш, татаал белең . . . . . . . . . . . . . . 8
Акыйкат . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 9
Абышкалар . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 10
Болсун. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 11
Кара-Көлүм . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 12
Мекеним . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 13
Тагдыр, мени аябадың. . . . . . . . . . . . . . . 14
Аралап учуп барам аппак карды . . . . . . . 15
Кош бол жаштыгым . . . . . . . . . . . . . . . . . 16
Баш ийээрсиң тагдырга, Сужетта . . . . . . 17
Тагдырым тайкы беле? . . . . . . . . . . . . . . 18
Бейтааныш жигитке. . . . . . . . . . . . . . . . . 19
Түн болду менин сырдашым. . . . . . . . . . . 20
Алдангам убадаңа . . . . . . . . . . . . . . . . . . 21
Классташтар. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 22
Кут болсун 50 жашыңыз . . . . . . . . . . . . . 23
Жүрчү мени унутпай . . . . . . . . . . . . . . . . 24
Жигитке. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 25
Махабатым издеп келем . . . . . . . . . . . . . 26
Арабызда бирөө бар . . . . . . . . . . . . . . . . 27
Өлбөс менин жоругум . . . . . . . . . . . . . . . 28
Жаз келди . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 29
Оңолобу шаарыбыз. . . . . . . . . . . . . . . . . 30
Гүл ордуна сунайын! . . . . . . . . . . . . . . . . 31
Жалган дүйнө. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 32
Бир адам жолдо келет жалгыз басып. . . . 33
Сен болсоң. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 34
Баары жалган. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 35
Ак сүйүүмдү алдадың . . . . . . . . . . . . . . . 36
Махабаттын кызыл гүлү . . . . . . . . . . . . . 37
Алкыш айтам . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 38
Таш боор белең . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 39
Кыздарым. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 40
Бакыт менмин сен издеген . . . . . . . . . . . 41
Неге ичет аракты . . . . . . . . . . . . . . . . . . 42
Жашагын сен адашпай . . . . . . . . . . . . . . 43
Кармашсын бакыт кушун. . . . . . . . . . . . . 44
Эки жаш . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 45
Кыргызымдын тоолору . . . . . . . . . . . . . . 46
Жаңы жылым . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 47
Сүйүү барбы, ким билет . . . . . . . . . . . . . 48
Болчу өзүң дартка дабаа. . . . . . . . . . . . . 49
Жалгыздык . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 50
Супер МАЗдар . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 51
Кырк жашыңыз кут болсун . . . . . . . . . . . 52
Бүгүнкүдөй эсимде. . . . . . . . . . . . . . . . . 53
Кордобо ак сүйүүнү! . . . . . . . . . . . . . . . . 54
Кусалык. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 55
Бекем болсун убадаң. . . . . . . . . . . . . . . . 56
Жолун издеп табамын . . . . . . . . . . . . . . . 57
Өгөй эне арманы . . . . . . . . . . . . . . . . . . 58
Өкүнбөс бол суранам . . . . . . . . . . . . . . . 59
Супер спонсор . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 60
Орун ал сен бейиштен. . . . . . . . . . . . . . . 61
Керемет жайлоо төрүндө . . . . . . . . . . . . 62
Сен аялсың. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 63
Аяшым десем болобу . . . . . . . . . . . . . . . 64
Бейиштен сен орун ал! . . . . . . . . . . . . . . 65
Баккан эне арманы . . . . . . . . . . . . . . . . . 68
Апакем . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 71
Азаматтар. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 72
Биз беребиз ал чыракты . . . . . . . . . . . . . 73
Ийгиликтин жолунда . . . . . . . . . . . . . . . 74
Эркиндик . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 76
«Тяньши» . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 77
Элиңди сакта! . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 78
Уулум Курманбекке . . . . . . . . . . . . . . . . 79
Сиңдим Салияга . . . . . . . . . . . . . . . . . . 80

**АҢГЕМЕЛЕР**

Эки жүрөктү кошкон дарбыз . . . . . . . . . . 82
Жоопсуз калган махабат . . . . . . . . . . . . 100
Үч сыр . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 144
Достук сыноо . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 149
Сүйүү, достук жана чыккынчылык . . . . . 154



*Жалал-Абаддагы жеке басмаканада басылды.*
*Нускасы 200 даана. Токтогул көчөсү, 20-3.*

